Жума,
2026-жылдын
9-октябры
№76 (3836)

Эркин-Тоо

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

www.erkin-too.kg

БИРДИКТҮҮ ЭЛЕКТРОНДУК СООДА АЯНТЧАСЫН ТҮЗҮҮ ДЕМИЛГЕЛЕНДИ



Аваз шаарында Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров Түркмөнстандын Президенти Сердар Бердымухамедов менен жолугушту.

Жолугушууда мамлекет башчылары кыргыз-түркмөн мамилелеринин учурдагы абалын жана аларды мындан ары өнүктүрүүнүн келечегин талкуулашты. Тараптар, эки өлкөнүн ортосундагы мамилелердин достук, бир туугандык жана стратегиялык мүнөзгө ээ экенин белгилешти. Сүйлөшүүлөрдө соода-экономикалык жана энергетика тармактарындагы кызматташтыкты кеңейтүү, транспорттук-логистикалык байланыштарды өнүктүрүү жана эки өлкөнүн ортосундагы экономикалык алакаларды активдештирүү маселелери каралды.

Президент Садыр Жапаров жетишилген макулдашуулар кыргыз-түркмөн кызматташтыгына жаңы дем берип, эки тараптуу мамилелерди мындан ары бекемдөөгө жана өз ара пайдалуу долбоорлорду ишке ашырууга өбөлгө болоруна ишенимин билдирди.

Ошондой эле, иш сапардын жүрүшүндө Садыр Жапаров “Аваза” комплексинде өткөн Борбордук Азия мамлекеттеринин жана Азербайжандын мамлекет башчыларынын Консультативдик жолугушуусунун сегизинчи жыйынына катышты. Жыйында, Президент аймактагы практикалык кызматташтыкты күчөтүү боюнча бир катар сунуштарды билдирди. Атап айтканда, өнөр жай кооперациясын өнүктүрүү, биргелешкен долбоорлорду ишке ашыруу жана Борбордук Азия менен Азербайжан үчүн бирдиктүү электрондук соода аянтчасын түзүү демилгесин көтөрдү. Мындан тышкары, “Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан” темир жолунун маанисин белгилеп, транспорттук байланыштарды кеңейтүү, жеткирүү чыгымдарын жана убактысын кыскартуу зарылдыгын, мөңгүлөрдү жана тоо экосистемаларын сактоо, туризм тармагындагы кызматташтыкты өнүктүрүү боюнча сунуштарын билдирди.

КЛИМАТТЫК ТУРУКТУУЛУК ЖАНА ЖАРАТЫЛЫШТЫ КОРГОО МААНИЛҮҮ

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары – Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министри Эрлист Акунбеков Климат жана айлана-чөйрөнү коргоо боюнча улуттук диалогдо сөз сүйлөдү.

Ал климаттык туруктуулук жана жаратылышты коргоо Кыргызстандын улуттук өнүктүрүү саясатынын маанилүү бөлүгү экенин белгиледи. Мөңгүлөрдүн абалы суу ресурстарына, айыл чарба жана энергетиканын мүмкүнчүлүктөрүнө, ал эми жер жана жайыттардын абалы азык-түлүк коопсуздугуна жана айыл жериндеги калктын кирешесине түздөн-түз таасир этерин айтты.

Эрлист Акунбеков Кыргызстандын тоолуу өлкө катары эл аралык күн тартибиндеги ордуна токтолуп, Президент Садыр Жапаровдун демилгеси менен тоолуу аймактарды өнүктүрүү маселелери ырааттуу илгерилетилип жатканын кошумчалады. Ошондой эле, 2027-жылы Бишкекте “Бишкек+25” экинчи Глобалдык тоо саммити өтөрүн айтып, климат, мөңгүлөр, суу, биологиялык ар түрдүүлүк, азык-түлүк коопсуздугу жана туруктуу өнүгүү маселелерин бирдиктүү күн тартибинде кароо маанилүү экенин билдирди. Иш-чара Климат жана жаратылыш боюнча улуттук жумалыктын жыйынтыгына жана эл аралык конференцияларга карата Кыргызстандын позициясын даярдоого арналды.



"Эркин-Тоо" пресс

Урматтуу окурмандар!

Онлайн форматтагы “Эркин-Тоо” мамлекеттик расмий гезитине жазылуу жүрүп жатат.

Толук маалымат алуу үчүн төмөнкү шилтемеге кириңиз:

erkin-too.kg/podpiska

КЛИНИКАЛЫК ООРУКАНА 80 ЖЫЛДЫГЫН БЕЛГИЛЕДИ

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев Президенттин Иш башкармалыгынын Клиникалык ооруканасынын 80 жылдыгына арналган салтанаттуу иш-чарага катышты.



Ал мекеменин улуттук саламаттык сактоо системасынын өнүгүшүнө кошкон салымын белгилеп, бир нече муун дарыгерлердин кесипкөйлүгүн жана эмгегин жогору баалады. Клиникалык ооруканада күчтүү кесиптик мектеп калыптанып, медицинанын алдыңкы багыттары жана заманбап дарылоо ыкмалары өнүккөнүн айтты.

Адылбек Касымалиевдин маалыматына ылайык, 2021-жылдан бери ооруканандын материалдык-техникалык базасын жаңыртуу жана заманбап медициналык жабдуулар менен камсыздоо боюнча иштер жүргүзүлүүдө. Ошондой эле, Президент Садыр Жапаровдун тапшырмасы менен жакынкы жылдары жаңы заманбап 12 кабаттуу медициналык корпус куруу пландалып жатканын айтты. Соңунда Адылбек Касымалиев медицина кызматкерлерине талыкпас эмгеги үчүн ыраазычылык билдирип, жамаатка бекем ден соолук, кесиптик ийгиликтерди жана мындан аркы өнүгүүнү каалады.

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

ЭЛ ӨКҮЛҮ ЭМНЕ ДЕЙТ?

Жогорку Кеңештин депутаты Сүйүнбек ӨМҮРЗАКОВ:

“БИШКЕК ШААРЫНА МЕТРО КУРБАСА БОЛБОЙ КАЛДЫ...”



Бишкекти каптаган “улуу” тыгын (транспорттук коллапс) жакында парламенттин трибунасынан да көтөрүлүп, баш калаага тезинен метро куруу зарылдыгын эл өкүлү Сүйүнбек Өмүрзаков көтөрүп чыкты. Шаардагы унаа тыгыны тууралуу улам бир идея, сунуштар байма-бай көтөрүлүп жаткан чакта, метро куруу канчалык деңгээлде жүйөлүү? Аны курууну өлкө экономикасы көтөрө алабы? Мындай соболдор менен идеянын авторун азын-оолак кепке тарттык.

- Сүйүн Абдылдаевич, транспорттук коллапска кептелген Бишкек шаарына метро куруу зарылдыгы канчалык деңгээлде негиздүү деп эсептейсиз?..

- Бүгүн, "Бишкек үчүн метро маселесин кароо зарылчылыгы бар" деп толук кандуу айтууга болот. Себеби, учурда Бишкек шаарындагы калктын санынын өсүшү, унаалардын эсепсиз чекте көбөйүшү жана транспорттук тыгындардын күчөшү, метро маселесин олуттуу карап чыгууну талап кылууда. Метро чоң жүргүнчү агымын үзгүлтүксүз ташууга мүмкүнчүлүк бергендиктен, шаардагы транспорттук жүктөмдү азайтуунун узак мөөнөттүү чечимдеринин бири болушу мүмкүн. Албетте, метро куруу — өтө ири инвестицияны, узак убакытты жана олуттуу техникалык даярдыкты талап кылган ири долбоор. Ошондуктан, аны куруу чечими эмоцияга эмес, адистердин эсеп-кысабына таянышы керек. Тагыраагы, жүргүнчүлөрдүн күнүмдүк агымы, курулуштун наркы, каржылоо булактары, эксплуатациялык чыгымдар жана метро кайсы багыттарда реалдуу транспорттук көйгөйдү чече алары комплекстүү изилденүүгө тийиш. Ошондуктан, аны дароо куруу эмес, жүргүнчүлөрдүн агымы, чыгымы, каржылоо мүмкүнчүлүгү жана башка транспорттук чечимдер менен салыштырып, такталган эсеп-кысаптын негизинде чечүү туура. Буга удаа автобустарды жаңылоо, коомдук транспорт үчүн өзүнчө тилкелерди көбөйтүү, жол кыймылын интеллектуалдык башкаруу жана шаардык инфраструктураны жакшыртуу сыяктуу чаралар да токтотулбашы керек. Метро куруу маселесин дал ушул жалпы транспорттук стратегиянын алкагында карап, экономикалык жана социалдык жактан негиздүү чечим кабыл алуу туура деп эсептейм.

- Шаардагы жеке унааларга карата балким бирдиктүү эреже керек эмеспи? Маселен, шаар тургундары үчүн жеке унааларын дем алыш күндөрү гана айдоого уруксат берилсе, иш күндөрү коомдук транспортту гана пайдалануга милдеттендирилсе, айрыкча мамлекеттик кызматкерлер да бул эрежеге баш ийдирисе, шаарыбыз ашыкча автотранспорттук жүктөн арылат беле?

- Жеке унааларды дем алыш күндөрү гана колдонууга милдеттендирүү тыгынды азайтканы менен мындай чектөө жарандардын күнүмдүк жашоосуна жана ишине олуттуу таасирин тийгизиши мүмкүн. Ошондуктан, муну дароо милдеттүү тартипте киргизүү туура эмес. Адегенде, коомдук транспортту ыңгайлуу, тез жана жеткиликтүү кылып, андан кийин унаа кыймылын чектөөнүн механизмдерин коомчулук менен талкуулап көрүү зарыл. Эң негизгиси, жарандар, шаар тургундары, мектеп окуучулары, студенттер жана туристтер үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлүшү керек. Мындай маселелерди кылдат карап, коомдук талкуу аркылуу көпчүлүктүн сунуштарын эске алуу менен чечим кабыл албаса болбойт.

- Дүйнөдөгү ири шаарлардын унаа тыгындарын чечүүдөгү кандай ыкмаларын биздин шаар бийлигине сунуштар элеңиз?

- Дүйнөнүн ири шаарларынын тажрыйбасынан биз үчүн эң маанилүүсү — коомдук транспортту биринчи орунга чыгаруу тажрыйбасы деп ойлойм. Себеби, шаар ичинде коомдук транспорт элди күттүрбөй, белгилүү убакытта үзгүлтүксүз каттап, болжолдогон жерге өз убагында жүргүнчүлөрдү жеткирүүнү камсыз кылса, жүргүнчүлөрдө ишеним пайда болот, жумушка, окууга кечикпей, өз убагында жетишет. Бишкек шаарында автобустардын санын көбөйтүү, өзүнчө тилкелерди кеңейтүү, жол кыймылын акылдуу башкаруу жана унаа токтотуучу жайларды туура уюштуруу зарыл. Баш калаага кирген унаалардын агымын азайтуу үчүн шаар четиндеги унаа токтотуучу жайларды өнүктүрүү керек. Менин оюмча, бир гана метро же жол куруу эмес, ушул чараларды комплекстүү жүргүзүү тыгын маселесин чечүүгө көбүрөөк жардам берет. Мындай маселелер менен тиешелүү кызматтар тезирээк алпурушпаса, Бишкек шаарында унаа тыгыны айласыз абалга кептелип калды.

Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУНУН СУЗАК РАЙОНУНУН КӨК-АРТ АЙЫЛ АЙМАГЫНДА ЖАЙГАШКАН ЖЕР ТИЛКЕСИН «АЙЫЛ ЧАРБА БАГЫТЫНДАГЫ ЖЕРЛЕР» КАТЕГОРИЯСЫНАН «КАЛКТУУ КОНУШТАРДЫН ЖЕРЛЕРИ» КАТЕГОРИЯСЫНА КОТОРУУ (ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО) ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад облусунун Сузак районунун Көк-Арт айыл аймагында жайгашкан «Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан» темир жолун куруу зонасына туура келген турак үйлөрдү которуу максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2026-жылдын 24-сентябрындагы №04-01/7600 корутундусун, Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад облусунун Сузак районунун мамлекеттик администрациясынын 2026-жылдын 12-июнундагы №82, 2026-жылдын 22-сентябрындагы №127 токтомдорун көңүлгө алып, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесинин 13-пунктуна, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Мамлекеттик менчикте турган жана Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад облусунун Сузак районунун Көк-Арт айыл аймагында №3752 (1,20 га), №4872 (6,20 га) жана №784 (6,88 га) контурларда жайгашкан жалпы аянты 14,28 га кайрак айдоо жер тилкелери «Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан» темир жолун куруу зонасына туура келген турак үйлөрдү которуу максатында «Айыл чарба багытындагы жерлер» категориясынан «Калктуу конуштардын жерлери» категориясына которулсун (трансформациялансын).

2. Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад облусунун Сузак районунун мамлекеттик администрациясы төмөнкүлөрдү камсыз кылсын:

1) жерди эсепке алуу документтерине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;

2) курулуш ченемдерин жана эрежелерин так сактоо менен Кыргыз Республикасынын шаар куруу жана архитектура жаатындагы мыйзамдарына ылайык ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкелеринин шаар куруу документтерин иштеп чыгууну жана бекитүүнү;

3) ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкелерин максаттуу багыты боюнча пайдаланууну;

4) жамгырдын жана эриген кардын сууларын коопсуз буруу системасынын иштөөсүн, башы планды иштеп чыгууда жер титирөөгө каршы иш-чараларды жүргүзүүнү, ошондой эле тиешелүү аймакта кооптуу процесстерге жана кубулуштарга мониторинг жүргүзүү, болжолдоо боюнча колдонмону сактоону;

5) жергиликтүү бюджеттин, жергиликтүү жамааттын жана жер тилкелеринин менчик ээлеринин каражаттарынын эсебинен аймактын инфраструктурасынын, жашоо-тиричилигин камсыз кылуу системасынын иштөөсүн жана өнүгүүсүн жана социалдык-экономикалык өнүктүрүүнү уюштурууну;

6) ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкелери пайдаланылбаган же максаттуу багыты боюнча пайдаланылбаган учурда аларды баштапкы абалга келтирүүнү караган чараларды көрүүнү;

7) ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкелеринде тарыхый-маданий мурас объекттери табылган учурда аларды күтүүнү жана коргоону, казууларды жана курулуш иштерин жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жөнүндө мыйзамдарына ылайык археологиялык көзөмөлдөө үчүн адис археологду тартууну;

8) «Автомобиль жолдору жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык автомобиль жолуна бөлүнгөн тилкени сактоону;

9) Кыргыз Республикасынын айлана-чөйрөнү коргоо жана санитардык-эпидемиологиялык бейпилдик жаатындагы мыйзамдарына ылайык чарбалык жана башка ишти жүзөгө ашырууда экологиялык жана санитардык-эпидемиологиялык талаптарды аткарууну;

10) жарандык коргонуу жаатындагы ченемдик укуктук актылардын талаптарын сактоону.

3. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын
Министрлер Кабинетинин Төрагасы **А.КАСЫМАЛИЕВ**

Бишкек ш., 2026-жылдын 8-октябры, №682

БАТИР ИЖАРА РЫНОГУНА КӨЗӨМӨЛ КҮЧӨТҮЛӨТ

Кыргызстанда турак жайларды ижарага берүү жана суткалап ижарага берүү иштери бир нукка түшүп, батирлердин реестри да түзүлө элек. Андыктан, турак жайды суткалап ижарага берүү рыногуна көзөмөл күчөтүлгөнү турат. Долбоордун алкагында, жылдын аягына чейин атайын электрондук реестр түзүү пландалууда. Бул тууралуу Министрлер Кабинети билдирди. Маалыматка ылайык, электрондук реестр Мамлекеттик салык кызматынын маалыматтар базасы менен интеграцияланат. Долбоордун негизги максаты - турак жайды ижарага берүү тармагындагы көмүскө рынокту аныктап, аны ачык-айкын жүргүзүүгө шарт түзүү.

МҮЛКҮҢДҮН БАР ЖОГУНА КАРАБАЙ...

Буга чейин өлкөдө үй-бүлөнүн атында үй, унаа же башка мүлктүн болушу «үй-бүлөгө көмөк» жөлөк пулун берүүдөн баш тартууга негиз болгон учурлар кездешкен эми бул норма иштебей калышы ыктымал. Анткени, тиешелүү мыйзам долбоорун Жогорку Кеңештин депутаты Улан Примов демилгелеп, коомдук талкууга чыгарды. Долбоорго ылайык, эгер үй-бүлөгө таандык мүлк киреше алып келбесе жана анын болушу үй-бүлөнүн материалдык жактан жетиштүү камсыз болгонун билдирбесе, мүлктүн бар экендиги жөлөк пул берүүдөн баш тартуунун жалгыз себеби катары каралбайт. Мында, үй-бүлөнүн муктаждыгы ар бир мүчөгө туура келген жалпы кирешеси жана материалдык абалын объективдүү мүнөздөгөн башка жагдайлар эске алынуу менен аныкталат. Ошондой эле мал-жандыктарды эсепке алуу тартибин өзгөртүү сунушталууда. Малдын саны өзүнчө критерий катары эмес, үй-бүлөнүн айыл чарбасынан алган реалдуу кирешеси менен бирге каралат. Мал-жандыктарды эсепке алуунун так критерийлери жана тартиби Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат. Демилгечинин айтымында, өзгөртүүлөрдүн негизги максаты — «үй-бүлөгө көмөк» жөлөк пулуна чындап муктаж үй-бүлөлөрдүн материалдык абалын туура жана калыс баалоо.

"Эркин-Тоо" пресс

УЧУР МАСЕЛЕСИ



Сокулук райондук сотунун төрагасы Абдуразак БОРОМБАЕВ:

“МЫЙЗАМДЫ СЫЙЛОО – АР БИРИБИЗДИН МИЛДЕТИБИЗ”

Боромбаев Абдуразак Эсентаевич 1965-жылдын 7-октябрында Талас облусунун мурунку Киров, азыркы Айтматов районунун Үч-Булак айылында туулган. Киров айылындагы орто мектепти 1982-жылы бүтүрүп, алгачкы эмгек жолун колхоздун өндүрүштүк бригадасында баштап, жумушчулук кесиптин босогосун аттайт. Эр жигит үчүн Мекенди сүйүүдөн өткөн милдет болбос. 1982-1985-жылдары Москва облусунун Красногорск шаарында Советтик армиянын катарында жоокердик парзын өтөйт. Мына ушул советтик жоокердик турмуштун темирдей тартиби, бийик жоопкерчилиги Абдуразак Эсентаевичти бышырып, болочок кесибине болгон сүйүүсүн ойготкон десек, эч жаңылыштык эмес. Ырас эле 1986-жылы Казакстандын Караганда шаарындагы СССРдин жогорку милиция мектебине өтүп, 1990-жылы аяктап, андан соң милицияда тергөөчү, тергөө бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп, такшалуу кайтарымын берди. 1995-жылы прокуратура органына кирип, Талас облустук прокуратурасында тергөө боюнча облустук прокуратуранын жардамчысы кызматында эмгектенип, иштери илгерилеп, бөлүм башчылыкка жетти. Жемиштүү мээнет, аракет текке кетпейт эмеспи. 2001-жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы менен Бишкек гарнизонунун Аскер сотунун судьясы болуп дайындалды. 2010-жылы борбор шаарыбыздын Биринчи май райондук сотунун судьясы кызматына келди. Мына ушундан улам жогорулап отуруу, албетте ишке болгон ишенимдин тиреги. Адилеттикти туу кылган бул тармакта тайып кеткендер да болот. Андыктан, ак иштөө гана акыбетин берет. Бул жагынан алганда, чейрек кылымга тете сот адилеттигин туу тутуп келген Абдуразак Эсентаевич беделин бекемдеди. Не бир татаал сот процесстерин айтып отурсак, албетте сөз узак. Учурда Чүй облусунун Сокулук райондук сотунун төрагасы болуп иштеп жатат. Адилеттик жана акыйкаттык айтканга оңой болгону менен иш жүзүндө орундатуу татаал. Демек, жооптуу иштин өтөсүнө чыгуу чындыкты талап кылат. Чындыктын чырагына май тамызган Абдуразак Эсентаевичтей тажрыйбалуу кадрларга ар убак муктажбыз. Жооптуу иштеги эмгек, мээнет ар дайым даңазаланып турууга тийиш. Мамлекеттик сый-урматтар эсин эбак тапкан. Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ардак грамотасы менен сыйланган. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун, Кыргыз Республикасынын УКМКнын, Башкы прокуратуранын, ИИМдин, Юстиция министрлигинин Ардак грамоталары жана медалдары менен сыйланган. Сый артынан сый келери эзелтен элге белгилүү. Абдуразак Эсентаевич агайын-тууган, үй-бүлөсүнө, жакындарына ар дайым камкордук менен мамиле жасайт. Келинчеги Лира жакшы жар, бактылуу эне. 3 кыз, 3 уулду эрезеге жеткиришти. Ынтымак бар, ырыс бар. Лира ишкерлик менен шугулданып, талыкпай иштеп келатат.

- Абдуразак Эсентаевич, быйыл бардык аймактарда эл менен болгон жолугушуулар өтүп, адилеттик издегендердин да үнү жаңырып жатты. Айыптуунун ак жана карасына акыркы чекитти сиздер коёсуздар. Элдин ишенимин канткенде бекемдейбиз? Карапайым калктын укугун коргоо жаатында жагымдуу жаңылыктарыңыздар барбы?

- Элдин сотторго болгон ишенимин жакшыртуу максатында соттук реформалар болуп келүүдө. Айталык, 2022-жылкы жүргүзүлгөн соттук реформага байланыштуу сотторду ротациялоо кыймылы жанданды. Бир жерде узак туруп калуу чынында эле таанып жана билиштикке из салат белем. Аталган реформага ылайык Сокулук райондук сотунда республиканын ар кайсы региондорунан которулуп келген судьялар иштешүүдө. Мындай кадрдык ротациялар бардык тармактарыбызда негизинен орун алды. Албетте, мындай жүрүштөр кемчиликтерге жол бербөө максатында жасалды. Жемкорлук жана паракорлук менен күрөшүү малекеттик деңгээлде көтөрүлө баштады. Жооптуу кызматты жетектеген жетекчилердин жоопкерчилиги жогорулап, кадр жагынан тазалануу оң натыйжасын бере баштады.

Оболу, райондук соттун тутумуна токтолуп кетейин. 11 судья эмгектенет. Ар бирибиз эл алдындагы милдетибизди жакшы билебиз. Негизинен, тагылган талаптарды түз аткарышып, сот процесстеринин саатын мыйзам чегинде чыгарышууда. Биз үчүн мыйзамды сыйлоодон артык парз болбойт.

Кийинки жылдары жер административдик реформалар уюшкандыкта аягына чыкты. Бизден 3 айыл аймак борбор шаарыбызга карап калды. Калган айыл аймактары бириктирилди. 9 айыл аймагы жана Шопоков шаарыбыз бар. Болжол менен элдин саны 250000ден ашат. Элдин санына жараша райондук сотко түшкөн арыз, даттануулардын, жарандык жана кылмыш иштердин саны көп.

Сөзүбүз кургак болбосун, мисал келтирейин. Өткөн жылы жалпысынан 7543 жарандык, административдик, кылмыш иштер жана арыз, даттануулар каралган. Бул иштердин ичинен басымдуусу же 60% дан ашыгы жарандык иштер болуп саналат. Айталык жер, үй-мүлк боюнча талаштар, бөлүшүү, юридикалык фактыны аныктоо, ажырашуу, алимент, карыздарды өндүрүү жана башка иштер арбын.

Мына ушул жерден белгилеп кетейин, өткөн эл менен болгон кечээги жолугушууларда турак жайга болгон муктаждык, жер боюнча маселелер курч коюлду. Мыйзамсыз жерлердин чыры али да улануууда. Мисалы, Кожомкул айылында мурдатан айдоо жерлери жер участокторуна бөлүнүп, элге сатылып кеткендиктен жана бүгүн да сатылып жаткандыктан, ушул жерлерге байланыштуу жарандык жана кылмыш иштери көп.

“Чубактын кунундай” чубалган бул иштердин уланып жатканынын бирден-бир себеби, айыл жеринде жашаган жарандардын юридикалык жактан сабатсыздыгы. Андыктан, сотко кайрылууда бир топ кыйынчылыктарды тартышат. Анткени, сотко кайрылуу үчүн тийиштүү иш кагаздарын даярдоого туура келет.

- Абдуразак Эсентаевич, сабаттуулук тууралуу жакшы айттыңыз. “Медиация жөнүндөгү мыйзам иш жүзүндө иштебей жатат” деген сөздүн чындыгы барбы?

- Калк айтса, калп айтпайт эмеспи. Мунун чындыгы бар. Эгер, медиация жөнүндө мыйзам талапка ылайык иштей турган болсо, анда көп иштер медиаторлор аркылуу чечилип, сотко да, башка тараптарга да жеңилдик болмок. Иштин саны да кыскармак. Бул багытта канааттандырарлык иштерди илгерилетип жатышкан коңшу Казакстанды мисал кылып кетсем болот. Ал жакта 40 пайыздан ашуун иштер медиация аркылуу чечилет экен. А бизде тилекке каршы медиатордун ордуна ортомчулар пайда болуп, алар өз кызыкчылыктарына иштешип, көбүнесе жарандар материалдык жактан зыян тартышууда. Андыктан, медиация институтун күчөтүп, анын иштөөсүн камсыз кылышыбыз керек.

- Кылмыштуулук менен күрөшүүдө Аксакалдар сотторунун ролу жогору. Алар менен иштешүү натыйжасын берип жатабы?

- 2024-жылы 19-февралда №52 «Аксакалдар соттору жөнүндө” мыйзам кабыл алынган. Ушул мыйзамдын 39-беренесине ылайык аксакалдар сотторуна методикалык жана консультациялык колдоо көрсөтүү райондук, шаардык сотторго жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга жүктөлгөн.

Аталган мыйзам талабын аткаруу максатында 2024-жылдын 25-апрелинде сот имаратында Аксакалдар сотторунун мүчөлөрүнүн катышуусунда чоң окуу-семинары өткөрүлдү. Аталган мыйзамдын талаптары түшүндүрүлүп, кийинки өткөрүлүүчү практикалык жардамдын иш-планы бекитилген. Мына ушул иш-планга ылайык райондук сотто каралып жаткан талаш-тартыш боюнча жарандык иштердин, ошондой эле денеге залал келтирүү боюнча, анча оор эмес кылмыш иштердин кароосуна катышып, аксакалдар практикалык жардам алышкан. Ошондой эле райондук Аксакалдар сотторунун кеңеши жана кеңештин төрагасы, милициянын ардагер полковниги С. Жумаковдун жетегинде Кожомкул жана Сары-Өзөн айыл өкмөттөрүндө, Шопоков шаарында судьялардын, укук корго органдарынын катышуусунда форум, семинарлар болуп өттү. Аксакалдар соттору терең таасир алышты. Мындай иштиктүү иш-чаралар улана берет. Аксакалдар соту менен байланышыбыз канчалык чыңдалса, ошончолук ооматы болору иш жүзүндө далилденип калды. Элдин Аксакалдар сотуна болгон ишенимдери бекемделүүдө. Эриш-аркак алакабыз, баркыбызды бийиктетип жатат.

- Санариптешүүнүн алкагында жүргүзүп жаткан иштериңиздерден айтып кетсеңиз? Оруңуздарды колдон, жеңилиңиздерди жерден алган заманбап технологиянын артыкчылыгына токтолуп кетүү ашыктык кылбас..

- Санариптешүү кечээги түйшүктөрдү ат чабым артка таштады. Мыйзамдарга өзгөртүүлөр киргизилип жатат. Биз ушул багытта жарандардын сотко болгон кайрылууларын жеңилдетүү максатында санариптешүү мүмкүнчүлүгүн пайдалана баштадык. Кагаз түйшүгү өң тургай, түшкө кирбей калды. Жарандык, кылмыш, административдик иштер, арыз, даттануулар автоматташтырылды. Судьялар бардык ишти автоматташтырылган түрдө таанышат. Баягыдай саргайган кагаздарды бактап олтурмай адат калган. Убакыт текке кетпей, иш ыргагы кадимкидей чыңдалууда. Жарандарды сотко чакыруу, соттук териштирүүнүн орду, күнү, сааты жана жери жарандарга телефондук билдирүүлөр аркылуу жөнөтүлүүдө. Ошондой эле сот иштери боюнча сот жыйналыштарынын видео, үн жазуулары милдеттүү түрдө фиксацияланат. Бул соттук чыгымдарды азайтып, жарандардын сот өндүрүшү тууралуу өз убагында кабардар болушуна жана иштерди өз мөөнөтүндө мыйзам талабына ылайык ачык-айкын кароого жана мыйзамдуу чечим кабыл алууга жардам берет.

Сот тармагында кемчиликтер четтеп, чеки иштер сейректөөдө. Коррупцияга каршы күрөшүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу иш-аракеттери үзгүлтүксүз жүргүзүлүүдө. Жогоруда баса белгилеп кеткенимдей, санариптешүү иштин ачык-айкындыгын камсыз кылууда. Санариптик технологияларды колдонуу жемишин берүүдө. Айталык, соттордун ишин жалпыга маалымдоо каражаттарына, расмий сайттарда чагылдыруу жанданып, пресс-конференциялар толук кандуу жетүүдө. Судьялардын жана сот тутумунун кызматкерлеринин кесиптик ишин иликтөө, жүрүм-турумдарынын тазалыгын сактоо, айталык, коррупцияга каршы моделин жана тиешелүү алгоритмин иштеп чыгуу илгериледи. Сот тутумуна келип түшкөн кайрылууларды, даттанууларды кароо жана талдоо жемишин берүүдө. Ошондой эле сот имараттарын жана залдарды видеокамералар жана башка техникалык заманбап каражаттар менен жабдуу иш-аракеттери илгерилөөдө.

- Абдуразак Эсентаевич, айыл өкмөттөрдүн демилгеси менен биргелешип өткөргөн иш-чаралар коомчулуктун колдоосуна ээ болууда. Ушул багытта сөздү уласак..

- Быйыл май айында Сары-Өзөн айыл өкмөтү тарабынан «Кылмыштуулуктун алдын алуу жана ага каршы күрөшүүдө жергиликтүү коомчулук менен мамлекеттик органдардын өз ара аракеттенүүсү» деген темада 2 укуктук форум болуп өттү.

Келген эл айтылган фактыларга кайдыгер карашпады. Жаш үй-бүлөлөрдүн жан дүйнөсүн козгоду окшобойбу. Форумдун алкагында жаш-карыга айта турган сөздөрүбүздү айтып алдык. Демек, үй-бүлө экинчи мамлекетибиз экенин эстен чыгарбайлык.

Айчүрөк МАКЕШОВА

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити



САЛЫК САЯСАТЫ

КЫРГЫЗБАЙ уулу Алтынбек,
Мамлекеттик салык кызматынын ЭЭА субъекттерин көзөмөлдөө боюнча башкармалыгынын башчысы:

“БИЗДИН ПРИНЦИП – МЫЙЗАМ ЧЕГИНДЕ САЛЫК МИЛДЕТТЕНМЕЛЕРИН ӨЗ УБАГЫНДА АТКАРУУНУ КАМСЫЗ КЫЛУУ”

Кыргыз Республикасында ата мекендик өндүрүштү колдоо, инвестиция тартуу жана ишкерлик үчүн жагымдуу шарттарды түзүү мамлекеттик саясаттын маанилүү багыттарынын бири. Бул багытта өзгөчө режимдеги аймактардын, анын ичинде Бишкек шаарындагы Эркин Экономикалык Аймактардын (ЭЭА) орду өзгөчө. Ушул багытта Мамлекеттик салык кызматынын Бишкек шаарынын ЭЭА субъектерин көзөмөлдөө боюнча башкармалыгынын башчысы Кыргызбай уулу Алтынбек менен ЭЭАдагы салыктык тартип, санариптештирүү, салыктык башкаруу жана карыздарды өндүрүү боюнча жүргүзүлүп жаткан иштер тууралуу маектештик.

– Алтынбек мырза, алгач башкармалыктын негизги иш багытына токтолсоңуз. ЭЭА субъекттеринин өлкөнүн экономикасына жана бюджеттин киреше бөлүгүнө кошкон салымы кандай болууда?

– Биздин башкармалык ЭЭАнын аймагындагы салык төлөөчүлөр менен иш алып барып, салык мыйзамдарынын аткарылышын көзөмөлдөө, камсыз кылуу жана түшүндүрүү иштерин жүргүзөт. ЭЭАда негизинен юридикалык жактар иштейт. Бул жерде жылытуу батареяларынан, пластик терезелерден тартып түтүк, эмерек жана башка өнөр жай продукцияларын чыгарган ишканалар бар. ЭЭА субъекттерине атайын салыктык режимдер жана тиешелүү жеңилдиктер өндүрүштү, инвестицияны жана ишкердикти колдоо максатында берилген. Демек, бул жеңилдиктер менен катар мамлекет алдындагы жоопкерчилик да бар. Бишкек ЭЭАсынын Чоң-Арык (ВДНХ), Ак-Чий жана Кара-Балта багыттарында өндүрүштүк аянттары аркылуу иш алып барат. Акыркы мезгилде бул аймактарда ири инвестициялык долбоорлор ишке ашырылып, жаңы завод-фабрикалар ачылууда. Айрыкча, Ак-Чийдеги өндүрүштүк аянтта бир катар ири долбоорлор ишке кирип жатат. Биздин негизги милдеттерибиздин бири – салык төлөөчүлөргө мыйзамдагы өзгөртүүлөрдү алдын ала түшүндүрүү. Бул иштерди жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу эмес, ишкерлер менен түздөн-түз жолугуп, электрондук байланыш аркылуу жана жеке консультация берүү жолу менен жүргүзөбүз. ЭЭАдагы ишкерлердин басымдуу бөлүгү чет өлкөлүк инвесторлор, анын ичинде Кытайдан, Россиядан, Белорусиядан жана Монголиядан келген ишкерлер. Алар өндүрүштүн ар кандай багыттарына олуттуу каражаттарды инвестициялап жатышат.

– Бүгүнкү күндө башкармалыктын көзөмөлүндө канча ишкана бар?

– Жалпысынан бүгүнкү күндө 450 чарба субъектер катталган. Алардын ичинен 72 салык төлөөчүлөр жалпы режимде иштешет жана кошумча нарк салыгын (КНС) төлөшөт. Учурда активдүү өндүрүш жүргүзүп жатат. Калган 378 ишканалар атайын салык режимде катталгандар. Арасында ишин жаңы баштап жаткандары, убактылуу токтотконду же башка себептерден улам активдүү иш жүргүзбөгөндөрү бар.

– ЭЭАдагы атайын режим салыктан качууга шарт түзүп калбайбы? Мыйзам бузуу фактылары катталабы?

– ЭЭА жабык жана көзөмөлдөнгөн аймак болгондуктан, андай салыктарды төлөбөй, мыйзамсыз иштерди жасоо боюнча фактылар жок. Товарлардын киймылы, эсеп-фактуралар, тапшырылып жаткан салыктык отчеттор жана башка операциялар тиешелүү системалар иштеп жаткан өзүбүздүн ички модулдар аркылуу көзөмөлдөнөт. Ошол эле учурда биз “мыйзам бузуу таптакыр болушу мүмкүн эмес” деп айтуудан көрө, салыктык тобокелдиктерди алдын алуу жана мыйзам талаптарын сактоону камсыз кылуу негизги милдет деп эсептейбиз. Бүгүн санариптик технологиялар бул багыттагы көзөмөлдү кыйла жакшыртты. Мисалы, салыктык талдоо жана көзөмөл жүргүзүүгө мүмкүндүк берген электрондук модулдар аркылуу отчетторду, эсеп-фактураларды жана башка маалыматтарды аралыктан талдоого шарт түзүлдү. Мурун айрым маалыматтарды тактоо үчүн жеринде текшерүү зарыл болсо, азыр аны электрондук системалар аркылуу көзөмөлдөп жүргүзүүгө болот.

– ЭЭАда салык салуунун кандай режимдери колдонулат?

– Негизинен, салыктык режимди, салык төлөөчү өзү тандайт. Ишкерлер башында эле салык кызматына катталганы келгенде тандалат. Кайсыл режимде иштээрин бул эки багытты белгилөөгө болот. Жалпы салыктык режимде иштеген субъекттер колдонуудагы мыйзамдарга ылайык кошумча нарк салыгын, сатуудан алынуучу салыкты, пайда салыгын жана башка тиешелүү төлөмдөрдү төлөшөт. Ал эми ЭЭА үчүн каралган атайын салыктык режимдин шарттарына туура келген мыйзамдар жана Кыргыз Республикасынын салыктык кодексине дагы белгиленген жеңилдиктер колдонулат. Башкача айтканда, жеңилдиктер ЭЭАнын бардык өндүрүлгөн товарларды сатуу боюнча операцияларына автоматтык түрдө бирдей колдонулбайт. Товар кайда өндүрүлүп, кайда сатылып жатканына жана операциянын түрүнө мисалы, экспорткобу же Кыргызстандын ичинеби ошого жараша тиешелүү салыктык режим колдонулат.

– Санариптештирүү салыктык көзөмөлдүн натыйжалуулугуна кандай таасир берип жатат?

– Таасири бир гана жакшы жагына болуп жатат десем болот. Бүгүнкү күндө бухгалтерлер салыктык отчетторун электрондук түрдө Жеке кабинет аркылуу тапшырат. Электрондоштурулган салыктык системалар, иштеп жаткан модулдар аркылуу кызматкерлерибиз көптөгөн маалыматтарды кабинеттен чыкпастан, өзүнүн кызмат ордунан эле талдоо жүргүзө алат. Салыктык башкаруудагы жаңы электрондук модулдар эсеп-фактуралардын, салыктык отчетторун жана башка маалыматтарды талдоого мүмкүндүк берүүдө. Бул көзөмөлдү оперативдүү жүргүзүүгө гана эмес, салыктык тобокелдиктерди алдын-ала аныктоого да шарт түзөт.

– Бюджетке түшүүчү салыктар боюнча белгиленген пландар аткарылып жатабы?

– Албетте, бизге да белгиленген план жеткирилет жана анын аткарылышын камсыз кылуу боюнча иш алып барабыз. Мисалы, бир айлык план-тапшырмабыз сентябрь айына 31 млн 300 миң сомдук план-тапшырмага жеткирилген болсо, биздин Башкармалык мыйзам чегинде туура салыктык саясатты жүргүзүүнүн негизинде жана салык төлөөчүлөрдү өз убагында көзөмөлгө алгандыктан, жеткирилген пландын аткарылышына талдоо жүргүзүп кошумча салыктык төгүмдөрдү аныктап чыгарып төктүргөндүктөн, сентябрь айына бекитилген план 4 млн 530 миң сомго ашыгы менен бир ай толук бүтө электе эле 35 млн 830 миң сомго накталай аткардык. Тогуз айлык көрсөткүч боюнча да белгиленген пландан жогору көрсөткүчкө жетиштик. Жалпысынан, былтыркы көрсөткүчтөргө салыштырмалуу, быйылкы түшүүлөрдүн өсүү динамикасы байкалууда. Жергиликтүү бюджетке түшүүчү кирешелердин салыгы боюнча да план ашыгы менен аткарылды.

– Көп жылдык тажрыйбаңыз бар эмеспи, салык карыздарын өндүрүүнүн механизмдерин күчөтүү боюнча кандай сунуштарыңыз бар?

– Салык карызын өндүрүүдө электрондук инструменттерди дагы кеңири колдонуу керек деп эсептейм. Мисалы, салыктык милдеттенмелерин белгиленген мөөнөттө аткарбаган субъекттер боюнча эсеп-фактураларды колдонууга байланышкан чектөө механизмдерин мыйзамдын талаптарына ылайык өркүндөтүү боюнча сунуштарыбызды бергенбиз. Мунун максаты – ишкерди жазалоо эмес, салыктык милдеттенмени өз убагында аткарууга түрткү берет деп эсептейбиз. Башкача айтканда, карыз топтоло бергенден кийин гана чара көрбөстөн, анын алдын-алуу иштин жыйынтыгын берет деп эсептейм . Ошондой эле, салык төлөө талабы сыяктуу мыйзамда каралган механизмдерди өз убагында колдонуу карыздардын өсүп кетишине жол бербөөгө жардам берет.

– Ири ишкерлер топтолгон аймакты текшерүүдө коррупциялык тобокелдиктер дайыма жогору деп эсептелет. Чын эле ошондойбу?

– Санариптештирүү коррупциялык тобокелдиктерди азайтууда маанилүү роль ойноп жатат. Бүгүн, көптөгөн кызматтар электрондук форматта көрсөтүлөт. Отчеттор электрондук Жеке кабинет аркылуу берилет, айрым документтерди, мисалы маалым каттарды же ар кандай тийиштүү кызматтардан чыгарылган чечимдерди Бирдиктүү терезе аркылуу же электрондук почта аркылуу алууга болот. Бул адам факторун азайтып, кызмат көрсөтүүнүн ачыктыгын жогорулатат. Улуу мамлекеттик саясий ишмер Исхак Раззаковдун жакшы сөзү бар эмеспи, “Мен таза болсом, сен таза болсоң, коом, да таза болот” - деген. Анын сыңары, ар бирибиз мамлекет үчүн дилден таза иштегенге өзүбүздүн көкүрөктү тазартып, дилибизди оңдоп иштегенде дагы коррупция деген нерсе болбойт. Ошол эле учурда кызматкерлерге да, салык төлөөчүлөргө да коррупцияга каршы мыйзам талаптарын жана коррупцияга каршы өзгөртүүлөрдү түшүндүрүү иштерин үзгүлтүксүз жүргүзүп турабыз.

– Башкармалыкта канча кызматкер эмгектенет?

– Бүгүнкү күндө 14 кызматкер иштейт. Кыскартуулардан кийин кызматкерлердин саны азайганына карабастан, иштин көлөмү жана жоопкерчилиги жогору бойдон калууда. Ошого карабай, жамаат өзүнө жүктөлгөн милдеттерди аткарып келет. Кызматкерлердин арасында бул тармакта көп жылдан бери иштеп келе жаткан тажрыйбалуу адистер бар. Алардын арасында мамлекеттик сыйлыктарга, анын ичинде “Салык кызматынын отличниги” наамына ээ болгондор да бар.

Маектешкен
Күнболот МОМОКОНОВ

УЛУТТУК БАНКТЫН ТҮШҮНДҮРМӨЛӨРҮ

КЕРЕКТӨӨ КРЕДИТИНИН ШАРТТАРЫН ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИГИН БИЛҮҮ ЗАРЫЛ



КЫРГЫЗ БАНКЫ

Азыркы учурда кредит кадимки финансылык инструмент болуп калды. Тиричилик техникасын сатып алуу, оңдоо, билим алуу, дарылануу же башка ири чыгымдар – мындай керектүү буюмдарды көп учурда узак мөөнөткө калтырбай карызга алынган каражаттарга сатып алууга же сарптоого мүмкүндүк берет. Ошол эле учурда, кредит - бул, адатта, пайыз же кошумча акы төлөө менен кайтарылып берилүүчү акча. Ошондуктан, канча акча алууга болорун гана эмес, ай сайын канча төлөөгө туура келерин жана акырында кредит канча акчага айлана тургандыгын алдын ала түшүнүү маанилүү. Кыргызстанда керектөөчү кредити боюнча талаптар Кыргыз Республикасынын «Керектөөчү кредит жөнүндө» Мыйзамында жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларында белгиленген. 2026-жылы Улуттук банк жаңы Мыйзамды эске алуу менен өзүнүн талаптарын кайра карап чыккан. Төмөндө, кредит алуудан мурда адам билүүгө тийиш болгон маанилүү маалымат келтирилген.

КЕРЕКТӨӨЧҮ КРЕДИТИ ДЕГЕН ЭМНЕ?

Керектөөчү кредити – бул, жеке адам ишкердик жүргүзүү максатында эмес, жеке өзүнүн, үй-бүлөлүк же тиричилик максаттарында алган кредит же ислам принциптерине ылайык каржылоо.

Керектөөчү кредитине ошондой эле товарларды, жумуштарды же кызмат көрсөтүүлөрдү кредитке же бөлүп төлөө шартында сатып алуу да кирет, мында алардын наркы кредитордун каражаттарынын эсебинен төлөнөт, ал эми зайымчы аны кийин бөлүп төлөйт.

Ошол эле учурда, эгерде келишимдин шарттарында каралган болсо, кредит пайызсыз же кошумча акы алуусуз берилиши мүмкүн.

Эң башкысы – кредит чындыгында канча тураарын билүү.

Кредитти тандоодо адам көбүнчө пайыздык ченге жана ай сайын төлөнүүчү суммага көңүл бурат. Бирок, кредиттин чыныгы наркын түшүнүү үчүн бул эки көрсөткүчтү билүү аз.

Ошондуктан, мыйзамда керектөөчү кредитинин толук наркы деген түшүнүк каралган.

Анда зайымчынын кредитти алууга жана тейлөөгө байланыштуу чыгымдары акчалай көрсөтүлгөн. Кредиттин шарттарына жараша, ага кредитке байланыштуу пайыздар же кошумча акылар, камсыздандыруу чыгымдары, нотариус кызматтары, мамлекеттик алымдар жана мыйзамда каралган башка милдеттүү төлөмдөр кириши мүмкүн.

Жөнөкөй тил менен айтканда, зайымчы келишимге кол коюудан мурда алып жаткан сумманы гана эмес, кредитке байланыштуу чыгымдарды да билиши керек.

Дагы бир маанилүү көрсөткүч – бул жылдык эффективдүү пайыздык чен. Ал кредитти алууга байланыштуу төлөмдөрдү эске алуу менен кредиттин наркын салыштырмалуу жылдык көрсөткүчтө баалоого мүмкүндүк берет.

Ошондуктан, ар бир финансылык уюмдун сунуштарын салыштырып жатканда бир эле учурда бир нече көрсөткүчтөргө көңүл буруу керек: пайыздык чен, кредиттин толук наркы, эффективдүү пайыздык чен, ай сайын төлөнүүчү сумма жана жалпы төлөмдөрдүн суммасы.

Жарнамада айтылган төмөн пайыздык чен зайымчы үчүн эң эле артыкчылыктуу дегенди билдирбейт.

КРЕДИТ БОЮНЧА КАНЧА ПАЙЫЗ ЧЕГЕРИЛИШИ МҮМКҮН?

Мыйзамда керектөөчү кредити боюнча номиналдык пайыздык чендин жогорку чеги белгилеген - күнүнө 0,08 пайыздан ашпоого тийиш.

Ошол эле учурда, пайыздар негизги карыздын азайып бара жаткан калдыгына чегерилет. Башкача айтканда, кредит төлөнгөн сайын, пайыздар чегерилүүчү карыздын суммасы азаят.

Бөлүп төлөө үчүн да өзүнчө эрежелер каралган. Эгерде, бөлүп төлөө пайызсыз деп жарыяланса, товардын, жумуштун же кызматтын баасы толук бир жолку төлөм баасынан жогору болбошу керек. Эгерде, бөлүп төлөөдө баа жогоруласа, мындай жогорулоо кошумча акы катары эсептелип, ошондой эле белгиленген чектөөлөргө кирет.

ЭМНЕ ҮЧҮН БАНК КИРЕШЕ ЖАНА БАШКА КРЕДИТТЕР ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТЫ ТАЛАП КЫЛАТ?

Айрым учурларда зайымчы киреше жана учурдагы кредиттер жөнүндө маалымат берүү ашыкча формалдуулук деп эсептеши мүмкүн. Чындыгында, бул маалымат жаңы ар айлык төлөмдү төлөө мүмкүнчүлүгүн баалоо үчүн керек.

Бул үчүн карыздык жүгүнүн көрсөткүчү (ПДН) колдонулат. Ал адамдын карыздык төлөмдөрүн анын кирешеси менен салыштырууга мүмкүндүк берет.

Улуттук банк зайымчынын кирешесине жана кредит боюнча төлөмдөрүнүн катышына карата талаптарды белгилейт.

Банктар үчүн төмөнкү чектүү маанилер колдонулат: орточо айлык кирешеси 1000 эсептик көрсөткүчтөн аз болгондо, керектөөчү кредити боюнча төлөмдөр кирешенин 50 пайызынан ашпоого тийиш; кирешеси 1000ден 2000 эсептик көрсөткүчкө чейин болсо – 60 пайыздан ашпоого тийиш; кирешеси 2000 эсептик көрсөткүчтөн жогору болсо – 70 пайыздан ашпоого тийиш.

Мындай ыкманын мааниси - адам канчалык максималдуу сумманы кредитке ала аларын аныктоо эмес, кредиттин суммасы анын мөөнөтүнө, ченине, мурдагы милдеттенмелерине жана башка шарттарга жараша болот. Эң башкысы – кредит алгандан кийин зайымчынын кирешеси карыздык төлөмдөрдү төлөө мүмкүнчүлүгүнө дал келүүгө тийиш.

Ошондуктан, эгерде финансылык уюм кардарга керек болгон суммадан аз сумманы сунуштаса, анын себептеринин бири анын карыздык жүгү болушу мүмкүн.

Зайымчы үчүн да ПДН пайдалуу багыт болушу мүмкүн. Мында, зайымчы жакын арада төлөнүүчү сумманы төлөй алабы же жокпу эле эмес, ошондой эле үй-бүлөнүн негизги чыгымдарына зыян келтирбестен, кредитти бүтүндөй колдонуу мезгилинде үзгүлтүксүз төлөй алабы же жокпу, мына ушул учурду баалоо абдан маанилүү.

КЕЛИШИМГЕ КОЛ КОЮУГА ЧЕЙИН ШАРТТАРДЫ САЛЫШТЫРУУГА БОЛОТ

Келишим түзүлгөнгө чейин кредитор зайымчыга стандарттуу маалымат баракчасын – кагаз жүзүндө же электрондук түрдө акысыз бериши керек.

Анда кредиттин негизги шарттары көрсөтүлөт: суммасы жана мөөнөтү, пайыздык чен же кошумча акы, кредиттин толук наркы, эффективдүү пайыздык чен, төлөмдөрдүн өлчөмү жана мезгилдүүлүгү, төлөө мөөнөтү өткөрүлгөн шартта талаптар жана башка маанилүү маалыматтар.

Мунун бир себеби – зайымчы бир нече финансылык уюмдун сунуштарын салыштырып көрүүсүн жеңилдетүү.

Ошондуктан, дароо чечим кабыл алуунун кажети жок. Шарттар тууралуу маалымат алып, бир нече варианттарды салыштырып, андан кийин гана ылайыктуусун тандоого болот.

КЕЛИШИМГЕ КОЛ КОЙДУҢУЗ, БИРОК ОЮҢУЗДУ ӨЗГӨРТТҮҢҮЗБҮ?

Эгер келишимге кол коюлуп, бирок акчаны колго ала элек болсоңуз, керектөөчү кредитин алуудан акысыз баш тартуу укугуңуз бар.

Эгер кредит товарды, жумушту же кызматты сатып алуу үчүн бөлүп төлөө шартында берилсе, аларды иш жүзүндө алганга чейин баш тартууга болот.

Бул кредиттин зарылдыгын дагы бир жолу баалоого жана акчаны же сатып алууну иш жүзүндө алганга чейин андан баш тартууга мүмкүндүк берет.

КРЕДИТТИ МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ТӨЛӨӨГӨ БОЛОТ

Эгерде, зайымчы кредитти мөөнөтүнөн мурда кайтарууга мүмкүнчүлүгү пайда болсо, ал айып пулдарды, комиссияларды жана мөөнөтүнөн мурда төлөгөндүгү үчүн башка санкцияларсыз толугу менен же жарым-жартылай төлөөгө укуктуу.

Мында кредитор негизги карыз азайгандыгын эске алуу менен зайымчынын милдеттенмелерин кайра эсептеп чыгып, төлөө графигин жана төлөнүүгө тийиш болгон пайыздардын же кошумча акынын суммасын тууралашы керек.

Демек, мөөнөтүнөн мурда төлөөдө зайымчынын келечекте төлөнүүчү кредит боюнча чыгымдарын азайтышы мүмкүн.

КАРЫЗ ЧЕКСИЗ ӨСПӨШҮ КЕРЕК

Зайымчыны коргоонун дагы бир маанилүү жагы - керектөөчү кредити боюнча чегерүүлөрдүн жалпы суммасын чектөө.

Мында, кредитти реструктуризациялоону кошо алганда, пайыздар же кошумча акы, комиссиялар, үстөк айып, айып пулдар жана туумдар чогуу алганда алгач берилген керектөөчү кредити боюнча сумманын 60 пайызынан ашпоого тийиш.

Мисалы, эгер адам 100 миң сом алган болсо, мындай чегерүүлөрдүн суммасы 60 миң сомдон ашпашы керек. Ошол эле учурда, алынган негизги карыздын суммасын кайтарып берүү милдеттенмеси сакталат.

Үстөк айып үчүн өзүнчө чектөө бар. Эгерде күрөөгө коюлган мүлктүн эсебинен өндүрүү жол-жобосу башталса, анда тиешелүү билдирүү жиберилген күндөн тартып 15 күндөн кийин аны чегерүү токтотулат. Мында, керектөөчү кредити колдонулган бүтүндөй мөөнөтү үчүн үстөк айыптын өлчөмү берилген кредиттин суммасынын 10 пайызынан ашпоого тийиш.

ЭГЕР, ТӨЛӨМДӨРДҮ ТӨЛӨӨДӨ КЫЙЫНЧЫЛЫК ЖАРАЛСА ЭМНЕ КЫЛУУ КЕРЕК?

Эгерде зайымчы кийинки төлөмдү өз убагында төлөй албай турганын түшүнсө, төлөө мөөнөтүн өткөрбөй, мүмкүн болушунча дароо финансылык уюмга кайрылуу зарыл.

Жагдайга жана кредит шарттарына жараша, төлөө графигин өзгөртүү же карызды реструктуризациялоо варианттары каралышы мүмкүн.

Мында, эсиңизде болсун: керектөөчү кредитин эки гана жолу кайра каржылоого жол берилет. Мурунку кредиттин ордун жабуу үчүн жаңы кредит алуу дайыма эле карыздык жүгү маселесин чечпейт, айрыкча, эгерде мезгилдүү төлөмдөрдүн өлчөмү жогору бойдон калса.

Кредитти тариздөө алдында эмнени текшерүү керек?

Чечим кабыл алуудан мурда өзүңүзгө бир нече жөнөкөй суроолорго жооп берүү пайдалуу:

- мага азыр чындап эле кредит керекпи;
- ай сайын канча төлөйм;
- төлөмдөн кийин үй-бүлөнүн кадимки чыгымдарына канча акча калат;
- кредиттин толук наркы жана эффективдүү пайыздык чени канча;
- кошумча милдеттүү чыгымдар барбы;
- бардык мөөнөт ичинде жалпысынан канча төлөйм;
- эгерде кирешем убактылуу азайса, төлөй алambы;
- төлөөнү кечиктиргенде эмне болот;
- кредитти мөөнөтүнөн мурда төлөй алambы.

Шарттары түшүнүксүз болгон документтерге кол койбоңуз. Зайымчы келишим түзүлгөнгө чейин кредиттин шарттары жөнүндө маалымат алууга жана аны менен кылдат таанышып чыгууга укуктуу.

Кредитордон алынган келишимди, төлөө графигин жана башка документтерди милдеттенмелер толук аткарылганга чейин сактап койгонуңуз жакшы.

ЭҢ БАШКЫСЫ – КРЕДИТТИН СУММАСЫ ЭМЕС, АНЫ КАЙТАРЫП БЕРҮҮ МҮМКҮНЧҮЛҮГҮ

Кредит бүгүнкү күндөгү маанилүү финансылык маселени чечүүгө жардам бере алат, бирок аны төлөө кийинки айлар же жылдардагы чыгымдардын бир бөлүгү болуп калат.

Ошондуктан, кредитти тандоодо, финансылык уюм берүүгө даяр болгон максималдуу суммага эмес, өз бюджетиңизге ыңгайлуу болгон айлык төлөмдүн өлчөмүнө жана кредиттин жалпы баасына багыт алуу керек.

Кредит – бул кошумча киреше эмес, бул кайтарылып берилүүчү милдеттенме. Ошондуктан, кредит тариздөө алдында «мага канча сумма берүүгө даяр?» деген сурооо эмес, «үй-бүлөлүк бюджетке кесепетин тийгизбестен толугу менен кайтарып бере алambы?» деген сурооо өзгөчө көңүл буруу зарыл.

Даярдаган Абдимухтар АБИЛОВ

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

АК НИЕТ САЛЫК ТӨЛӨӨЧҮЛӨРДҮ КОРГООНУН УКУКТУК КЕПИЛДИКТЕРИН ӨРКҮНДӨТҮҮ БОЮНЧА ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

ЖАРЛЫГЫ

Экономиканы туруктуу өнүктүрүүнү, ишкердик иш үчүн жагымдуу климатты түзүүнү, инвестициялык төйрөнү жакшыртуунун, өндүрүштү жана кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүн кеңейтүүнүн негизги шарттарынын бири болуп заманбап талаптарга жооп берген салык системасы саналат.

Ак ниет салык төлөөчүлөрдү коргоонун укуктук кепилдиктерин өркүндөтүү, салыктык укук мамилелери чөйрөсүндө негизсиз кылмыш-жаза куугунтуктоону болтурбоо, салык милдеттенмелерин аткаруудан качуунун укукка каршы схемаларын уюштурган, контролдогон жана пайдаланган адамдарды аныктоого жана жоопкерчиликке тартууга мамлекеттин күч-аракетин багыттоо, мамлекеттин мыйзамдуу кызыкчылыктарынын, ишкердик субъекттердин укуктарынын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарынын ортосунда калыс балансты камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66, 70 жана 71-беренелерин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын салык системасын модернизациялоонун кыйла маанилүү багыттары болуп төмөнкүлөр эсептелсин: ак ниет салык төлөөчүлөрдү коргоонун укуктук кепилдиктерин өркүндөтүү; салык төлөөчүлөрдүн салык төлөө боюнча конституциялык милдеттеринин ыктыярдуу аткарылышын камсыз кылууга багытталган укуктук маданиятын жогорулатуу; салыктык администрациялоону санариптештирүү жана ачык-айкындуулукту камсыз кылуу; жол-жоболорду сактоо, адилеттүүлүк жана салык төлөөчүнүн укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын урматтоо бөлүгүндө салык органынын аракеттер эрежелеринин жыйындысын камтыган «ак ниет салыктык администрациялоо» принцибин киргизүү; салык жүгүн ырааттуу азайтуу жана ишкердикти андан ары өнүктүрүү жана чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу үчүн жагымдуу салыктык климатты түзүү.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети үч айлык мөөнөттө салык мыйзамдарын жана салыктык администрациялоону андан ары өркүндетүү боюнча төмөнкүлөрдү караган зарыл болгон чараларды көрсүн:

1) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик салык кызматына ак ниет эмес ишкердик субъекттер, анын ичинде кылмыш-жаза жоопкерчилиги башталган босогодон ашкан, белгиленген тартипте таанылган салыктык карызы бар, ошондой эле жалган электрондук эсеп-фактураларды тариздөө, жеке ишкерлерди жана юридикалык жактарды жалган жеке жактардын атына тариздөө менен ишти жүзөгө ашыргандар киргизилүүчү Ак ниет эмес салык төлөөчүлөр реестрин жүргүзүү боюнча ыйгарым укуктарды берүүнү;

2) Ак ниет эмес салык төлөөчүлөр реестрине киргизүү үчүн негиз болуп саналган салык салуу чөйрөсүндөгү жосундарды жасагандыгы, анын ичинде ишкердик субъекттерди каттоодо (кайра каттоодо) жалган жактарды пайдалануу жана жалган электрондук эсеп-фактураларды тариздөө үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилигин белгилөөнү;

3) салык төлөөчүлөрдүн ишин иш жүзүндө башкаруу жүзөгө ашырган адамдарды (иш жүзүндөгү бенефициарларды), ошондой эле ишеним каттардын негизинде юридикалык жактардын атынан ишти жүзөгө ашырган адамдарды жоопкерчиликке тартуунун укуктук механизмдерин бекитүүнү;

4) Ак ниет эмес салык төлөөчүлөр реестринде турган мезгилде юридикалык жактарды жана жеке ишкерлерди мамлекеттик каттоого/кайра каттоого жол бербөөгө багытталган укуктук механизмдерди бекитүүнү;

5) юридикалык жактардын уюмдаштыруучулары (катышуучулары) же жеке ишкерлер катары өзүнүн атынан каттоо иш- аракеттерин жүргүзүүгө тыюу салууну жарандар тарабынан ыктыярдуу белгилөөнү караган «өзүнө-өзү тыюу салуунун» укуктук механизмин киргизүүнү;

6) ишеним катты жана квалификацияланган санариптик кол тамганы өткөрүп берген адамдын жана аларды пайдаланган адамдын жоопкерчилигин бекитүү менен ишкердик ишти жүзөгө ашырууда ишеним каттарды жана квалификацияланган санариптик кол тамганы пайдалануу тартибин өркүндөтүүнү.

3. Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы:

1) салык маселелери боюнча ыкчам-иликтөө ишин жүзөгө ашыруу түрүндө ишкердик субъекттердин финансы-чарбалык ишине укук коргоо органдарынын кызматкерлери тарабынан кийлигишүү фактыларына жол бербөө жана бөгөт коюу боюнча туруктуу көзөмөл жүргүзүп турсун;

2) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик салык кызматы, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети жана Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги менен биргеликте Ак ниет эмес салык төлөөчүлөр реестрине киргизилген ар бир ишкердик субъект боюнча козголгон кылмыш-жаза иштери, аларды тергөөнүн жүрүшү жана Ак ниет эмес салык төлөөчүлөр реестрин түзүүдө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган тартипте жана мөөнөттө кабыл алынган процессуалдык чечимдер бөлүгүндө квартал сайын ведомстволор аралык салыштырып текшерүүнү жүргүзүп турсун;

3) Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына жарым жылда бир жолу салык салуу чөйрөсүндөгү кылмыш-жаза иштери боюнча аналитикалык маалымат берип турсун.

4. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги 2027-жылдын 1-мартына чейин юридикалык жактарды каттоо жана кайра каттоо, «Е-Нотариат», юридикалык жактардын, филиалдардын жана өкүлчүлүктөрдүн бирдиктүү мамлекеттик реестринин мамлекеттик маалыматтык системаларын жана Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин башка маалыматтык системаларын Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын маалыматтык системалары менен интеграцияласын.

5. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети үч айлык мөөнөттө ушул Жарлыкты ишке ашырууга багытталган Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизсин.

6. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

7. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын
Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2026-жылдын 8-октябры, №343

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КООПСУЗДУК КЕҢЕШИНИН КАТЧЫЛЫГЫНЫН ИШИНИН МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА АЙРЫМ ЖАРЛЫКТАРЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинин катчылыгынын ишин өркүндөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70, 71-беренелерине ылайык **токтом кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 24-августундагы №348 «Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинин айрым маселелери жөнүндө» Жарлыгына төмөнкүдөй өзгертүү киргизилсин:

жогоруда аталган Жарлык менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинин катчылыгы жөнүндө жободо:

– 20-пунктта «инспекторлору» деген сөз «мамлекеттик инспекторлору» деген сөздөргө алмаштырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 8-декабрындагы №336 «Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын ишинин айрым маселелери жөнүндө» Жарлыгына төмөнкүдөй өзгертүү киргизилсин:

жогоруда аталган Жарлыктын 2-тиркемесинде:

- 9-пункттун бешинчи абзацында «Инспектор» деген сөз «Мамлекеттик инспектор» деген сөздөргө алмаштырылсын.

3. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын
Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2026-жылдын 8-октябры, №344

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2025-ЖЫЛДЫН 2-ИЮЛУНДАГЫ №391 «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АГАРТУУ МИНИСТРЛИГИНИН МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы №137 «2025–2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндө» Жарлыгы менен бекитилген 2025–2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планынын (2025–2027-жылдардын орто мөөнөттүү мезгилинде I этап үчүн) 5-главасынын 1-пунктунун 2-пунктчасын ишке ашыруу максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 2-июлундагы №391 «Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин маселелери жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгертүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги жөнүндө жободо:

– 15-пункт төмөнкүдөй мазмундагы экинчи абзац менен толукталсын:

«Министрдин биринчи орун басары жана министрдин орун басарлары өздөрүнө жүктөлгөн ыйгарым укуктардын чегинде коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүүгө жана натыйжалуу иштешине багытталган чараларды көрбөгөндүгү же талаптагыдай көрбөгөндүгү үчүн, ошондой эле алар тейлөөчү иштин багыттарында Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарынын сакталышы үчүн жеке жоопкерчилик тартат.»;

– 16-пункт төмөнкүдөй мазмундагы 13^1-пунктча менен толукталсын:

«13^1) коррупциялык тобокелдиктерди аныктоону жана баалоону, кызыкчылыктардын кагылышуусунун алдын алуу жана жөнгө салуу боюнча чараларды, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын сакталышын жана кызматтык тартиптин абалын үзгүлтүксүз контролдоону камсыз кылууну, кадрдык жана финансылык чечимдерди ички контролдоону, ошондой эле Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарынын сакталышына мониторинг жүргүзүүнү камтыган коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү, иштешин камсыз кылуу жана натыйжалуулугу үчүн жеке жоопкерчилик тартат;».

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын
Министрлер Кабинетинин Төрагасы **А.КАСЫМАЛИЕВ**

Бишкек ш., 2026-жылдын 8-октябры, №680

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 10-ИЮНУНДАГЫ №301 «МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА МУНИЦИПАЛДЫК ИШКАНАЛАР, УСТАВДЫК КАПИТАЛДАГЫ КАТЫШУУ ҮЛҮШҮНҮН 50 ЖАНА АНДАН АШЫК ПАЙЫЗЫ МАМЛЕКЕТКЕ ТААНДЫК БОЛГОН ЧАРБАКЕР КООМДОР, АНЫН ИЧИНДЕ АЛАРДЫН ТУУНДУ ЧАРБАЛЫК КООМДОРУ ТАРАБЫНАН САТЫП АЛУУЛАРДЫ УЮШТУРУУНУН ЖАНА ИШКЕ АШЫРУУНУН ТИПТҮҮ ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Инженердик инфраструктура объекттеринин үзгүлтүксүз иштешин камсыз кылуу, авариялык кырдаалдарды өз убагында алдын алуу жана жоюу, инженердик тармактарды талаптагыдай күтүүнү жана эксплуатациялоону камсыз кылуу максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 «Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибинде:

– 57-пункттун 10^1-пунктчасы «жолдорду» деген сөздөн кийин «, инженердик тармактарды (суу менен камсыздоо, канализация, жылуулук менен камсыздоо жана электр менен камсыздоо)» деген сөздөр менен толукталсын.

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын
Министрлер Кабинетинин Төрагасы **А.КАСЫМАЛИЕВ**


Бишкек ш., 2026-жылдын 8-октябры, №681

МАДАНИЯТ

Бегалы НАРГОЗУЕВ:

“КЫРГЫЗ КИНОСУНА ЖАҢЫ ДЕМ КЕРЕК”

“Кыргыз кино ишмерлер уюмунун” иштей баштаганына бир жылга чамалаш убакыт болуп калды. Аталган уюм Кыргыз киноматографисттер союзу менен кандай кызматташат? Алдыларына кандай максаттарды коюп иш алып барып жатышат? Мына ушул өңдүү суроолор менен “Кыргыз кино ишмерлер уюмунун” төрагасы Наргозуев Бегалы Молдогозуевичке кайрылганбыз.



- Бегалы Молдогозуевич, “Кыргыз кино ишмерлер уюму” качан түзүлгөн? Кимдер демилгечи болгон?

- 2025-жылдын башында белгилүү кинорежиссерлор Темир Бирназаров, Бакыт Мукул, Дастан Жапар Рыскелди ушундай уюм түзөлү, жаңыча иш баштайлы, кино тармагындагы коррупцияга каршы бирге күрөшөлү деген сунуш менен мага келишиптир. Үчөө тең эл аралык “А” класстагы кинофестивалдардын баш байгесин жеңип алган режиссерлор. Ойлору мага жакты. Анткени, акыркы жылдары кыргыз кино тармагы эски союздук ыкмадан чыга албай, баягы эле сыйлык талаш, эл аралык фестивалдарга ким барат деген талаш, өкмөттөн сыйлык суроо, кыскасы 35 жылдан бери иштөө методдору өзгөрбөй келет. Ошондон улам жаңылануунун, азыркы заман шартына ылайык иш жүргүзүүнүн зарылдыгы келип чыкты.

Негизги максатыбыз эле кыргыз киносунун өнүгүшүнө салым кошуу. Биринчи кезекте кинорежиссерлордун, операторлордун, сценаристтердин, бардык эле кино ишмерлеринин башын кошуу, бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгарып, кеңешип-кесип, дүйнөлүк кино өндүрүшүнүн агымына жараша иш кылсак деген аруу тилегибиз бар. Антпесек, бул багытта ырааттуу, жигердүү иш жүргүзгөн эч ким болбой жатат. Коом, жашоо, ал турсун жаратылыш өзгөрүп жаткан маалда кыргыз кино-өндүрүшү үзгүлтүккө учурап калбаса дейбиз.

- Ошондо кандай, Кыргыз кинематографисттер союзунан бөлүнүп, өз алдынча иштей турган болуп калдыңарбы?

- Ооба бөлүнүп жатабыз. Баарыбыз Кинематографисттер союзунун мүчөсү элек. Ал жактан чыгуу тууралуу арыз жазып жөнөткөнбүз. Биз жаңы багытта, заман шартына ылайык, айрым бюрократиялардан сыркары иш алып баралы деген жакшы ой менен бириктик. Биз Кинематографисттер союзуна атаандаштык жараталы деп жатабыз. Мүмкүн болсо алардын ишине түрткү берип, алар эске албай жаткан маселелерди алдыга жылдырып, жаш муундарды тарбиялоо, жеңил-желпи фильмдерди эмес, жана мен жогоруда белгилеген “А” классындагы фестивалдардын гран-присин алган режиссерлор тарткандай эл аралык алкакта кызыкчылык жарата турган, чоңчоң кино-өндүрүшчүлөрүнө атаандаша ала турган фильмдерди жаратуу, артынан түшүү, аракет кылуу, жолун издөө менен алектенсек деген оюбуз бар. Дүйнөлүк кино тармагында болуп жаткан өзгөрүүлөр, жетишкендиктер, жаңыдан пайда болуп жаткан өзгөчөлүктөр боюнча пикир алмашуу, баарлашуу боло турган аянтча түзөлү, режиссерлордун, операторлордун, бардык киного тиешеси бар ишмерлердин көңүлүн дүйнө коомчулугун кызыктырып жаткан маселелерге буралы, күнүмдүк, жеңил нерселерден алаксыталы деп жатабыз.



- Кино өндүрүшү жакшы эле өнүгүп жаткандай көрүнөт. Кинофильмдер биринин артынан бири тартылып жатат. Мунун эмнеси канааттандырган жок сизди?

- Ооба талаш жок. Кино тармагы өнүгүү жолунда. Мени тынчсыздандырганы жана мени менен пикирлеш киночулардын оюн бурганы олуттуу темаларды эмес, күнүмдүк темаларды козгогон коммерциялык фильмдердин көп тартылып жатканы болууда. Анткени мына, өзүңүз көргөндөй, акыркы жылдары мамлекет тарабынан көңүл бурулуп, аз эмес акча каражаты бөлүнүп, киноөндүрүшү жанданып калды. Быйылкы жылы эле 80ден ашуун кино тартылып жатат. Каражаты бар. Демек, кыргыз киносу кандайдыр чоң секирик жасоонун алдында турат. Эми ошондой мүмкүнчүлүк жаралып жаткандан кийин акчанын артынан түшүп эле оңой акча таба турган кинолорду тарта бербей, салмактуу, ошол эле экология, миграция, согуш жана тынчтык өңдүү глобалдык маселелерди козгогон, жалпы адамзатына тиешеси бар проблемаларды алып чыккан кинолорго багыт жасасак деген оюбуз бар.

- “Кино ишмерлер уюму” уюштурулду. Анан эми эмне иш кылып баштадыңар? Каражатты кайдан алып жатасыңар?

- Айткандай эле, атайын каттоодон өтүп иштей баштаганыбызга 1 жылга чамалаш убакыт болду. Төрт долбоор жазып өткөргөнбүз. Төртөө тең жактырылды. Биринчиси, Кыргызстанда Улуттук кинофестиваль жок экен. Ал эми эл аралык кинофестиваль бар. Жана жогоруда айттым эле быйыл эле 80ден ашык кино тартылып жатат деп. Демек, алардын жакшы жаманын аныктап турган фестиваль болсо деп жазган долбоорубуз өттү, мамлекеттин колдоосуна ээ болду. Буйруса 12-декабрда алгачкы улуттук кинофестивалыбызды өткөрөлү деп турабыз. Быйылкысы Бишкекте өтөт. Анан планыбыз боюнча ар жылы ар башка облуста өткөрүп турсак деген максаттарыбыз бар. Жыл сайын чыныгы элдин аң сезимин көтөрө турган, дүйнөлүк коомчулукту кызыктыра турган, чыныгы кино искусствосунун чыгаандарын аныктап турсак жаман болбойт эле.

Ал бир. Экинчи мен жогоруда белгилегендей “А” класстагы фестивалдардын жеңүүчүлөрү жогоруда мен атын атаган режиссерлор болчу. Ага былтыр белгилүү кинорежиссер Актан Арым Кубат да Шанхайда гран-при алып кошулду. Мына ушул биздин мыкты кинорежиссерлордун иш тажырыйбасын жайылталы. Алардын мастер-класстарын уюштуралы. Билгендерин жаштарга, жаңыдан кино тарта баштаган режиссерлорго, башка киного аралашып жүргөн адамдарга үйрөтөлү, пикир алмашалы деген максатта дагы бир долбоор жазганбыз, аныбыз да колдоо таап аталган режиссерлор мастер-класс өткөрүп жатышат. Дегеним, өзүңөр көрүп турасыңар өлкөдө кинобум башталып кетти. Акчанын артынан кууп, майда-барат, жеңил-желпи, айтайын деген ою жок кинонун артынан түшүп кетишти. Аларга бир маяк боло турган, үлгү катары көрсөтө турган, багыт бере турган, терең ойго сала турган фильмдер боюнча кеңири айтып берелик, керек болсо түшүндүрөлү, ой-бөлүшөлү, ийгиликтин жолун көрсөтөлү дегенбиз. Буйруса аныбыз да иштеп баштады. Темир Бирназаров (“Түнкү кырсык”), Бакыт Мукул, Дастан Жапар Рыскелди (“Атанын керээзи”), Актан Арым Кубат (“Кара, кызыл, сары”) фильмдери гран-приге ээ болгон. Булар жөнөкөй кишилер эмес. Чоң эл аралык кинофестивалдын гран-присин жеңип алгандар. Башка жок. Буйруса “Гран-при мектеби” долбоорубуз да иштеп баштады.

Азыр шатыратып кино тартып жаткандар кимдерге карап түздөнүш керек. Менин оюмча мына ушул 4 кинорежиссерго карап түздөнүш керек. Булардын толук метраждуу көркөм фильмдерин “А” классындагы эл аралык кинофестивалдардын көркөм табити бийик кино тандоочулары тандап, жогорку даражалуу жюрилери жогору баалап жатпайбы. Бул төртөө - кыргыз киносунун генералдары. Генералдык клуб болгон сыяктуу эле бул төртөөнүн, “кино генералдарынын” клубун уюштуруп, жаштар алардын чыгармачылык устаттыгын үйрөнүп, ушулардан үлгү алыш керек. Кыргыз киносу ушул багытта кетсе туура өнүгөт. Жаштардын көбү коммерциялык максатта примитивдүү фильмдерди тартып жатканда биз бул төрт “кино генералдарынын” тажрыйбасы аркылуу жаштардын талантын, бардык мүмкүнчүлүктөрүн чыныгы киноискусствонун чыгармаларын жаратууга бургубуз келет. Жаштарга ушулар маяк болуп бериш керек. Ошондо бир жылда тартылган 80 кинонун баары коммерциялык максатты кана көздөбөй, жок дегенде 30 пайызын чыныгы киноискусствонун жолуна сала алсак чоң жетишкендик болмок.

Дагы бир долбоор кыргыз кино тармагына арналган кесиптик сайт жок экен. Башка маалымат сайттарынын маданият деген бөлүгүндө анда-мында кино боюнча маалыматтар чыгып калат экен. Биз ушул жагын дагы колго алалы деп жатабыз. Кино жаңылыктары, дүйнөлүк киноискусствосу, белгилүү актерлор, өзүбүздүн кино тармагы боюнча кеңири маалымат таркатып, кино сүйүүчүлөрдүн көңүлүн буруп, алардын табитине жараша маалыматтарды кеңири чагылдырып турбасак болбойт экен. “Кыргыз киносу” деген сайт ушул октябрь айында ачылганы турат, буйруса.

Төртүнчүсү Кыргызкинематография департаменти менен бирге кыргыз киносунун келечек багыты боюнча стратегиялык план иштеп чыгып, сунуштайлы деп жатабыз. Кыргыз киносу кандай багытта өнүгүшү керек, анүчүн кандай шарттар түзүлүшү керек, кыргыз киночуларына кандай жол көрсөтөбүз деген долбоор болот.

- Бегалы Молдогозуевич, заман өтө ылдам өнүгүп жатат. Айрым тармактарда адам акылын ашып өткөн жасалма интеллект дегендер пайда болду? Кинонун келечеги кандай болот?

- Сурооңузду түшүндүм. Жасалма интеллект боюнча көп пикирлер айтылып жатат. Анын киного да тиешеси бар. Кино тартуунун зарылдыгы болбой калат, режиссерлорду жасалма интелект алмаштырат деген ойлор жок эмес. Бирок, мен ага кошула бербейм.Жасалма интеллект эч качан адамды алмаштыра албайт. Ооба, жасалма интеллект маалыматтарды тез сүрүштүрүп, анализдеп бир жыйынтык бере алат. Ал эми адамдардын ички дүйнөсүнө сүңгүп кире албайт, ички туюм, сезим деген бар. Ал жагынан жасалма интеллект адамды алмаштыра албайт. Чыгармачыл дүйнө кинодо болобу, адабиятта болобу адамдын ички туюмдары, сезимдери, сүйүүсү, күйүтү менен коштолуп турат эмеспи. Демек, жасалма интеллект бул жагынан алсыз.

- Маегиңизге рахмат! Ийгилик каалайм!

Курманбек РЫСПАЕВ



ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАР ТАРАБЫНАН АДАМДАРГА КАБАРЛАМАЛАРДЫ КЕПИЛДЕНГЕН ЖЕТКИРҮҮ СЕРВИСИ АРКЫЛУУ БИЛДИРҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙРЫМ МЫЙЗАМ АКТЫЛАРЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

2026-жылдын 16-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган

1-берене

Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексине (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2017-ж., №1 (2), 13-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 104-беренеде:

а) 1 жана 2-бөлүктөр төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. Административдик процесстин катышуучулары соттук жыйналыштын же өзүнчө процесстик иш-аракетти өткөрүүнүн убактысы жана орду жөнүндө сот тарабынан кабарлоо жиберилген жана дарек ээси тарабынан алынган фактысын белгилөөгө мүмкүндүк берүүчү билдирүүлөрдү кепилденген жеткирүү сервисинин жардамы аркылуу сот тарабынан кабарландырылат.

Билдирүүлөрдү кепилденген жеткирүү сервиси аркылуу кабарлоо жиберүү үчүн техникалык мүмкүнчүлүк же болбосо зарыл болгон маалыматтар жок болгон учурда, кабарлоо тиешелүү кабарлоо жиберилген жана дарек ээси тарабынан алынган фактысын белгилөөгө мүмкүндүк берүүчү СМС-билдирүү, электрондук почта же телекоммуникациянын башка ушуга окшош формалары аркылуу жөнөтүлөт.

Мында берилген тексттин сотто калуучу жана ишке тиркелүүчү көчүрмөсүндө бул текстти берген адамдын фамилиясы жана кызмат орду, кабарлоону жүзөгө ашыруунун ыкмасы, аны өткөрүп берүүнүн датасы жана убактысы, ошондой эле аны кабыл алган адамдын фамилиясы жана кызмат орду көрсөтүлөт.

Эгерде кабарлоо билдирүүлөрдү кепилденген жеткирүү сервиси аркылуу жиберилсе, ал көрсөтүлгөн сервис аркылуу тапшырылган болуп эсептелет жана бул жөнүндө сан-риптик жазуу менен ырасталат.

Билдирүүлөрдү кепилденген жеткирүү сервисинин иштөө тартиби, ошондой эле көрсөтүлгөн сервис аркылуу кабарлоолорду (кабарлоолорду, чакыруу кагаздарын, документтерди) жиберүү, жеткирүү жана белгилөө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

Эгерде кабарлоо дарек ээсине же анын өкүлүнө түздөн-түз сотто же болбосо анын турган жери боюнча тапшырылса, мындай тапшыруу кол койдуруу аркылуу жүзөгө ашырылат.

2. Иштин материалдарында административдик процесстин катышуучусунун уюлдук телефонунун номери жана электрондук почтасынын дареги жок болгон учурда, кабарлоо юридикалык жактын сотко белгилүү болгон акыркы турган жери же жеке жактын жашаган жери боюнча дарек ээсине тапшырылгандыгы жөнүндө кабарлоо аркылуу тапшырык кат менен жибарилет.»;

б) 4-бөлүктө «сот актыларынын көчүрмөлөрүнүн» деген сөздөр «кабарлоонун» деген сөзгө алмаштырылсын;

2) 107-берененин 2-бөлүгүндө:

а) 1-пункчада «соттук актысынын көчүрмөсүн» деген сөздөр «кабарлоону» деген сөзгө алмаштырылсын;

б) 2–4-пунктчалар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2) эгерде почталык кабарлоого карабастан, дарек ээси белгиленген тартипте сот тарабынан жиберилген кабарлоону алуу үчүн келбесе, бул жөнүндө байланыш органы сотко маалымдаса;

3) эгерде юридикалык жактын сотко белгилүү болгон акыркы турган жери, жеке жактын жашаган жери боюнча сот тарабынан жиберилген кабарлоо көрсөтүлгөн дарек боюнча дарек ээсинин жоктугуна байланыштуу тапшырылбаса, бул жөнүндө байланыш органы сотко маалымдаса;

4) эгерде кабарлоо сот тарабынан жиберилген жана дарек ээси тарабынан алынган фактысын белгилөөгө мүмкүндүк берүүчү билдирүүлөрдү кепилденген жеткирүү сервиси, тиешелүү кабарлоо жиберилген жана дарек ээси тарабынан алынган фактысын белгилөөгө мүмкүндүк берүүчү СМС-билдирүү, электрондук почта же телекоммуникациянын башка ушуга окшош формалары аркылуу жиберилгендиги жөнүндө сотто маалыматтар бар болсо.».

2-берене

Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексине (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2017-ж., №1 (2), 14-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 128-беренеде:

а) 1-бөлүк төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. Ишке катышуучу жактар сот жыйналышынын же айрым процесстик аракеттерди жүргүзүүнүн убактысы жана орду жөнүндө кабардар кылынат. Ишке катышуучу жактарды жана процесстин башка катышуучуларын сотко чакыруу кабарлоону жөнөтүү жана алуу фактысын жазууга мүмкүндүк берүүчү билдирүүлөрдү кепилденген жеткирүү сервиси аркылуу жүргүзүлөт.

Билдирүүлөрдү кепилденген жеткирүү сервиси аркылуу кабарлоо жиберүү үчүн техникалык мүмкүнчүлүк же болбосо зарыл болгон маалыматтар жок болгон учурда, кабарлоо тиешелүү кабарлоо жиберилген жана дарек ээси тарабынан алынган фактысын белгилөөгө мүмкүндүк берүүчү СМС-билдирүү, электрондук почта же телекоммуникациянын башка ушуга окшош формалары аркылуу жөнөтүлөт.

Жогоруда көрсөтүлгөн ыкмаларды пайдалануу мүмкүнчүлүгү жок болгон учурда кабарлоо соттун чакыруу каты менен жүзөгө ашырылат.

Мында берилген тексттин сотто калуучу жана ишке тиркелүүчү көчүрмөсүндө бул текстти берген адамдын фамилиясы жана кызмат орду, кабарлоону жүзөгө ашыруу ыкмасы, аны өткөрүп берүүнүн датасы жана убактысы, ошондой эле аны кабыл алган адамдын фамилиясы жана кызмат орду көрсөтүлөт.

Билдирүүлөрдү кепилденген жеткирүү сервисинин иштөө тартиби, ошондой эле көрсөтүлгөн сервис аркылуу кабарлоолорду (кабарлоолорду, чакыруу кагаздарын, документтерди) жиберүү, жеткирүү жана белгилөө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.»;

б) 2-бөлүк күчүн жоготту деп таанылсын;

в) 3-бөлүктүн экинчи сүйлөмү алып салынсын;

2) 131-берененин 2-бөлүгүнүн 4-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«4) эгерде кабарлоо тиешелүү кабарлоо сот тарабынан жиберилген жана дарек ээси тарабынан алынган фактысын белгилөөгө мүмкүндүк берүүчү билдирүүлөрдү кепилденген жеткирүү сервиси, тиешелүү кабарлоо жиберилген жана дарек ээси тарабынан алынган фактысын белгилөөгө мүмкүндүк берүүчү СМС-билдирүү, электрондук почта же телекоммуникациянын башка ушуга окшош формалары аркылуу жиберилгендиги жөнүндө соттун маалыматтары бар болсо.»;

3) 318[7]-берененин 2-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2. Ишке катышуучу жактар сот жыйналышынын убактысы жана орду жөнүндө кабардар кылынат. Кабарлоолор жана чакыруу каттары процесстин катышуучуларына ушул Кодекстин 128-беренесинин эрежелери боюнча жөнөтүлөт.».

3-берене

Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине («Эркин-Тоо» гезити, 2021-жылдын 16-ноябры, №122–133) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

545-берене төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«545-берене. Кабарландыруу

Сот же ыйгарым укуктуу орган ишти кароо же башка процесстик аракеттерди жүзөгө ашыруу башталганга чейин 24 сааттан кечиктирбестен укук бузуулар жөнүндө иш боюнча өндүрүштүн катышуучуларына ишти кароонун датасы жана орду, айрым процессуалдык аракеттер жөнүндө тиешелүү кабарландыруу жөнөтүлгөн жана дарек ээси алган фактысын белгилөөгө мүмкүнчүлүк берүүчү билдирүүлөрдү кепилденген жеткирүү сервиси аркылуу кабарлайт, ишти кароого же башка процессуалдык аракеттерди жүзөгө ашырууга катышуу үчүн аларды чакырат.

Билдирүүлөрдү кепилденген жеткирүү сервиси аркылуу кабарландыруу жиберүү үчүн техникалык мүмкүнчүлүк же болбосо зарыл болгон маалыматтар жок болгон учурда, кабарландыруу тиешелүү кабарландыруу жиберилген жана дарек ээси тарабынан алынган фактысын белгилөөгө мүмкүндүк берүүчү СМС-билдирүү, электрондук почта же телекоммуникациянын башка ушуга окшош формалары аркылуу жөнөтүлөт.

Жогоруда көрсөтүлгөн ыкмаларды пайдалануу мүмкүнчүлүгү жок болгон учурда кабарландыруу кол койдуруп алуу менен тапшырылгандыгы жөнүндө тапшырык кат менен жөнөтүлүүчү соттун чакыруу кагазы аркылуу жүзөгө ашырылат.

Билдирүүлөрдү кепилденген жеткирүү сервисинин иштөө тартиби, ошондой эле көрсөтүлгөн сервис аркылуу кабарлоолорду (кабарландырууларды, чакыруу кагаздарын, документтерди) жиберүү, жеткирүү жана белгилөө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.».

4-берене

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексине («Эркин-Тоо» гезити, 2021-жылдын 16-ноябры, №122–133) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 102-берененин 1-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. Иш жүзүндө кармалгандан кийин тергөөчү шектүүнүн кармалгандыгы жөнүндө анын жакын туугандарынын кайсы бирөөнө, жубайына, ошондой эле адвокатына кабарламаны жиберүү жана алуу фактысын белгилөөгө мүмкүнчүлүк берүүчү кабарламаларды кепилденген жеткирүү сервиси аркылуу токтоосуз кабарлоого милдеттүү.

Кабарламаны көрсөтүлгөн сервис аркылуу жиберүү үчүн техникалык мүмкүнчүлүк же болбосо зарыл болгон маалыматтар жок болгон учурда, кабарлама тиешелүү кабарлама жиберилген жана дарек ээси тарабынан алынган фактысын белгилөөгө мүмкүндүк берүүчү СМС-билдирүү, электрондук почта же телекоммуникациянын башка ушуга окшош формалары аркылуу жөнөтүлөт.

Тергөөчү шектүүнүн өзүнө да акысыз кабарлоо мүмкүнчүлүгүн берүүгө милдеттүү.

Жүргүзүлгөн кабарлоо жана аны жүзөгө ашыруунун ыкмасы тууралуу тиешелүү белги кармоо жөнүндө токтомго коюлат.

Кабарламаларды кепилденген жеткирүү сервисинин иштөө тартиби, ошондой эле көрсөтүлгөн сервис аркылуу кабарламаларды (кабарлоолорду, чакыруу кагаздарын, документтерди) жиберүү, жеткирүү жана белгилөө Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.»;

2) 196-беренеде:

а) 1-бөлүк төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. Күбө, жабырлануучу, ошондой эле эркиндикте жүргөн шектүү же болбосо айыпталуучу суракка чакыруу кагазын жөнөтүү жана алуу фактысын белгилөөгө мүмкүндүк берүүчү кабарламаларды кепилденген жеткирүү сервиси аркылуу жиберилүүчү чакыруу кагазы менен чакырылат. Анда ким жана кандай сапатта, кимге жана кайсыл дарекке чакырылып жаткандыгы; сурakка келүү убактысы (күнү, сааты), адвокатты чакыруу укугу, ошондой эле жүйөлүү себептерсиз келбей коюунун кесепеттери көрсөтүлүүгө тийиш.

Кабарламаларды кепилденген жеткирүү сервиси аркылуу чакыруу кагазын жиберүү үчүн техникалык мүмкүнчүлүк же болбосо зарыл болгон маалыматтар жок болгон учурда, чакыруу кагазы тиешелүү чакыруу кагазы жиберилген жана дарек ээси тарабынан алынган фактысын белгилөөгө мүмкүндүк берүүчү СМС-билдирүү, электрондук почта же телекоммуникациянын башка ушуга окшош формалары аркылуу жөнөтүлөт.

Жогоруда көрсөтүлгөн ыкмаларды колдонуу мүмкүнчүлүгү жок болгон учурда, кабарлоо кол койдуруп алуу менен тапшырылгандыгы жөнүндө кабарлоосу бар тапшырык кат аркылуу жиберилүүчү чакыруу кагазы менен жүзөгө ашырылат. Чакырылуучу жок болгон учурда, ага өткөрүп берүү үчүн чакыруу кагазы анын үй-бүлөсүнүн жашы жеткен мүчөлөрүнүн бирине колун койдуруп алуу менен тапшырылат.

Кабарламаларды кепилденген жеткирүү сервисинин иштөө тартиби, ошондой эле көрсөтүлгөн сервис аркылуу кабарламаларды (кабарлоолорду, чакыруу кагаздарын, документтерди) жиберүү, жеткирүү жана белгилөө Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.»;

б) 2-бөлүк күчүн жоготту деп таанылсын;

3) 226-берененин 1-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. Атайын тергөө аракеттерин жүргүзүүнүн жыйынтыгында укуктары чектелген адамдар чектөөнүн орун алгандыгы тууралуу тергөөчү тарабынан кабарламаны жиберүү жана алуу фактысын жазууга мүмкүндүк берүүчү кабарламаларды кепилденген жеткирүү сервиси аркылуу кабардар болууга тийиш.

Кабарламаларды кепилденген жеткирүү сервиси аркылуу кабарлама жиберүү үчүн техникалык мүмкүнчүлүк же болбосо зарыл болгон маалыматтар жок болгон учурда, кабарлама тиешелүү билдирүү жиберилген жана дарек ээси тарабынан алынган фактысын белгилөөгө мүмкүндүк берүүчү СМС-билдирүү, электрондук почта же телекоммуникациянын башка ушуга окшош формалары аркылуу жөнөтүлөт.

Кабарламаларды кепилденген жеткирүү сервисинин иштөө тартиби, ошондой эле көрсөтүлгөн сервис аркылуу кабарламаларды (кабарлоолорду, чакыруу кагаздарын, документтерди) жиберүү, жеткирүү жана белгилөө Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.»;

4) 242-беренеде:

а) 1-бөлүк төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. Эркиндикте жүргөн айыпталуучу сурakка чакыруу кагазын жиберүү жана алуу фактысын белгилөөгө мүмкүндүк берүүчү кабарламаларды кепилденген жеткирүү сервиси аркылуу жиберилүүчү чакыруу кагазы менен чакырылат.

Кабарламаларды кепилденген жеткирүү сервиси аркылуу чакыруу кагазын жиберүү үчүн техникалык мүмкүнчүлүк же болбосо зарыл болгон маалыматтар жок болгон учурда, чакыруу кагазы тиешелүү чакыруу кагазы жиберилген жана дарек ээси тарабынан алынган фактысын белгилөөгө мүмкүндүк берүүчү СМС-билдирүү, электрондук почта же телекоммуникациянын башка ушул сыяктуу формалары аркылуу жөнөтүлөт.

Жогоруда көрсөтүлгөн ыкмаларды колдонуу мүмкүнчүлүгү жок болгон учурда, кабарлоо колун койдуруп алуу менен тапшырылгандыгы жөнүндө кабарлоосу бар тапшырык кат аркылуу жиберилүүчү чакыруу кагазы менен жүзөгө ашырылат. Чакырылуучу жок болгон учурда, ага өткөрүп берүү үчүн чакыруу кагазы анын үй-бүлөсүнүн жашы жеткен мүчөлөрүнүн бирине колун койдуруп алуу менен тапшырылат.

Кабарламаларды кепилденген жеткирүү сервисинин иштөө тартиби, ошондой эле көрсөтүлгөн сервис аркылуу кабарламаларды (кабарлоолорду, чакыруу кагаздарын, документтерди) жиберүү, жеткирүү жана белгилөө Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.»;

б) 3-бөлүк күчүн жоготту деп таанылсын;

5) 247-берененин 2-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2. Тергөөнү токтото туруу менен тергөөчү бул тууралуу жабырлануучуга жана (же) анын өкүлүнө кабарламаны жиберүү жана алуу фактысын белгилөөгө мүмкүндүк берүүчү кабарламаларды кепилденген жеткирүү сервиси аркылуу кабарлоого, ошондой эле тергөөнү токтото туруу жөнүндө токтом боюнча прокурорго 5 сутканын ичинде даттануура мүмкүн экендигин, бир эле убакта ага (аларга) түшүндүрүүгө милдеттүү. Ушул Кодекстин 246-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктунда каралган негиздер боюнча тергөө токтотулуп турган учурда, айыпталуучуга жана анын адвокатына ушундай эле тартипте кабарланат.

Кабарламаларды кепилденген жеткирүү сервиси аркылуу кабарлама жиберүү үчүн техникалык мүмкүнчүлүк же болбосо зарыл болгон маалыматтар жок болгон учурда, кабарлама тиешелүү кабарлама жиберилген жана дарек ээси тарабынан алынган фактысын белгилөөгө мүмкүндүк берүүчү СМС-билдирүү, электрондук почта же телекоммуникациянын башка ушуга окшош формалары аркылуу жөнөтүлөт.

Кабарламаларды кепилденген жеткирүү сервисинин иштөө тартиби, ошондой эле көрсөтүлгөн сервис аркылуу кабарламаларды (кабарлоолорду, чакыруу кагаздарын, документтерди) жиберүү, жеткирүү жана белгилөө Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.»;

6) 249-берененин 3-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«3. Тергөөнүн кайра башталышы жөнүндө шектүүгө, айыпталуучуга жана адвокатка, ошондой эле жабырлануучуга жана (же) анын өкүлүнө кабарламаны жиберүү жана алуу фактысын белгилөөгө мүмкүнчүлүк берүүчү кабарламаларды кепилденген жеткирүү сервиси аркылуу билдирилет.

Кабарламаларды кепилденген жеткирүү сервиси аркылуу кабарлама жиберүү үчүн техникалык мүмкүнчүлүк же болбосо зарыл болгон маалыматтар жок болгон учурда, кабарлама тиешелүү кабарлама жиберилген жана дарек ээси тарабынан алынган фактысын белгилөөгө мүмкүндүк берүүчү СМС-билдирүү, электрондук почта же телекоммуникациянын башка ушуга окшош формалары аркылуу жөнөтүлөт.

Кабарламаларды кепилденген жеткирүү сервисинин иштөө тартиби, ошондой эле көрсөтүлгөн сервис аркылуу кабарламаларды (кабарлоолорду, чакыруу кагаздарын, документтерди) жиберүү, жеткирүү жана белгилөө Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.»;

7) 258-берененин 3-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«3. Ишти кыскартуу жөнүндө токтомдун көчүрмөсүн тергөөчү прокурорго жөнөтөт, бир эле учурда кыскартуунун негиздерин көрсөтүү менен ал боюнча иш кыскартылып жат-

(Уландысы 9-бетте)

МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАР ТАРАБЫНАН АДАМДАРГА КАБАРЛАМАЛАРДЫ КЕПИЛДЕНГЕН ЖЕТКИРҮҮ СЕРВИСИ АРКЫЛУУ БИЛДИРҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙРЫМ МЫЙЗАМ АКТЫЛАРЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

(Башталышы 8-бетте)

кан адамга, жабырлануучуга, алардын арызы боюнча тергөө башталган адамга жана (же) уюмга кабарламаларды кепилденген жеткирүү сервиси аркылуу кабарлайт жана аларга даттануу укугун түшүндүрөт.

Кабарламаларды кепилденген жеткирүү сервиси аркылуу кабарлоо жиберүү үчүн техникалык мүмкүнчүлүк же болбосо зарыл болгон маалыматтар жок болгон учурда, кабарлоо тиешелүү кабарлоо жиберилген жана дарек ээси тарабынан алынган фактысын белгилөөгө мүмкүндүк берүүчү СМС-билдирүү, электрондук почта же телекоммуникациянын башка ушуга окшош формалары аркылуу жөнөтүлөт.

Кабарламаларды кепилденген жеткирүү сервисинин иштөө тартиби, ошондой эле көрсөтүлгөн сервис аркылуу кабарламаларды (кабарлоолорду, чакыруу кагаздарын, документтерди) жиберүү, жеткирүү жана белгилөө Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.»;

8) 260-берененин 3-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«3. Иш боюнча өндүрүштүн кайра башталганы жөнүндө шектүү, айыпталуучу, алардын адвокаты, жабырлануучу жана анын өкүлү, ошондой эле алардын арызы боюнча иш козголгон адам же уюм кабарлоону жиберүү жана алуу фактысын белгилөөгө мүмкүнчүлүк берүүчү билдирүүлөрдү кепилденген жеткирүү сервиси аркылуу кабарландырылат.

Кабарламаларды кепилденген жеткирүү сервиси аркылуу кабарлама жиберүү үчүн техникалык мүмкүнчүлүк же болбосо зарыл болгон маалыматтар жок болгон учурда, кабарлама тиешелүү кабарлама жиберилген жана дарек ээси тарабынан алынган фактысын белгилөөгө мүмкүндүк берүүчү СМС-билдирүү, электрондук почта же телекоммуникациянын башка ушуга окшош формалары аркылуу жөнөтүлөт.

Кабарламаларды кепилденген жеткирүү сервисинин иштөө тартиби, ошондой эле көрсөтүлгөн сервис аркылуу кабарламаларды (кабарлоолорду, чакыруу кагаздарын, документтерди) жиберүү, жеткирүү жана белгилөө Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.»;

9) 279-берененин 3-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«3. Тараптарды соттук отурумга чакыруу жөнүндө кабарлама ушул Кодекстин 282-беренесинин эрежелери боюнча алдын ала угуу өткөрүлүүчү күнгө чейин 3 суткадан кем эмес убакытта жөнөтүлүүгө тийиш.»;

10) 280-берененин 6-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«6. Тараптар соттук отурумдун орду, датасы жана убактысы жөнүндө ушул Кодекстин 282-беренесинин эрежелери боюнча ал башталганга чейин 5 суткадан кем эмес убакытта кабардар кылынууга тийиш.»;

11) 282-берененин 3-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«3. Ишке катышып жаткан жактарды жана процесстин башка катышуучуларын сотко чакыруу кабарлоону жиберүү жана алуу фактысын белгилөөгө мүмкүндүк берүүчү кабарламаларды кепилденген жеткирүү сервиси аркылуу жүргүзүлүшү мүмкүн.

Кабарламаларды кепилденген жеткирүү сервиси аркылуу кабарлоо жиберүү үчүн техникалык мүмкүнчүлүк же болбосо зарыл болгон маалыматтар жок болгон учурда, кабарлоо тиешелүү кабарлоо жиберилген жана дарек ээси тарабынан алынган фактысын белгилөөгө мүмкүндүк берүүчү СМС-билдирүү, электрондук почта же телекоммуникациянын башка ушуга окшош формалары аркылуу жөнөтүлөт. Көрсөтүлгөн ыкмаларды пайдалануу мүмкүнчүлүгү жок болгон учурда, кабарлоо кол койдуруп алуу менен тапшырылгандыгы жөнүндө кабарламасы бар тапшырык кат аркылуу жиберилүүчү соттун чакыруу кагазы менен жүргүзүлөт.

Мында берилген тексттин сотто кала турган жана ишке тиркеле турган көчүрмөсүндө бул текстти берген адамдын фамилиясы жана кызмат орду, кабарлоону жүзөгө ашыруунун ыкмасы, аны берген датасы жана убактысы, ошондой эле аны кабыл алган адамдын фамилиясы жана кызмат орду көрсөтүлөт.

Кабарламаларды кепилденген жеткирүү сервисинин иштөө тартиби, ошондой эле көрсөтүлгөн сервис аркылуу кабарламаларды (кабарлоолорду, чакыруу кагаздарын, документтерди) жиберүү, жеткирүү жана белгилөө Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.»;

12) 404-берененин 1 жана 2-бөлүктөрү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. Өкүм чыгарган же башка даттаныла турган чечим чыгарган сот берилген даттануулар же сунуштар жөнүндө кабарламаларды кепилденген жеткирүү сервиси аркылуу кабарлайт жана алардын көчүрмөлөрүн айыпталуучуга же акталган адамга, медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонулуу жөнүндө өндүрүш жүргүзүлгөн же жүргүзүлүп жаткан адамга, адвокатка, айыптоочуга, жабырлануучуга жана (же) анын өкүлүнө жиберет.

Кабарламаларды кепилденген жеткирүү сервиси аркылуу кабарлоо жиберүү үчүн техникалык мүмкүнчүлүк же болбосо зарыл болгон маалыматтар жок болгон учурда, кабарлоо тиешелүү билдирүү жиберилген жана дарек ээси тарабынан алынган фактысын белгилөөгө мүмкүндүк берүүчү СМС-билдирүү, электрондук почта же телекоммуникациянын башка ушуга окшош формалары аркылуу жөнөтүлөт.

2. Тергөө судьясы берилген даттануулар же сунуштар жөнүндө кабарламаларды кепилденген жеткирүү сервиси аркылуу кабарлайт жана алардын көчүрмөлөрүн шектүүгө, айыпталуучуга, адвокатка, жабырлануучуга, анын өкүлүнө жана прокурорго жөнөтөт.

Кабарламаларды кепилденген жеткирүү сервиси аркылуу кабарлоо жиберүү үчүн техникалык мүмкүнчүлүк же болбосо зарыл болгон маалыматтар жок болгон учурда, кабарлоо тиешелүү кабарлоо жиберилген жана дарек ээси тарабынан алынган фактысын белгилөөгө мүмкүндүк берүүчү СМС-билдирүү, электрондук почта же телекоммуникациянын башка ушул сыяктуу формалары аркылуу жөнөтүлөт.»;

13) 411-берененин 1-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. Иш апелляциялык даттануу же сунуш менен келип түшкөндө судья-баяндамачы апелляциялык инстанцияга кылмыш иши келип түшкөн күндөн тартып 14 күндөн кечиктирбестен соттун отурумун дайындоо жөнүндө аныктама чыгарат, анын убактысы жана өтүүчү жери тууралуу тараптарга ушул Кодекстин 282-беренесинин эрежелери боюнча кабарлайт.»;

14) 443-берененин 2-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2. Даттануу жана (же) сунуштама берилгендиги жөнүндө биринчи инстанциядагы сот ишке катышуучу адамдарга кабарламаларды кепилденген жеткирүү сервиси аркылуу кабарлайт жана 5 күндүн ичинде ишти Жогорку сотко жөнөтөт. Кабарламаларды кепилденген жеткирүү сервиси аркылуу кабарлоо жиберүү үчүн техникалык мүмкүнчүлүк же болбосо зарыл болгон маалыматтар жок болгон учурда, кабарлоо тиешелүү кабарлоо жиберилген жана дарек ээси тарабынан алынган фактысын белгилөөгө мүмкүндүк берүүчү СМС-билдирүү, электрондук почта же телекоммуникациянын башка ушуга окшош формалары аркылуу жөнөтүлөт.».

5-берене

«Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2017-ж., №1 (2), 15-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 23-берененин 4-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«4. Сот аткаруучу өзүнүн демилгеси боюнча же аткаруу өндүрүшүнө катышып жаткан адамдардын арызы боюнча токтомдо алар тарабынан жол берилген жаңылыш жазууларды же даана арифметикалык каталарды оңдоого укуктуу, бул тууралуу өзүнчө токтом чыгарат, ал ушул Мыйзамда белгиленген тартипте жана мөөнөттөрдө даттанылышы мүмкүн.

Сот аткаруучунун токтому ал чыгарылган күндөн тартып 3 жумуш күндүн ичинде тиешелүү документ жиберилген жана дарек ээси алган фактысын белгилөөгө мүмкүнчүлүк берүүчү кабарламаларды кепилденген жеткирүү сервиси аркылуу аткаруу өндүрүшүнө катышкан тиешелүү адамдарга жөнөтүлөт.

Кабарламаларды кепилденген жеткирүү сервиси аркылуу документ жиберүү үчүн техникалык мүмкүнчүлүк же зарыл болгон маалыматтар жок болгон учурда, документ кагаз жүзүндө жөнөтүлөт.

Кабарламаларды кепилденген жеткирүү сервисинин иштөө тартиби, ошондой эле көрсөтүлгөн сервис аркылуу кабарламаларды (кабарлоолорду, чакыруу кагаздарын, документтерди) жиберүү, жеткирүү жана белгилөө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.»;

2) 43-беренеде:

а) 1-бөлүк төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. Аткаруу өндүрүшүнө катышкан адамдар аткаруу иш-аракеттери жөнүндө жана мажбурлап аткаруу чаралары жөнүндө тийиштүү кабарлоону жиберүү жана дарек ээсинин алуу фактысын белгилөөгө мүмкүнчүлүк берүүчү кабарламаларды кепилденген жеткирүү сервиси аркылуу кабарландырылат.

Кабарламаларды кепилденген жеткирүү сервиси аркылуу кабарлоо жиберүү үчүн техникалык мүмкүнчүлүк же болбосо зарыл болгон маалыматтар жок болгон учурда, кабарлоо тиешелүү билдирүү жиберилген жана дарек ээси тарабынан алынган фактысын белгилөөгө мүмкүндүк берүүчү СМС-билдирүү, электрондук почта же телекоммуникациянын башка ушуга окшош формалары аркылуу жөнөтүлөт.

Кабарламаларды кепилденген жеткирүү сервисинин иштөө тартиби, ошондой эле көрсөтүлгөн сервис аркылуу кабарламаларды (кабарлоолорду, чакыруу кагаздарын, документтерди) жиберүү, жеткирүү жана белгилөө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.»;

б) 3-бөлүк төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«3. Аткаруу өндүрүшүнө катышкан жакка даректелген кабарлоо же чакыруу кагазы аткаруу документинде көрсөтүлгөн дарек боюнча, же болбосо тийиштүү маалыматтар болгон учурда кабарламаларды кепилденген жеткирүү сервиси аркылуу жиберилет.

Адам башка даректи, анын ичинде кабарламаларды кепилденген жеткирүү сервиси аркылуу кабарлоолорду жиберүү үчүн зарыл болгон маалыматтарды көрсөтүүгө укуктуу.

Кабарлоо же чакыруу кагазы аткаруу өндүрүшүнө катышкан адамдын иштеген жери боюнча да жөнөтүлүшү мүмкүн.»;

3) 45-беренеде:

а) 2-бөлүк төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2. Эгерде кабарлоо же чакыруу кагазы кабарламаларды кепилденген жеткирүү сервиси же болбосо электрондук байланыштын башка түрү аркылуу жиберилсе, аларды жиберүү жана дарек ээсине жеткирүү датасы жана убактысы маалыматтык тутумда же болбосо башка белгиленген ыкма менен катталат.

Кабарламаларды кепилденген жеткирүү сервиси аркылуу жөнөтүлгөн кабарлоо же чакыруу кагазы жеткирилгендиги тууралуу маалыматтар маалыматтык тутумда болгон учурда алар жеткирилди жана талаптагыдай тапшырылды деп эсептелет.»;

б) 6-бөлүктүн экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Эгерде кабарлоо же чакыруу кагазы дарек ээсине ушул берененин 2-бөлүгүнө ылайык кабарламаларды кепилденген жеткирүү сервиси аркылуу жиберилсе, жак дагы талаптагыдай кабарландырылды деп эсептелет.»;

4) 46-берене төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«46-берене. Аткаруу өндүрүшүн жүргүзүү убагында даректи алмаштыруу

1. Аткаруу өндүрүшүнө катышып жаткан адам өзүнүн дарегинин алмашканы жөнүндө сот аткаруучулар бөлүмүнө билдирүүгө, ошондой эле кабарламаларды кепилденген жеткирүү сервиси аркылуу кабарлоолорду жиберүү үчүн зарыл болгон маалыматтарды берүүгө жана актуалдаштырууга милдеттүү.

2. Мындай билдирүү жок болгон учурда кабарлоо же чакыруу кагазы көрсөтүлгөн адамдын белгилүү болгон акыркы дареги боюнча же болбосо тиешелүү маалыматтар болгон учурда кабарламаларды кепилденген жеткирүү сервиси аркылуу жиберилет жана аталган жак бул дарек боюнча мындан ары жашабаганына же турбаганына, же болбосо тиешелүү байланыш каражаттарын иш жүзүндө пайдаланбаганына карабастан, талаптагыдай кабарландырылды деп эсептелет.».

6-берене

Ушул Мыйзам расмий жарыялануга тийиш жана 2026-жылдын 1-ноябрынан тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖАПАРОВ

Бишкек ш., 2026-жылдын 6-октябры, №148

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УКУК БУЗУУЛАР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКСИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

1-берене

Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине («Эркин-Тоо» гезити, 2021-жылдын 16-ноябры, №122–133) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 114-беренеде:

а) «Калктуу» деген сөз «1. Калктуу» деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) төмөнкүдөй мазмундагы 2-бөлүк менен толукталсын:

«2. Ушул берененин 1-бөлүгүндө каралган ошол эле жосундар жаза чаралары колдонулгандан кийин бир жылдын ичинде кайталанып жасалса -

20 саатка коомдук жумуштарга тартууга алып келет.»;

2) 115-берене төмөнкүдөй мазмундагы 4-бөлүк менен толукталсын:

«4. Ушул берененин 1-3-бөлүктөрүндө каралган жосундар жаза чаралары колдонулгандан кийин бир жылдын ичинде кайталанып жасалса -

20дан 30 саатка чейинки мөөнөткө коомдук жумуштарга тартууга алып келет.»;

2026-жылдын 16-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган

3) 454-берененин 1-бөлүгү төмөнкүдөй мазмундагы 6-пункт менен толуктасын:

«6) укук бузуулар жөнүндө протоколдор жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан түзүлүүчү ушул Кодекстин 114-беренесинин 2-бөлүгү, 115-беренесинин 4-бөлүгү боюнча.»;

4) 492-беренеде:

а) биринчи абзацта «113–124-беренелеринде» деген сөздөр «113-беренесинде, 114-беренесинин 1-бөлүгүндө, 115-беренесинин 1–3-бөлүктөрүндө, 116–124-беренелеринде» деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

«Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ушул Кодекстин 114-беренесинин 2-бөлүгүндө, 115-беренесинин 4-бөлүгүндө каралган укук бузуулар жөнүндө протоколдорду түзөт жана аларды кароо үчүн сотко жиберет.»;

5) 561-беренеде:

а) 5-бөлүк төмөнкүдөй мазмундагы 5-пункт менен толуктасын:

«5) электрондук-техникалык контролдоо каражаттарын пайдаланышат.»;

б) төмөнкүдөй мазмундагы эскертүү менен толукталсын:

«Эскертүү. Электрондук-техникалык контролдоо каражаттары – коомдук жумуштардын аткарылышын контролдоо үчүн арналган түзүлүштөр жана программалык камсыздоо.».

2-берене

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖАПАРОВ

Бишкек ш., 2026-жылдын 6-октябры, №149

Эркин-Тоо
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В НЕКОТОРЫЕ ЗАКОНОДАТЕЛЬНЫЕ АКТЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ ПО ВОПРОСАМ УВЕДОМЛЕНИЯ ЛИЦ ГОСУДАРСТВЕННЫМИ ОРГАНАМИ ПОСРЕДСТВОМ СЕРВИСА ГАРАНТИРОВАННОЙ ДОСТАВКИ СООБЩЕНИЙ

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 16 сентября 2026 года

Статья 1

Внести в Административно-процессуальный кодекс Кыргызской Республики (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2017 г., №1 (2), ст. 13) следующие изменения:

1) в статье 104:

а) части 1 и 2 изложить в следующей редакции:

«1. Участники административного процесса извещаются судом о времени и месте судебного заседания или проведения отдельного процессуального действия посредством сервиса гарантированной доставки сообщений, позволяющего зафиксировать факт направления судом и получения адресатом извещения.

В случае отсутствия технической возможности либо сведений, необходимых для направления извещения посредством сервиса гарантированной доставки сообщений, извещение направляется посредством СМС-сообщения, электронной почты или иных аналогичных форм телекоммуникаций, позволяющих зафиксировать факт направления и получения адресатом соответствующего извещения.

При этом на копии переданного текста, которая остается в суде и приобщается к делу, указываются фамилия и должность лица, передавшего этот текст, способ осуществления извещения, дата и время его передачи, а также фамилия и должность лица, принявшего его.

Если извещение направлено посредством сервиса гарантированной доставки сообщений, оно считается врученным через указанный сервис и удостоверяется цифровой записью об этом.

Порядок функционирования сервиса гарантированной доставки сообщений, а также направления, доставки и фиксации уведомлений (извещений, повесток, документов) посредством указанного сервиса определяется Кабинетом Министров Кыргызской Республики.

В случае если извещение вручается адресату или его представителю непосредственно в суде либо по месту его нахождения, такое вручение осуществляется под расписку.

2. В случае отсутствия в материалах дела номера мобильного телефона и адреса электронной почты участника административного процесса извещение направляется по последнему известному суду месту нахождения юридического лица или месту жительства физического лица заказным письмом с уведомлением о вручении адресату.»;

б) в части 4 слова «копий судебных актов» заменить словом «извещения»;

2) в части 2 статьи 107:

а) в подпункте 1 слова «копии судебного акта» заменить словом «извещения»;

б) подпункты 2–4 изложить в следующей редакции:

«2) если, несмотря на почтовое извещение, адресат не явился за получением извещения, направленного судом в установленном порядке, о чем орган связи проинформировал суд;

3) если извещение, направленное судом по последнему известному суду месту нахождения юридического лица, месту жительства физического лица, не вручено в связи с отсутствием адресата по указанному адресу, о чем орган связи проинформировал суд;

4) если суд имеет сведения об отправке извещения посредством сервиса гарантированной доставки сообщений, позволяющего зафиксировать факт направления судом и получения адресатом соответствующего извещения, СМС-сообщения, электронной почты или иных аналогичных форм телекоммуникаций, позволяющих зафиксировать факт направления и получения адресатом соответствующего извещения.».

Статья 2

Внести в Гражданский процессуальный кодекс Кыргызской Республики (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2017 г., №1 (2), ст. 14) следующие изменения:

1) в статье 128:

а) часть 1 изложить в следующей редакции:

«1. Лица, участвующие в деле, извещаются о времени и месте судебного заседания или совершения отдельных процессуальных действий. Вызов в суд лиц, участвующих в деле, и иных участников процесса производится посредством сервиса гарантированной доставки сообщений, позволяющего зафиксировать факт направления и получения извещения.

В случае отсутствия технической возможности либо сведений, необходимых для направления извещения посредством сервиса гарантированной доставки сообщений, извещение направляется посредством СМС-сообщения, электронной почты или иных аналогичных форм телекоммуникаций, позволяющих зафиксировать факт направления и получения адресатом извещения.

В случае отсутствия возможности использования вышеуказанных способов извещение осуществляется судебной повесткой.

При этом на копии переданного текста, которая остается в суде и приобщается к делу, указываются фамилия и должность лица, передавшего этот текст, способ осуществления извещения, дата и время его передачи, а также фамилия и должность лица, принявшего его.

Порядок функционирования сервиса гарантированной доставки сообщений, а также направления, доставки и фиксации уведомлений (извещений, повесток, документов) посредством указанного сервиса определяется Кабинетом Министров Кыргызской Республики.»;

б) часть 2 признать утратившей силу;

в) предложение второе части 3 исключить;

2) подпункт 4 части 2 статьи 131 изложить в следующей редакции:

«4) если у суда имеются сведения об отправке извещения посредством сервиса гарантированной доставки сообщений, позволяющего зафиксировать факт направления судом и получения адресатом соответствующего извещения, СМС-сообщения, электронной почты или иных аналогичных форм телекоммуникаций, позволяющих зафиксировать факт направления и получения адресатом соответствующего извещения.»;

3) часть 2 статьи 318^7 изложить в следующей редакции:

«2. Лица, участвующие в деле, извещаются о времени и месте судебного заседания. Извещения и повестки направляются участникам процесса по правилам статьи 128 настоящего Кодекса.».

Статья 3

Внести в Кодекс Кыргызской Республики о правонарушениях (газета «Эркин-Тоо» от 16 ноября 2021 года №122–133) следующее изменение:

статью 545 изложить в следующей редакции:

«Статья 545. Извещение

Суд или уполномоченный орган не позднее 24 часов до начала рассмотрения дела или осуществления иных процессуальных действий уведомляет участников производства по делам о правонарушениях посредством сервиса гарантированной доставки сообщений, позволяющего зафиксировать факт направления и получения адресатом соответствующего извещения о дате и месте рассмотрения дела, об отдельных процессуальных действиях, вызывает их для принятия участия в рассмотрении дела или осуществлении иных процессуальных действий.

В случае отсутствия технической возможности либо сведений, необходимых для направления извещения посредством сервиса гарантированной доставки сообщений, извещение направляется посредством СМС-сообщения, электронной почты или иных аналогичных форм телекоммуникаций, позволяющих зафиксировать факт направления и получения адресатом соответствующего извещения.

В случае отсутствия возможности использования вышеуказанных способов извещение производится судебной повесткой, направляемой заказным письмом с уведомлением о вручении под расписку.

Порядок функционирования сервиса гарантированной доставки сообщений, а также направления, доставки и фиксации уведомлений (извещений, повесток, документов) посредством указанного сервиса определяется Кабинетом Министров Кыргызской Республики.».

Статья 4

Внести в Уголовно-процессуальный кодекс Кыргызской Республики (газета «Эркин-Тоо» от 16 ноября 2021 года №122–133) следующие изменения:

1) часть 1 статьи 102 изложить в следующей редакции:

«1. После фактического задержания следователь обязан немедленно уведомить о задержании подозреваемого кого-либо из его близких родственников, супруга (супругу), а также адвоката посредством сервиса гарантированной доставки сообщений, позволяющего зафиксировать факт направления и получения уведомления.

В случае отсутствия технической возможности либо сведений, необходимых для направления уведомления посредством указанного сервиса, уведомление осуществляется посредством СМС-сообщения, электронной почты или иных аналогичных форм телекоммуникаций, позволяющих зафиксировать факт направления и получения адресатом соответствующего уведомления.

Следователь обязан также предоставить возможность бесплатного уведомления самому подозреваемому.

О произведенном уведомлении и способе его осуществления делается соответствующая отметка в постановлении о задержании.

Порядок функционирования сервиса гарантированной доставки сообщений, а также направления, доставки и фиксации уведомлений (извещений, повесток, документов) посредством указанного сервиса определяется Кабинетом Министров.»;

2) в статье 196:

а) часть 1 изложить в следующей редакции:

«1. Свидетель, потерпевший, а также находящийся на свободе подозреваемый либо обвиняемый вызываются на допрос повесткой, направляемой посредством сервиса гарантированной доставки сообщений, позволяющего зафиксировать факт направления и получения повестки. В ней должно быть указано, кто и в каком качестве, к кому и по какому адресу вызывается; время явки на допрос (день, час), право на приглашение адвоката, а также последствия неявки без уважительных причин.

В случае отсутствия технической возможности либо сведений, необходимых для направления повестки посредством сервиса гарантированной доставки сообщений, повестка направляется посредством СМС-сообщения, электронной почты или иных аналогичных форм телекоммуникаций, позволяющих зафиксировать факт направления и получения адресатом соответствующей повестки.

В случае отсутствия возможности использования вышеуказанных способов извещение осуществляется повесткой, направляемой заказным письмом с уведомлением о вручении под расписку. При отсутствии вызываемого повестка для передачи ему вручается под расписку кому-либо из совершеннолетних членов семьи.

Порядок функционирования сервиса гарантированной доставки сообщений, а также направления, доставки и фиксации уведомлений (извещений, повесток, документов) посредством указанного сервиса определяется Кабинетом Министров.»;

б) часть 2 признать утратившей силу;

3) часть 1 статьи 226 изложить в следующей редакции:

«1. Лица, права которых были ограничены в результате производства специальных следственных действий, должны быть поставлены в известность следователем об имевшем место ограничении посредством сервиса гарантированной доставки сообщений, позволяющего зафиксировать факт направления и получения уведомления.

В случае отсутствия технической возможности либо сведений, необходимых для направления уведомления посредством сервиса гарантированной доставки сообщений, уведомление направляется посредством СМС-сообщения, электронной почты или иных аналогичных форм телекоммуникаций, позволяющих зафиксировать факт направления и получения адресатом соответствующего уведомления.

Порядок функционирования сервиса гарантированной доставки сообщений, а также направления, доставки и фиксации уведомлений (извещений, повесток, документов) посредством указанного сервиса определяется Кабинетом Министров.»;

4) в статье 242:

а) часть 1 изложить в следующей редакции:

«1. Обвиняемый, находящийся на свободе, вызывается на допрос повесткой, направляемой посредством сервиса гарантированной доставки сообщений, позволяющего зафиксировать факт направления и получения повестки.

В случае отсутствия технической возможности либо сведений, необходимых для направления повестки посредством сервиса гарантированной доставки сообщений, повестка направляется посредством СМС-сообщения, электронной почты или иных аналогичных форм телекоммуникаций, позволяющих зафиксировать факт направления и получения адресатом соответствующей повестки.

В случае отсутствия возможности использования вышеуказанных способов извещение осуществляется повесткой, направляемой заказным письмом с уведомлением о вручении под расписку. При отсутствии вызываемого повестка для передачи ему вручается под расписку кому-либо из совершеннолетних членов семьи.

Порядок функционирования сервиса гарантированной доставки сообщений, а также направления, доставки и фиксации уведомлений (извещений, повесток, документов) посредством указанного сервиса определяется Кабинетом Министров.»;

б) часть 3 признать утратившей силу;

5) часть 2 статьи 247 изложить в следующей редакции:

«2. Приостановив следствие, следователь обязан уведомить об этом потерпевшего и (или) его представителя посредством сервиса гарантированной доставки сообщений, позволяющего зафиксировать факт направления и получения уведомления, а также одновременно разъяснить ему (им), что постановление о приостановлении следствия может быть обжаловано прокурору в течение 5 суток. В случае приостановления следствия по основаниям, предусмотренным пунктом 2 части 1 статьи 246 настоящего Кодекса, в таком же порядке уведомляются обвиняемый и его адвокат.

В случае отсутствия технической возможности либо сведений, необходимых для направления уведомления посредством сервиса гарантированной доставки сообщений, уведомление направляется посредством СМС-сообщения, электронной почты или иных аналогичных форм телекоммуникаций, позволяющих зафиксировать факт направления и получения адресатом соответствующего уведомления.

Порядок функционирования сервиса гарантированной доставки сообщений, а также направления, доставки и фиксации уведомлений (извещений, повесток, документов) посредством указанного сервиса определяется Кабинетом Министров.»;

6) часть 3 статьи 249 изложить в следующей редакции:

«3. О возобновлении следствия сообщается подозреваемому, обвиняемому и адвокату, а также потерпевшему и (или) его представителю посредством сервиса гарантированной доставки сообщений, позволяющего зафиксировать факт направления и получения уведомления.

В случае отсутствия технической возможности либо сведений, необходимых для направления уведомления посредством сервиса гарантированной доставки сообщений, уведомление направляется посредством СМС-сообщения, электронной почты или иных аналогичных форм телекоммуникаций, позволяющих зафиксировать факт направления и получения адресатом соответствующего уведомления.

Порядок функционирования сервиса гарантированной доставки сообщений, а также направления, доставки и фиксации уведомлений (извещений, повесток, документов) посредством указанного сервиса определяется Кабинетом Министров.»;

7) часть 3 статьи 258 изложить в следующей редакции:

«3. Копию постановления о прекращении дела следователь направляет прокурору, одновременно посредством сервиса гарантированной доставки сообщений извещает лицо, в отношении которого дело прекращается, потерпев-

(Продолжение на 11 стр.)

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В НЕКОТОРЫЕ ЗАКОНОДАТЕЛЬНЫЕ АКТЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ ПО ВОПРОСАМ УВЕДОМЛЕНИЯ ЛИЦ ГОСУДАРСТВЕННЫМИ ОРГАНАМИ ПОСРЕДСТВОМ СЕРВИСА ГАРАНТИРОВАННОЙ ДОСТАВКИ СООБЩЕНИЙ

(Начало на 10 стр.)

шего, лицо и (или) организацию, по заявлению которых было начато следствие, с указанием оснований прекращения и разъясняет им право обжалования.

В случае отсутствия технической возможности либо сведений, необходимых для направления извещения посредством сервиса гарантированной доставки сообщений, извещение направляется посредством СМС-сообщения, электронной почты или иных аналогичных форм телекоммуникаций, позволяющих зафиксировать факт направления и получения адресатом соответствующего извещения.

Порядок функционирования сервиса гарантированной доставки сообщений, а также направления, доставки и фиксации уведомлений (извещений, повесток, документов) посредством указанного сервиса определяется Кабинетом Министров.»;

8) часть 3 статьи 260 изложить в следующей редакции:

«3. О возобновлении производства по делу уведомляются подозреваемый, обвиняемый, их адвокат, потерпевший и его представитель, а также лицо или организация, по заявлению которых дело было возбуждено, посредством сервиса гарантированной доставки сообщений, позволяющего зафиксировать факт направления и получения уведомления.

В случае отсутствия технической возможности либо сведений, необходимых для направления уведомления посредством сервиса гарантированной доставки сообщений, уведомление направляется посредством СМС-сообщения, электронной почты или иных аналогичных форм телекоммуникаций, позволяющих зафиксировать факт направления и получения адресатом соответствующего уведомления.

Порядок функционирования сервиса гарантированной доставки сообщений, а также направления, доставки и фиксации уведомлений (извещений, повесток, документов) посредством указанного сервиса определяется Кабинетом Министров.»;

9) часть 3 статьи 279 изложить в следующей редакции:

«3. Уведомление о вызове сторон в судебное заседание должно быть направлено не менее чем за 3 суток до дня проведения предварительного слушания по правилам статьи 282 настоящего Кодекса.»;

10) часть 6 статьи 280 изложить в следующей редакции:

«6. Стороны должны быть извещены о месте, дате и времени судебного заседания не менее чем за 5 суток до его начала по правилам статьи 282 настоящего Кодекса.»;

11) часть 3 статьи 282 изложить в следующей редакции:

«3. Вызов в суд лиц, участвующих в деле, и иных участников процесса может производиться посредством сервиса гарантированной доставки сообщений, позволяющего зафиксировать факт направления и получения извещения.

В случае отсутствия технической возможности либо сведений, необходимых для направления извещения посредством сервиса гарантированной доставки сообщений, извещение направляется посредством СМС-сообщения, электронной почты или иных аналогичных форм телекоммуникаций, позволяющих зафиксировать факт направления и получения адресатом соответствующего извещения. В случае отсутствия возможности использования указанных способов извещение производится судебной повесткой, направляемой заказным письмом с уведомлением о вручении под расписку.

При этом на копии переданного текста, которая остается в суде и приобщается к делу, указываются фамилия и должность лица, передавшего этот текст, способ осуществления извещения, дата и время его передачи, а также фамилия и должность лица, принявшего его.

Порядок функционирования сервиса гарантированной доставки сообщений, а также направления, доставки и фиксации уведомлений (извещений, повесток, документов) посредством указанного сервиса определяется Кабинетом Министров.»;

12) части 1 и 2 статьи 404 изложить в следующей редакции:

«1. Суд, постановивший приговор или вынесший иное обжалуемое решение, извещает посредством сервиса гарантированной доставки сообщений о принесенных жалобе или представлении и направляет их копии обвиняемому или оправданному, лицу, в отношении которого велось или ведется производство о применении принудительной меры медицинского характера, адвокату, обвинителю, потерпевшему и (или) его представителю.

В случае отсутствия технической возможности либо сведений, необходимых для направления извещения посредством сервиса гарантированной доставки сообщений, извещение направляется посредством СМС-сообщения, электронной почты или иных аналогичных форм телекоммуникаций, позволяющих зафиксировать факт направления и получения адресатом соответствующего извещения.

2. Следственный судья извещает посредством сервиса гарантированной доставки сообщений о принесенных жалобе или представлении и направляет их копии подозреваемому, обвиняемому, адвокату, потерпевшему, его представителю и прокурору.

В случае отсутствия технической возможности либо сведений, необходимых для направления извещения посредством сервиса гарантированной доставки сообщений, извещение направляется посредством СМС-сообщения, электронной почты или иных аналогичных форм телекоммуникаций, позволяющих зафиксировать факт направления и получения адресатом соответствующего извещения.»;

13) часть 1 статьи 411 изложить в следующей редакции:

«1. При поступлении дела с апелляционными жалобой или представлением судья-докладчик не позднее 14 дней со дня поступления уголовного дела в апелляционную инстанцию выносит определение о назначении судебного заседания, о времени и месте которого извещаются стороны по правилам статьи 282 настоящего Кодекса.»;

14) часть 2 статьи 443 изложить в следующей редакции:

«2. О подаче жалобы и (или) представления суд первой инстанции посредством сервиса гарантированной доставки сообщений извещает лиц, участвующих в деле, и в течение 5 дней направляет дело в Верховный суд. В случае отсутствия технической возможности либо сведений, необходимых для направления извещения посредством сервиса гарантированной доставки сообщений, извещение направляется посредством СМС-сообщения, электронной почты или иных аналогичных форм телекоммуникаций, позволяющих зафиксировать факт направления и получения адресатом соответствующего извещения.».

Статья 5

Внести в Закон Кыргызской Республики «О статусе судебных исполнителей и об исполнительном производстве» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2017 г., №1 (2), ст. 15) следующие изменения:

1) часть 4 статьи 23 изложить в следующей редакции:

«4. Судебный исполнитель вправе по своей инициативе или по заявлению лиц, участвующих в исполнительном производстве, исправить допущенные им в постановлении описки или явные арифметические ошибки, о чем выносит отдельное постановление, которое может быть обжаловано в порядке и сроки, установленные настоящим Законом.

Постановление судебного исполнителя направляется соответствующим лицам, участвующим в исполнительном производстве, посредством сервиса гарантированной доставки сообщений, позволяющего зафиксировать факт направления и получения адресатом соответствующего документа, в течение 3 рабочих дней со дня его вынесения.

В случае отсутствия технической возможности либо сведений, необходимых для направления документа посредством сервиса гарантированной доставки сообщений, документ направляется в бумажной форме.

Порядок функционирования сервиса гарантированной доставки сообщений, а также направления, доставки и фиксации уведомлений (извещений, повесток, документов) посредством указанного сервиса определяется Кабинетом Министров Кыргызской Республики.»;

2) в статье 43:

а) часть 1 изложить в следующей редакции:

«1. Лица, участвующие в исполнительном производстве, извещаются об исполнительных действиях и о мерах принудительного исполнения посредством сервиса гарантированной доставки сообщений, позволяющего зафиксировать факт направления и получения адресатом соответствующего извещения.

В случае отсутствия технической возможности либо сведений, необходимых для направления извещения посредством сервиса гарантированной доставки сообщений, извещение направляется посредством СМС-сообщения, электронной почты или иных аналогичных форм телекоммуникаций, позволяющих зафиксировать факт направления и получения адресатом соответствующего извещения.

Порядок функционирования сервиса гарантированной доставки сообщений, а также направления, доставки и фиксации уведомлений (извещений, повесток, документов) посредством указанного сервиса определяется Кабинетом Министров Кыргызской Республики.»;

б) часть 3 изложить в следующей редакции:

«3. Извещение или повестка, адресованные лицу, участвующему в исполнительном производстве, направляются по адресу, указанному в исполнительном документе, либо при наличии соответствующих сведений – посредством сервиса гарантированной доставки сообщений.

Лицо вправе указать иной адрес, включая сведения, необходимые для направления извещений посредством сервиса гарантированной доставки сообщений.

Извещение или повестка могут быть направлены по месту работы лица, участвующего в исполнительном производстве.»;

3) в статье 45:

а) часть 2 изложить в следующей редакции:

«2. Если извещение или повестка направляются посредством сервиса гарантированной доставки сообщений либо иного вида электронной связи, дата и время их направления и доставки адресату фиксируются в информационной системе либо иным установленным способом.

Извещение или повестка, направленные посредством сервиса гарантированной доставки сообщений, считаются доставленными и надлежаще врученными при наличии сведений об их доставке в информационной системе.»;

б) абзац второй части 6 изложить в следующей редакции:

«Лицо также считается надлежаще извещенным, если извещение или повестка направлены адресату посредством сервиса гарантированной доставки сообщений в соответствии с частью 2 настоящей статьи.»;

4) статью 46 изложить в следующей редакции:

«Статья 46. Перемена адреса во время ведения исполнительного производства

1. Лицо, участвующее в исполнительном производстве, обязано сообщать в подразделение судебных исполнителей о перемене своего адреса, а также предоставлять и актуализировать сведения, необходимые для направления извещений посредством сервиса гарантированной доставки сообщений.

2. При отсутствии такого сообщения извещение или повестка направляются по последнему известному адресу указанного лица либо при наличии соответствующих сведений – посредством сервиса гарантированной доставки сообщений и указанное лицо считается надлежаще извещенным, даже если по этому адресу более не проживает или не находится либо фактически не использует соответствующие средства связи.».

Статья 6

Настоящий Закон подлежит официальному опубликованию и вступает в силу с 1 ноября 2026 года.

Президент
Кыргызской Республики **С.ЖАПАРОВ**

г.Бишкек, 6 октября 2026 года, №148

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В КОДЕКС КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ О ПРАВОНАРУШЕНИЯХ

Статья 1

Внести в Кодекс Кыргызской Республики о правонарушениях (газета «Эркин-Тоо» от 16 ноября 2021 года №122-133) следующие изменения:

1) в статье 114:

а) слово «Нарушение» заменить словами «1. Нарушение»;

б) дополнить частью 2 следующего содержания:

«2. Те же деяния, предусмотренные частью 1 настоящей статьи, совершенные повторно в течение года после применения мер взыскания, -

влекут привлечение к общественным работам на 20 часов.»;

2) статью 115 дополнить частью 4 следующего содержания:

«4. Деяния, предусмотренные частями 1-3 настоящей статьи, совершенные повторно в течение года после применения мер взыскания, -

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 16 сентября 2026 года

влекут привлечение к общественным работам на срок от 20 до 30 часов.»;

3) часть 1 статьи 454 дополнить пунктом 6 следующего содержания:

«6) частью 2 статьи 114, частью 4 статьи 115 настоящего Кодекса, по которым протоколы о правонарушении составляются органами местного самоуправления.»;

4) в статье 492:

а) в абзаце первом слова «статьями 113–124» заменить словами «статьей 113, частью 1 статьи 114, частями 1–3 статьи 115, статьями 116–124»;

б) дополнить абзацем следующего содержания:

«Органы местного самоуправления составляют протоколы о правонарушениях, предусмотренных частью 2 статьи 114, частью 4 статьи 115 настоящего Кодекса, и направляют их в суд для рассмотрения.»;

5) в статье 561:

а) часть 5 дополнить пунктом 5 следующего содержания:

«5) используют электронно-технические средства контроля.»;

б) дополнить примечанием следующего содержания:

«Примечание. Электронно-технические средства контроля – устройства и программное обеспечение, предназначенные для контроля выполнения общественных работ.».

Статья 2

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

Президент
Кыргызской Республики **С.ЖАПАРОВ**

г.Бишкек, 6 октября 2026 года, №149

Эркин-Тоо
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

АЙМАК ӨНҮКСӨ ӨЛКӨ – ӨНҮГӨТ

Араван районундагы Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн башчысы **Самат ДҮМҮРОВ:**

“АК ЭМГЕКТИН НАТЫЙЖАСЫ ӨНҮГҮҮГӨ ЖЕТКИРЕТ”



Элет жергесинде алга карай өнүгүү үчүн аракеттер өз үзүрүн берүүдө. Араван районундагы Дөбө-Коргон айыл аймагынын жашоочулары дагы өтө тездик менен өтүп жаткан мезгил агымы менен үндөшүп, жаңы бийиктиктерди багындырышууда. Учурда жасалып жаткан бараандуу иштери менен макталып жаткан Дөбө-Коргон айыл өкмөтүн бүгүнкү күндүн мыктыларынын катарын толуктап, элге арналган эмгектери менен айырмаланган замандашыбыз Дүмүров Самат Турганбаевич жетектеп келе жатат. Самат мырза биз менен болгон баарлашуусунда ийгилик коштогон аракеттери туурасында айтып берди.

ЖЕТЕКЧИ ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ:

Жаш кезинен тартып эл камын ойлоп, ар бир асыл максаттарына зор жоопкерчилик менен карап ар бирине жете билген каармanыбыз Дүмүров Самат Турганбаевич Өзгөн районундагы Ак-Жар айыл аймагындагы Какыр кыштагында туулуп-өскөн. Өз мезгилинде Ош шаарындагы М.М. Адышев атындагы технологиялык университетин кызыл диплом менен аяктап, инженер-механик адистигине ээ болгон. Кийин Ош мамлекеттик юридикалык институтунда билим алып, юрист болуп чыгат. Ошону менен бирге муниципалдык ишканаларда элдин тандоосу менен жетекчилик кызматтарда иштеп, иштеген жеринде ийгиликтерди жаратып, эл алкоосуна арзып келди.

Самат мырза Ош шаарындагы бокс жана оор атлетика спорт мектебин жетектөө менен бирге машыктыруучу дагы болуп эмгектенип, сергек жашоону өспүрүмдөргө үйрөттү. “Ош-Тазалык” атайын адистештирилген муниципалдык ишканасында, “Ош-Нуршам” ишканасында жетекчилик кызматтарында жүрүп, коомубуздун алга карай өсүп-өнүгүүсүнө кошкон аракеттери дале үзүрүн берип келе жатат. Ош шаарынын мэриясынын, Араван райондук мамлекеттик администрациясынын, КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн Ардак грамоталары менен сыйланган.







- Самат мырза, азыр аймактарда таза суу менен калкты камсыз кылуу кечиктирилгис маселелердин бири. Сиз жетектеген айыл аймакта бул маселе кандай болууда? Маегибизди оболу ушул багытта баштасак...

- Жакшы болот. Айыл аймагынын администрациясы тарабынан калкыбызды таза суу менен камсыз кылуу үчүн бардык аракеттер көрүлүүдө. Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн “Тазалык” муниципиалдык ишканасы тарабынан скважина оңдолуп, 4 насос коюлуп, ага 210 миң сом акча каражаты сарпталды. Айыл аймагынын айылдарындагы 124 объектте таза суу линияларында оңдоо-түзөө иштери жүргүзүлдү. Интернационал, Какыр-Пилтан, Жаңы-Абад айылдарында элге таза суу жеткирүү боюнча айыл өкмөт тарабынан 1 677 340 сом, элдик салымдан 1 480 000 сом акча каражаты сарпталды.

Ошону менен катар дыйкандарыбыздын мол түшүм алууга болгон аракети күч. Ушундан улам, ирригация тармагы дагы калкка кызмат кылууда өз нугунда келе жатат. 2026-жылга карата Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн “Тазалык” ишканасы тарабынан 3 чакырымга чоң дренаж каналга айыл өкмөттөн 260 миң сом жана эл тарабынан 180 миң акча каражаты сарпталып, 2600 метр ички арыктар тазаланды жана 100 метр арыкка бетон куюлду. “Дөбө-Коргон муниципиалдык тазалык” ишканасы тарабынан сууну сарамжалдуу пайдалануу үчүн 320 000 сом акча каражаты жумшалды. Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн Чертик жана Арап айылдарында сугат суу көйгөйүн чечүү, дыйкандардын ишин жеңилдетүү боюнча иш- аракеттер жүргүзүлдү.

Аймагыбыздагы Кесов айылында дыйкандарга жеңилдик кылуу максатында 160 м. куб саатына сугат суу берилүүдө. Буга 2 467 878, 99 сом жумшалды. Ошондой эле республикалык бюджеттен 362 000 сом, жергиликтүү бюджеттен 12 000 сом элдик салым чогултулуп, азыркы күндө скважина иштеп жатат. Интернационал айылында дыйкандарга жеңилдик кылуу максатында 160 м. куб саатына сугат суу берилүүдө. 6 248 835 сом республикалык бюджеттен, 540 000 сом жергиликтүү бюджеттен, 83 000 сом элдик салымдан ажыратылып азыркы күндө скважина иштеп жатат. Чертик айылында сугат суу бөлүштүрүү боюнча айыл өкмөт тарабынан 320 000 сом, Smartsolutions Systems компаниясынан 1600 000 сом акча каражаты бөлүнүп берилген.

- Калк дасторконуна зарыл болгон жашылча-жемиштердин көлөмү жетиштүү өндүрүлүп жатабы?

- Жашылча-жемиш боюнча дыйкандарыбыз зор ийгиликтерди жаратышууда. Атап өтсөм, «Эл деми» долбоорунун алкагында Дөбө-Коргон айыл аймагындагы демилгелүү аялдар тобунан жана эл тарабынан 115 тонна капуста жана 85 тонна бадыраң экспорт кылынды. Дыйканчылык Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн Уйгур-Абад, Бостон жана Беш-Кабырга айылдарында жашылча-жемиштерди эрте чыгаруу максатында, күнөсканаларга жашылча-жемиштердин көчөттөрү отургузулду.

- “Жол-экономиканын күрөө тамыры”- деп келебиз, анын сыңары сиздерде аймактагы кан жолдорду оңдоп-түзөө жагы кандай болууда?

- Дөбө-Коргон айыл өкмөтү тарабынан А. Саламов көчөсүндөгү жолго айыл өкмөт тарабынан 70 000 сом акча каражаты бөлүнүп, ага цемент алынды. Ал эми жеке ишкер тарабынан 870 миң сом сарпталды. Тегирмен-Башы көчөсүнөн агып өткөн суу турак үйлөргө жана унаа өтүүчү жолго залакасын тийгизип келген. Азыркы учурда 200 метр жерге бетондоо иштери жүргүзүлдү. 130 000 сом акча каражаты айыл өкмөтү тарабынан жумшалды. Мында элдин салымы 97 000 сом акча каражатын түздү. Республикалык бюджеттин эсебинен Жаңы-Жол, Беш-Кабырга, Уйгур-Абад, Жаңы-Абад, Интернационал айылдарына 13 чакырымдан ашуун жолго асфальт төшөө иштери №44 жол тейлөө мекемеси тарабынан жүргүзүлдү. Ага республикалык бюджеттен 183 713 300 сом акча каражаты сарпталды.

Какыр-Пилтан айылына элдин салымы менен 300 метр аралыкка ички жолдорго шебень, М. Хакимов көчөсүндө 170 метр жолго асфальт төшөлдү. Бул үчүн райондук өнүктүрүү фондунан 915 700 сом, айыл өкмөттүн фондунан 915 600 сом акча каражаты ажыратылып, жалпысынан 1 831 000 сом акча каражаты сарпталды. Лангар айылындагы Махамматов көчөсүндөгү 1070 метр жолду асфальттоо үчүн айыл өкмөттөн 2 000 000 сом жана Ош облустук өнүктүрүү фондунан 7 965 700 сом акча каражаты жумшалды. Лангар айылындагы Масабуров көчөсүндөгү 1050 метр жолду асфальттоо үчүн айыл өкмөттөн 2 774 000 сом жана республикалык бюджеттен 5 000 000 сом акча каражаты бөлүндү. Тротуар жаткыруу иштери Дөбө-Коргон айыл өкмөтү тарабынан Тепе-Коргон айылынын М. Умаров көчөсүнө жөө жүргүнчүлөр үчүн 1 км жерге тротуар жаткыруу иштери уланууда. Айыл өкмөт тарабынан 175 000 сом акча каражаты сарпталды.

- Аймактагы социалдык жактан колдоого муктаж адамдарга кандай жардамдарды көрсөтүп жатасыздар?

- Калкты социалдык жактан колдоо биздин негизги ишибиздин бири десем жаңылышпаймын. Жакында эле, жеке ишкер тарабынан аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө 90 миң сом акча каражаты сарпталып, азык-түлүк таратылды.

7-февраль Ооганчылар күнүнө карата 51 миң сом, 8-март Эл аралык кыз-келиндер майрамына карата 30 миң сом бөлүп бердик. 8-мартта ардактуу апаларга материалдык жардам катары 35 миң сом

берилди. Аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө 249 000 сом акча бөлүндү. Майыптыгы бар үй-бүлөлөргө 45 000 сом, акча кургак учук менен ооруган сыркоолорго 90 000 сом акча берилди. Нооруз майрамына карата өткөрүлгөн жарманкеге 94 миң сом акча каражаты сарпталды.

Дөбө-Коргон айыл өкмөтүндө 2026-жылга карата социалдык контракт программасына 94 үй-бүлө камтылган. Анын ичинен 77 үй-бүлө 150 000 сомдон акча каражатын алып, өз ишмердүүлүгүн баштады. Калган 17 үй-бүлөгө каражат кезеги менен берилмекчи.

Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн аймактарында энелер күнүнө карата баалуу белектер таратылды. Бул иш-чарага айыл өкмөт тарабынан 50 000 сом акча каражаты ажыратылды. 1-июнь балдар күнүнө карата айыл өкмөттүн бюджетинен 150 000 сом акча каражаты, дөмөөрчүлөр тарабынан 60 000 сом акча каражаты сарпталып балдарга белектер тапшырылды.

Дөбө-Коргон айыл өкмөтү тарабынан жайкы эс алууга Чарбак балдар лагерине 50 бала жөнөтүлдү. Ага айыл өкмөт тарабынан ар бир балага 9 миңден жалпысынан 450 000 сом акча каражаты берилген.

- Инвесторлор менен иштөө жагы кандай болууда?

- Какыр-Пилтан айылындагы Амир Темир орто мектебине 150 орундуу кошумча корпус куруу үчүн республикалык бюджеттен 28 505 000 сом акча каражаты бөлүнүп берилди. Алмалык участкасында 8,5 млн долларга кыш заводу курулуп жатат. Кыш заводунун аянты 9 гектарды ээлейт. Завод чет өлкөлүк демөөрчүлөр тарабынан курулуп жатат. Анын жыйынтыгында 100дөн ашуун адам жумуш менен камсыз болот. Интернационал айылындагы Дайыр Асанов атындагы орто мектебине жаңыдан 225орунду мектеп куруу үчүн республикалык бюджеттен 140 732 429 сомдук инвестиция тартылып, куруу иштерин «Азия курулуш компани» ЖЧК тарабынан жүргүзүлүп, азыркы күндө 60 % куруу иштери аткарылды. Дөбө-Коргон айыл өкмөтүндө демөөчүлөр тарабынан 1 228 200 сом акча каражатына бардык шаймандары менен тез жардам унаасы ГСВ-4 ишканасына тапшырылды. Биз болсо 50 000 сомдук күйүүчү майдын сертификатын тапшырдык. 6 айлыкка карата айыл аймактагы 1776 турак жай камсыздандырылуудан өткөрүлүп берилген план 100,2 % көрсөткүчкө жетти.

Лангар, Чертик айылдарынан агып өтүүчү Араван–Сай дарыясына 1005 метр жерге дамба куруу иштери боюнча иш аракеттер пландалууда. Ага Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин жер кыртышын сактап калуу боюнча иш аракеттер жүргүзүлүүдө. Тепе-Коргон айылына ички инвесторлор тарабынан оорукана куруу иштери жүрүп жатат.

- Жаш муундарга татыктуу билим берүү багытында кандай иштер менен алек болуп жатасыздар?

- Билим берүү жаатында жакшы саамалыктар жаралууда. Республикалык олимпиадада англис тилинен 1-орунду ээлегендиги үчүн Какыр-Пилтан айылынын тургун Махаммадзулинов Данияр-бекке 50 миң сом акчалай сыйлык берилди. ЖРТдан жогорку балл алган 2 окуучуга баалуу белектер (ноутбук жана телефон), мугалимдерге акчалай сыйлык берилип, 100 000 сом акча каражаты сарпталды. Уйгур-Абад айылындагы М. Каратаев мектебинде оңдоо-түзөө иштери жүргүзүлдү. Мектептин эшик-терезелерин алмаштырып, оңдоп-түзөө























үчүн Араван райондук өнүктүрүү фонду тарабынан 2 341 573 сом, айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин эсебинен 300 000 сом акча каражаты бөлүнүп, иштер аягына чыкты. Жаңы-Абад айылында жайгашкан Мадамин Назаров атындагы орто мектебин кайра куруу алдынан бузуу иштери жүрүп жатат.

- Айыл аймакта болуп жаткан орчундуу окуялар туурасында баяндап бериңизчи?

- Дөбө-Коргон айыл аймагында жалпысынан 11 айыл бар, калктын саны 36 915 адам. Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен “Жашыл Мурас” компаниясынын алкагында Дөбө-Коргон айыл аймактарында экология жана суу боюнча Борбордук Азия Алянс фонду менен биргеликте Алайдан алып келинген ак кайыңдарды тигүү иштери жүргүзүлдү. “Тазалык” ишканасы тарабынан 1 трактор, 3 портер айыл аймак ичинде иштеп 140 тонна таштанды тазаланды.

Социалдык объектилердин электр энергиясын так эсепке алуу, электр менен камсыздоонун сапатын жакшыртуу жана чыгымдарды азайтуу максатында 43 даана эсептегич орнотулду. Аталган иш-чараларды жүзөгө ашырууга жергиликтүү бюджеттин эсебинен жалпы 338 400 сом акча каражаты сарпталды. Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн аймагына электр кубаттуулугун ашыруу максатында 2 КТП (трансформатор) алып келинип орнотулду. Айыл өкмөт тарабынан 694 400 сом акча каражаты сарпталып трансформатордун кубаттуулугу 250 квт түздү.

Элди турак жай менен камсыз кылуу максатында Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн Кең Сай участкасынан 29 гектар жайыт жерди элге бөлүп берүү үчүн трансформациялоо иштери жүрүп жатат.

Жаштарыбыз спорттук беттешүүлөрдө байгелүү орундарды ээлеп келишүүдө. “Дөбө-Коргон Бокс” мектебинде коңшу Өзбек республикасынын спортчулары менен достук турнири өткөрүлдү. Ага айыл өкмөт тарабынан 30 000 сом акча каражаты бөлүнүп берилди. Кайрагач-Арык айылындагы стадиондун тегерегин тосуу иштерине жергиликтүү бюджеттен 2 468 802 сом акча каражаты, Улуу Ата мекендик согуштун ардагерлерине арналып курулган эстеликтин айланачөйрөсүн оңдоп-түздөө иштерине 163 900 сом акча каражаты сарпталды.

Айыл аймагындагы 12 билим берүүчү мекеме жана 12 бала бакчаны кыш мезгилине даярдоо боюнча оңдоп-түздөө иштери жүрүүдө. Аткарылган иштер боюнча комиссия түзүлүп, мониторинг иштери колго алынууда.

Элге электр энергиясын жеткирүүдө Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн аймактарын электр энергиясы менен камсыз кылуу үчүн мамычалар (столба) орнотулду. Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнө караштуу Кичи-Алай участкасында «Гидро Энергия Ак-Буура» ЖЧК тарабынан 220 миллион сомго кубаттуулугу 1,6 МВт болгон «Кичи-Алай» чакан гидроэлектр станциясы курулду жана 11 адам жумуш менен камсыз болду. 2027- жылга карата 4 МВт кубаттуулукту өндүрүү пландалууда.

Самат мырза, маанилүү маегиңиз үчүн ыраазычылык билдиребиз. Элижуртуңуз менен бирге аманчылыкта болуп, бактылуу өмүр сүрүңүздөр!

Жылдар арылаган сайын, айыл аймактар өнүгүүдө. Алардын катарында жогоруда биз сөз кылып жаткан Араван районундагы Дөбө-Коргон аймагы да бар. Ушул ийгиликтердин баары аймактын башчысы Дүмүров Самат мырзанын зор уюштуруучулук, башкаруучулук, тапкычтык, жол көрсөтүүчүлүк, ийкемдүүлүк жөндөмдөрү менен эл мүдөөсүн так аткаруу аракеттеринин натыйжасы.

Раиса ДҮЙШӨНБЕКОВА

Сүрөттөрдө: Аймактагы аткарылып жаткан орчундуу иштерден.

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

ӨМҮР СЕРЕСИ – 75

Айчүрөк МАКЕШОВА:

«ЗОБОЛОСУ БИЙИК “ЭРКИН-ТООМ” МЕН ҮЧҮН АК ЖОЛТОЙ БОЛДУ»

Журналисттик кесипти жазуучулук өнөр менен айкалыштырып, өмүрүнүн чейрек кылымын «Эркин-Тоо» гезитине арнаган калемгер Айчүрөк Макешованын чыгармачылык жолунда мамлекеттик гезиттин мазмунун байытып, окурмандардын кызыгуусун арттырууга багытталган эмгектери өзгөчө орунда турат. Каармандарын издеп, алардын жасаган иштерин, эмгегин жана адамдык сапатын ачып жазган журналисттин басып өткөн жолу өзүнчө бир чыгармачыл мектеп. Айчүрөк эженин журналисттик жана жазуучулук жолунун уруntтуу учурлары тууралуу маектештик.



Айчүрөк Макешова Бактыгүл Кулатаева менен

– Айчүрөк эже, 75 жашта да жигердүү эмгектенип келесиз. Сизге күч-кубат берген нерсе эмне?

– Эсимде, башталгыч класста окуп жүргөн кезим. Бир күнү класска ак халатчан медиктер кирип келип, эмдей башташты. Жаныш деген классташыбыз жашырынып, качып кетти. Эмделбей калды. «Качты» деп биз да айгак болгон жокпуз.

Көп өтпөй Жаныш ооруп, ооруканага жатып калды. «Аттиң, Жанышты качырбай, биз сыяктуу эмделгенде ооруп калмак эмес. Биз классташыбызды жашырып, бекер кылган экенбиз. Мындан ары мындай кемчиликтерге жол бербейли. Пионер деген ак ниет болушу керек» деп, «Кыргызстан пионерине» куш тилиндей кабар жазып жибердим.

Тобо, кабарым гезитке жарыяланып, талкууга айланып кетти. Талкуу гезит бетинде бир нече айга созулду. Бул менин алгачкы кабарчылык, тырмак алды эмгегим эле. Классташым Жаныш болсо: «Мен жөнүндө гезитке жазып, атагымды бүт Кыргызстанга жайдың» деп сыймыктанып калчу. Алгачкы каарманым ак жолтой болду. Кабарчылык тушоом кесилди.

– «Эркин-Тоо» мамлекеттик расмий гезитинде чейрек кылымга жакын эмгектенүү сиздин чыгармачылык жолуңузда кандай из калтырды?

2007-жылы гезитибиздин 6-февралдагы санына кыргыздын чыгаан уулу, көрүнүктүү мамлекеттик ишмер Султан Ибраимов жөнүндө «Айта жүрөр алтын доор» деген ат менен чакан аңгеме сымал макалам жарыяланды. Көп өтпөй редакцияга «Султан Ибраимов жөнүндө жакшы жазыпсыңар» деген кат-кабарлар, үн кошуулар байма-бай келе баштады. Мисалы, Каракол шаарында жашаган Мыскал Жыргалбаева эжебиз «Кыргыздын султаны эле» деген эскерүүсүн жибериптир. Аны иштеп чыгып, гезитибиздин 27-апрелдеги санына жарыяладык. Тилекке каршы, бардык үн кошууларды чыгара алган жокпуз. Кеп анда деле эмес. Демек, жакшы макалаларга, кабарларга эл суусап турат турбайбы.

Кыргыздын кыраандары Исхак Разаков, Султан Ибраимов, Социалисттик Эмгектин эки жолку Баатыры Зууракан Кайназарова, кыргыз искусствосунун чолпон жылдыздары Бакен Кыдыкеева, Муратаалы Күрөңкеев, Султангазы Андабеков, Койсун Карасартова, Элмирбек Иманалиев сыяктуу нечен мыкты инсандардын чыгармачылык жашоосун, кайгысы менен армандарын ташка тамга баскандай сүрөттөөгө аракет кылдым.

Жарым кылымдык калем түшүмүн ченеп болобу? Архивдерде жакшы сакталып турса, улам кийинки чыгармачылыкка кызыккан муундарга мурас болуп калат.

– Сиздин журналисттик эле эмес, жазуучулук талантыңыз да өзгөчө. Кайсынысын жакын көрөсүз?

– Жазуучулукту тунум десем, журналисттик – кенжем, эркем. Соолуган союз ураган жылдарга жазуучулук жаш кезим туш келди. Алгачкы аңгемелер жыйнагым «Кошокчу аял» деген ат менен 1981-жылы «Кыргызстан» басмасынан жарык көрдү. Ал кезде Талас облустук гезитинде кабарчы болуп иштеп жүргөм.

Кыргыздын кыраан жазуучусу, кара сөздүн устаты Касым Каимов ден-соолугуна байланыштуу Кыргызстан Жазуучулар союзунун катчылыгынан бошоп, облустук жаш таланттарга кеңешчи болуп келген. Алгачкы жыйнагыма баш сөз жазып, аңгемелериме ыраазы болгон. «Кыйын жазат экем» деп жыргап жүрсөм, алгачкы китебим чыгаары менен сынчылар сындап киришти. «Кыргыз маданияты» жумалыгына китебим тууралуу сындар чыга баштады. Мен окуп алып ыйлап жүрөм. Кейигенимди айтпа!

Бир күнү редакциянын жанына келип Касым агайымдын машинасы токтоду. Сыртка чуркап чыгып, жаш баладай бырылдап ыйлап, иштин жайын түшүндүрдүм. Ошондо жибектей созулган кайран агайым: «Баланча акын-жазуучуларды билесиңби?» деди. «Билем» десем: «Алардын китептери байма-бай чыкканы менен, сынчылар окумак тургай карап да коюшпайт. Ал эми сенин тырмак алды китебиңде магниттей тартып турган бир нерсең бар турбайбы. Сынчылар да ар кандай болот. Башка сынчылар мактап да жазат. Жашыңды тыйгын», – деди.

Айткандай эле, башка сынчылар, ошондой эле аттуу-баштуу жазуучулар жакшы баалашты. Айрыкча кыргыз адабиятында тарыхый романдарды баштаган, атактуу «Сынган кылычы» менен атагы таш жарган Төлөгөн Касымбеков, кара сөздүн чеберлери Өскөн Даникеев, Кеңеш Жусупов, Ашым Жакыпбеков, Шукшиндин аңгемелерин кыргызча сүйлөткөн, «Кыргызстан маданияты» жумалыгынын башкы редактору Сагын Наматбаев, улуу акын жана драматург Жалил Садыков баш болгон агайларым ак жол каалашкан. Бир-эки китебим чыгары менен эле СССР Жазуучулар союзуна өткөрүүгө сунуш кылышкан. Ал кезде СССР Жазуучулар союзуна өтсөм дегендер көп эле. Документтерин топтоп, күтүп жүргөндөр да арбын болчу.

Бут тоскондорго, талаш-тартышка карабай, кайран көк жал акын агайым Омор Султанов комиссиянын төрагасы катары колдоп чыкканы, не деген эрдик! Арылбас арманым – мен бел туткан кайран агайларым азыр арабызда жок. Китептерин башыма жаздап, кайра-кайра окуп, айла канча каниет кылам. Кыргыз адабиятынын кырманына мына ушул улуу агайларымдай мол түшүм жыйнагандар мындан ары болор бекен, жок бекен, ким билет?!

– Бүгүнкү базар шартында гезиттин жашоосу оңой эмес. Сиз гезиттин мазмунуна гана эмес, материалдык мүмкүнчүлүгүнө да салым кошуп келесиз. Бул багыттагы эмгегиңиз тууралуу айтып берсеңиз.

– Базар шартында гезиттин жашоосуна кан жүгүртүү, албетте, жеңил эмес. Мамлекеттик жана муниципалдык мекемеишканалардын, министрликтердин, укук коргоо, салык, бажы жана башка тармактардын жетекчилери менен сүйлөшүү, тил табышуу оңой эмес.

Эсимде, бир райондун прокурору менен маектешүү үчүн барсам: «Эже, мына бул документтерди карап чыгыңыз, биз жасап жаткан иштердин толук маалыматтары ушунда, чыгара бериңиз», – деп сылык-сыпаа узатып койду. Арадан күндөр өтүп, прокурордун маеги жарык көрдү. Маектин кызыгы тарай электе ошол прокурор: «Эже, саламатсызбы? Туш-туштан прокурорлор, тааныштар, курсташтар чалып: “Кайдан жүрүп сөзмөр болуп кеткенсиң? Мыйзамдын күчүн жакшы даңазалапсың. Учурдун көйгөйлөрүн көзгө сайгандай көрсөтүпсүң. Кызыгып окуп чыктык, куттуктайбыз” деп чалышып жатат. Эже, менин оюмдагы олуттуу маселелерди козгопсуз. Сизге чоң рахмат, келип кетиңиз», – деп калды.

«Жакшы сөз жан эргитет» дегендей, толкунданып калдым. Кийин бул жигит Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын орун басары болуп иштеди. Бир тууган инимдей жакын болуп калган. Мындай каармандарым ар тармакта көп. Ошентип, байма-бай акы төлөнүүчү материалдарды даярдап, гезиттин казынасына да өз салымымды кошуп келдим. Деги койчу, мен кайрылбаган тармактар сейрек.

– Сиздин «Эркин-Тоо» менен байланышкан дагы бир чоң эмгегиңиз – жылдын мыктыларын жана алдыңкы айымдарды тандоо салты. Бул иш кандайча жолго коюлган?

– «Баарын коюп Манасты айт» деген ташка тамга баскандай таасын сөз бар. Дүйнөлүк басма сөз айдыңында «Жыл адамы» деген кадыр-барктуу наамды жыл жыйынтыгы менен беришет. Мындай салттан биз да алыстаган жокпуз.

Жыл сайын жаңы жыл алдында «Жылдын мыкты жетекчиси», «Жылдын мыкты депутаты» жана башка номинациялар боюнча мыктыларды тандап, алгач гезитибиздин бетине түстүү сүрөттөрүн жарыялап, жети дубанга даңазаладык. Мекенибиздин туш тарабынан келген ар тармактын мыктыларын зор салтанат менен сыйлап, эски жылды жакшы жыйынтыктап, жаңы жылды жаркырап тосуп алчубуз.

Салтанатка «Эркин-Тоонун» негиздөөчүсү, Кыргыз Республикасынын Баатыры, легендарлуу парламенттин спикери Медеткан Шеримкулов баш болгон мамлекеттик ишмерлер катышып, салтанаттын көркүн чыгарышчу. Төбөсү көрүнгөн ишмерлер, жетекчилер, маданияттын чамгарагын көтөргөн композиторлор, булбул ырчылар, аткаруучулар менен насиптеш болуп, алар менен сүрөткө түшүү жагымдуу көз ирмемдер эле. Ыр-күүлөр жаңырып, салтанаттарыбыз көңүлдүү өтчү. Жыл мыктылары ыраазы болуп кайтышчу. Ушул салтанаттан ашса-ашып, кем калбаган дагы бир мактанычыбыз – жыл сайын 8-Март Эл аралык аялдар күнүнө карата «Алдыңкы айымдар» салтанатын өткөрүп, асыл айымдардын баркын көтөрдүк. Алардын арасында Чыңгыз Айтматовдун бир тууган карындашы, мамлекеттик ишмер, окумуштуу Роза Төрөкуловна Айтматова, Кыргыз ССРинин эл артисти Дарика Жалгасынова, чоң комузчу Самара Токтакунова баш болгон мыкты айымдар, дарыгерлер, мугалимдер жана ар түрдүү кесиптин ээлери бар эле. Мына ушул жыл мыктыларын жана алдыңкы айымдарды тандоо да өзүнчө зор машакат. Мыктылыгын таразалоо үчүн адегенде чогуу иштешкен кесиптештери, эли жана жетекчилери менен кеңешип, татыктууларын табууга аракет кылдык.

Айталык, 2018-жылы Маматалиев Марлен Абдрахманович Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жаш депутаты болчу. Биринчи кезекте шайлоочуларынын, ошондой эле депутаттардын сунушу боюнча "Жылдын мыкты депутаты" болуп тандалган. Биз жаңылышпаптырбыз. Ал жыл сайын салтанатыбыздын ажарын чыгарып, сыйыбызды көрүп жүрдү. Мына эми Марлен Абдрахманович баралына жетип, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин спикери болду.

Биз тандаган мыктылар бүгүн да өлкөбүздүн ар тарабында жетекчилик жана жооптуу кызматтарда иштеп жатышат. Мисалы, Сокулук районунун мурдагы мыкты акими Аманкан Батырбекович Кенжебаев учурда Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү. Баткен шаарынын мурдагы мэри Рахимов Мамыржан учурда Баткен облусундагы Кыргыз Республикасынын Президентинин ыйгарым укуктуу өкүлү. Республикабыздын токой кызматын жетектеп, жемиштүү эмгектенген мыкты жетекчи Мусаев Алмаз Мустафаевич учурда Кыргыз Республикасынын жер ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министринин орун басары.

Айыл өкмөт башчылыгынан акимдикке, шаар мэрлигине жана башка кызматтарга жеткен мыктыларды санай берсек, сан жетпейт. Зоболосу бийик «Эркин-Тоомдун» мыкты мырзалары, алдыңкы айымдары биздин сыныбыздан өтүп, тааныларды. Алар – жигердүү эмгектин үлгүлөрү.

Мыкты мырзалар менен алдыңкы айымдарды тандоодо да алдыга оздум, алдыма камчы салдырбадым. Мисалы, 2016-жылы 30, 2017-жылы 63, 2018-жылы 61, 2019-жылы 39 мыктыны тандапмын. Жалпы эсептесек, 382 мыкты менен алдыңкыларды таап, тандапмын. Демек, гезиттин демине дем, күчүнө күч кошкон мээнетим ак.

Мына ушул мыктыларды даңазалаган «Зоболоң бийик, Эркин-Тоом» аттуу эки китепти түстүү кылып чыгардым. Бул эки китепти баракатагандар менин гезитиме кошкон тоодой салымымды билишет. Мактаныч эмес, чырактай чындык.

– Жаш журналисттерге көз карашыңыз кандай? Аларга кандай каалоо айтар элеңиз?

– Жакшы журналист болуу үчүн биринчи кезекте шык, дем, талант керек. Ошондой эле жаштар көп изденип, интеллектуалдык деңгээлин ар тараптан көтөрүшү зарыл.

Заманбап технологияларды, санариптик мүмкүнчүлүктөрдү мыкты өздөштүрүп, жасалма интеллекттин мүмкүнчүлүктөрүн туура пайдалана билсе, жазгандары да жакшы чыгат. Жаштардын заманбап заманы кут болсун. Кечээги заман менен бүгүнкү заманды салыштырып болбойт.

– Алдыга койгон кандай максаттарыңыз бар?

– Мамлекеттик сыйлыктарга суусаганыма көп болду. Нечен жылдан бери Кыргыз Республикасынын эл жазуучусу наамына документтеримди толтуруп, тапшырып, чарчадым. Бирок, ушул олуттуу максатымдан үмүтүм үзүлө элек. Буйруса, болуп калар.

Быйыл гезитибиздин 35 жылдыгы. Эркин-Тоочу кесиптештериме узак, жагымдуу өмүр, чыгармачылык ийгилик каалайм.

Бактыгүл КУЛАТАЕВА

АДАМ УКУГУ

КЫРГЫЗСТАН АДАМ САТУУГА КАРШЫ КҮРӨШТӨ КАНДАЙ ЧАРАЛАРДЫ КОЛДОНОТ?



Адам сатуу - адамдын эркиндигин чектеп, аны мажбурлап эмгектенүүгө, сексуалдык эксплуатацияга, кайырчылыкка же башка максаттарда пайдалануу багытталган оор кылмыштардын бири. Бул көйгөй бир гана мамлекеттин эмес, бүтүндөй дүйнөлүк коомчулуктун коопсуздугуна байланыштуу маселеге айланган.

Адам сатуунун алдын алуу жана ага каршы күрөшүү максатында дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрүндө мыйзамдык жана уюштуруучулук чаралар көрүлүп келет. Кыргызстанда да адам сатуунун алдын алуу, кылмыштарды аныктоо, күнөөлүүлөрдү жоопкерчиликке тартуу жана жабырлануучуларга жардам көрсөтүү боюнча иштер жүргүзүлүүдө.

НЕГИЗГИ КОРКУНУЧТАРДЫН БИРИ

Кыргызстанда адам сатууга каршы күрөштүн негизги багыттарынын бири - алдын алуу. Бул багытта мамлекеттик органдар, укук коргоо органдары эл аралык жана бейөкмөт уюмдар кызматташып, элге түшүндүрүү иштерин жүргүзүп келишет.

Айрыкча чет өлкөгө иштегени чыгып жаткан жарандарга адам сатуунун коркунучтары тууралуу маалымат берүү маанилүүгү келип чыкты. Анткени адам сатуучулар көп учурда жабырлануучуларды мыйзамдуу жумуш берүү сунушу, жогорку айлык акы же жакшы шарт түзүп берүү убадасы менен азгырышат. Андыктан биздин өлкөдө да адам сатууга байланыштуу кылмыштар мезгил-мезгили менен катталып турат. Улуттук статистика комитетинин маалыматтарына ылайык, 2024-жылы адам сатуу боюнча 20 кылмыш катталган. Бул көрсөткүч адам сатуу коркунучунун өлкөдө бар экендигин жана ага каршы күрөш, көзөмөл болушу керектигин айгинелеп турат. Акыркы жылдары катталган айрым иштерде миграция, мажбурлап эмгектендирүү, сексуалдык эксплуатация, балдарды мыйзамсыз берүү жана адам органдарын мыйзамсыз алуу сыяктуу көрүнүштөр кездешкен. Мисалы, 2024-жылы УКМК чет өлкөлүк жарандарды жеңил өнөр жай тармагында иштетүүгө байланыштуу ишти аныктаган. Маалыматка ылайык, алардын документтери алынган, эмгек акысы төлөнбөй, коркутуу жолу менен иштетилгени айтылган. Иштин алкагында иш берүүчү жана ага жардам берген милиция кызматкери кармалган. Ошондой эле ошол эле жылы социалдык жактан аялуу үй-бүлөлөрдүн балдарына мыйзамсыз камкордук жана асырап алуу документтерин уюштуруп, аларды чет өлкөгө чыгарып, сатууга байланышкан трансулуттук топ аныкталганы тууралуу маалымат берилген. Мындан тышкары УКМК адам органдарын мыйзамсыз алуу жана чет өлкөгө жөнөтүүгө байланыштуу трансулуттук каналдын аныкталганын билдирген. Жогоруда биз санап өткөн фактылар Кыргызстанда адам сатууга байланыштуу кылмыштардын формалары ар түрдүү болушу мүмкүн экендигин көрсөтүп турат. Негизги маселе ушунда.

ЖАРАНДАРДЫ ЧЕТ ӨЛКӨГӨ ЖУМУШКА ЖӨНӨТҮҮДӨГҮ КӨЗӨМӨЛ

Адам сатууга каршы күрөштө эмгек миграциясы багытындагы көзөмөлдүн да мааниси чоң. 2026-жылдын январында Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу Жарандарды чет өлкөдө ишке орноштуруу борбору Түркияга кыргызстандыктарды жумушка жөнөтүүдө мыйзам бузууларды аныктап, төрт компаниянын уруксатын убактылуу токтоткон.

Текшерүүдө уруксат алуу үчүн берилген документтерде, анын ичинде чет өлкөлүк иш берүүчүлөр жана ортомчулар менен болгон кызматташтык тууралуу маалыматтарда мыйзам талаптарына туура келбеген жагдайлар аныкталганы айтылган. Бул жерде белгилей кетүүчү маанилүү нерсе, мыйзам бузган же уруксаты токтотулган компанияны автоматтык түрдө адам сатууга тиешеси бар деп айтууга болбойт. Бирок, мындай көзөмөлдүн максаты мыйзамсыз ортомчулуктун жана жарандардын эксплуатацияга туш болуу коркунучунун алдын алуу болууда. Ошондуктан чет өлкөгө жумушка кетип жаткан жарандар иш берүүчү жана ортомчу компания тууралуу маалыматты алдын ала текшерип, расмий эмгек келишимин түзүп, паспортун белгисиз адамдарга бербеши керектиги эскертилип тиешелүү министрлик жарандарды сак болууга чакырып, мыйзамдуу иштеген компаниялардын тизмесин да жарыялаган.

ИНТЕРНЕТТЕГИ ЖАРНАМАЛАР

Акыркы жылдары адам сатуучулар интернетти жана социалдык тармактарды да өз максатында колдонууну күчөттү. Мисалы, социалдык тармактарда: «чет өлкөдө жогорку айлык акы төлөнүүчү жумуш бар», «мейманканага кызматкер керек», «бала багуучу керек», «тажрыйбасыз эле жакшы акча табасың» деген сыяктуу сунуштар жарыяланышы мүмкүн. Албетте, мындай жарнамалардын баары эле кылмыштуу максатта түзүлбөйт. Бирок, шектүү сунуштардын артында мыйзамсыз иш жүргүзгөн адамдар турушу мүмкүн. Ошондуктан интернет аркылуу жумуш сунушталган учурда иш берүүчүнүн ким экенин, компаниянын катталганын, жумуштун дарегин жана эмгек шарттарын текшерүү зарыл. Жаран чет өлкөгө кетээрден мурун эмгек келишиминин көчүрмөсүн жакындарына калтырып, өзүнүн документтеринин көчүрмөлөрүн сактап койгону туура.

БАЛДАР КОРГООГО МУКТАЖ

Адам сатуу коркунучунда балдар өзгөчө аялуу топ болуп саналат. Алар мажбурлап эмгектенүүгө, кайырчылыкка, сексуалдык эксплуатацияга же башка мыйзамсыз иштерге тартылышы мүмкүн. Айрыкча ымыркай балдарды сатуу фактыларынын алдын алуу маанилүү. Айрым учурларда тилекке каршы ымыркайларды өз энелери башкаларга арзыбаган каражатка сатып жиберген фактылар катталгандыгы зээнди кейитет. Бул түздөн-түз адам сатуу фактысы болуп саналып, жазасы да оор. Мындай көрүнүштөрдүн алдын алуу калк арасында, мектептерде, социалдык мекемелерде жана ата-энелер арасында түшүндүрүү иштерин күчөтүү маанилүү. Балдарга байланыштуу кылмыш иштери катталып калбашы үчүн ата-энелер баланын кимдер менен байланышып жатканына, интернеттеги мамилелерине жана белгисиз адамдардын сунуштарына көңүл бурушу керек. Өзгөчө балага чет өлкөгө чыгуу, жумушка орношуу же оңой акча табуу сунушталган учурларда сактык талап кылынат.

МЫЙЗАМДЫК НЕГИЗ

Кыргызстанда адам сатууга каршы күрөшүүнүн укуктук базасы түзүлгөн. Негизги документтердин бири 2005-жылдын 17-мартындагы №55 «Адамдарды сатуунун алдын алуу жана ага каршы күрөшүү жөнүндө» мыйзам. Бул мыйзам адам сатуунун алдын алуу, аны аныктоо жана бөгөт коюу, мамлекеттик органдардын ишин координациялоо, ошондой эле жабырлануучуларды коргоо жана аларга жардам көрсөтүү маселелерин жөнгө салат. Мындан тышкары, адам сатууга байланыштуу кылмыштар үчүн жоопкерчилик Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза мыйзамдарында каралган. Кыргызстандын Конституциясы да адамдын укуктарын жана эркиндиктерин коргоону негизги принциптердин бири катары бекитет. Адамдын эркиндигин мыйзамсыз чектөөгө, кулчулукка жана адамды эксплуатациялоого жол берилбейт. Өкмөт тарабынан да Кыргызстанда адам сатууга каршы мамлекеттик программалар кабыл алынып, анда алдын алуу, кылмыштарды аныктоо, кылмышкерлерди жоопкерчиликке тартуу жана жабырлануучуларды коргоо боюнча чаралар каралган.

ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТТАШТЫК

Адам сатуу көбүнчө бир нече мамлекеттин аймагын камтыган трансулуттук кылмышка айланышы мүмкүн. Мисалы, адам Кыргызстанда жалданып, башка мамлекетке чыгарылып, ошол жакта эксплуатацияланышы ыктымал. Мындай кылмышка каршы күрөшүүдө эл аралык кызматташтык өзгөчө маанилүү. Кыргызстан адам сатууга каршы күрөшүүдө БУУнун адамдарды, өзгөчө аялдарды жана балдарды сатуунун алдын алуу, бөгөт коюу жана жазалоо жөнүндө протоколунун талаптарын да эске алат. Бул документ эл аралык деңгээлде «Палермо протоколу» катары белгилүү.

Эл аралык тажрыйбада адам сатууга каршы күрөшүүнүн үч негизги багыты белгиленет. Биринчиси - алдын алуу. Калкка маалымат берүү, мигранттардын укуктук сабаттуулугун жогорулатуу, жумушсуздук жана социалдык аялуулук сыяктуу тобокелдик факторлорун азайтуу. Экинчиси - кылмышкерлерди жоопкерчиликке тартуу. Мында укук коргоо органдары адам сатуу фактыларын аныктап, тергөө жүргүзүп, күнөөлүү адамдарды сот аркылуу жоопкерчиликке тартат. Үчүнчүсү- жабырлануучуларды коргоо. Башкача айтканда, жабырлануучуларга коопсуз жай, медициналык, психологиялык жана юридикалык жардам көрсөтүү, документтерин калыбына келтирүүгө жана коомго кайра аралашуусуна көмөк көрсөтүү.

ДҮЙНӨЛҮК МАСШТАБДАГЫ КӨЙГӨЙ

Эл аралык эмгек уюмунун 2022-жылдагы глобалдык баалоосуна ылайык, дүйнөдө каалаган бир күндө 27,6 миллион адам мажбурлап эмгектенүү шартында болгон. Бирок, бул көрсөткүчтү адам сатууга дуушар болгон адамдардын саны менен түз теңөөгө болбойт. Мажбурлап эмгектенүү менен адам сатуу бири-бири менен тыгыз байланыштуу болгону менен, укуктук жана статистикалык жактан бирдей түшүнүк эмес. Ошондуктан адам сатууга байланыштуу расмий катталган кылмыштардын саны көйгөйдүн толук масштабын көрсөтпөшү мүмкүн. Мындай кылмыштар көбүнчө жашыруун жасалып, жабырлануучулар корккондуктан же укуктук мүмкүнчүлүктөрүн билбегендиктен укук коргоо органдарына кайрылбай калышы ыктымал дешет адистер. Андыктан адам сатууга каршы күрөштү күчөтүү үчүн биринчи кезекте калктын укуктук жана маалыматтык сабаттуулугун жогорулатуу сунушталат. Мындан тышкары укук коргоо органдарынын, социалдык кызматтардын, эл аралык жана коомдук уюмдардын ортосундагы кызматташтыкты күчөтүү керек.

Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

1944-ЖЫЛДЫН 7-ДЕКАБРЫНДАГЫ ЭЛ АРАЛЫК ЖАРАНДЫК АВИАЦИЯ ЖӨНҮНДӨ КОНВЕНЦИЯНЫН 3 BIS БЕРЕНЕСИНИН ЖАНА 12-БЕРЕНЕСИНИН ЖОБОЛОРУН ИШКЕ АШЫРУУ БОЮНЧА ЧАРАЛАР ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Жарандык аба кемелеринин учууларынын коопсуздугун камсыз кылуу, 1944-жылдын 7-декабрындагы Эл аралык жарандык авиация жөнүндө конвенциядан келип чыгуучу Кыргыз Республикасынын эл аралык милдеттенмелерин аткаруу максатында, Кыргыз Республикасынын Аба кодексинин 19, 24-беренелерине, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Төмөнкүлөр белгиленсин:

1) Кыргыз Республикасында катталган жарандык аба кемелеринин, ошондой эле негизги иштеген жери же туруктуу турган жери Кыргыз Республикасында болгон эксплуатант тарабынан пайдаланылуучу жарандык аба кемелеринин командирлери чет мамлекеттин аймагынын үстүнөн учууда кармап калуу болгон учурда бул мамлекеттин компетенттүү органдарынын көрсөтмөлөрүн жана талаптарын, анын ичинде көрсөтүлгөн аэропортко конуу жөнүндө талабын аткарууга милдеттүү;

2) Кыргыз Республикасында катталган жарандык аба кемелерин, ошондой эле негизги иштеген жери же туруктуу турган жери Кыргыз Республикасында болгон эксплуатант тарабынан пайдаланылуучу жарандык аба кемелерин 1944-жылдын 7-декабрындагы Эл аралык жарандык авиация жөнүндө конвенциянын максаттарына же Кыргыз Республикасынын аба мыйзамдарынын талаптарына каршы келген ишти жүргүзүү үчүн пайдаланууга жол берилбейт;

3) аба кемелеринин эксплуатанттары жана командирлери Кыргыз Республикасында же турган мамлекетте колдонулуучу аба кемелеринин учуусуна жана маневр жасоосуна карата ченемдик укуктук актылардын сакталышын камсыз кылууга милдеттүү;

4) ачык деңиздин үстүнөн учууда 1944-жылдын 7-декабрындагы Эл аралык жарандык авиация жөнүндө конвенцияга ылайык белгиленген эрежелер сакталууга тийиш.

2. Кыргыз Республикасынын коргонуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары жарандык аба кемелерин кармап калууда учуудагы жарандык аба кемелерине каршы курал колдонуудан кармансын, ошондой эле борттогу адамдардын өмүрүнө, ден соолугуна жана аба кемесинин коопсуздугуна коркунучту болтурбоо боюнча зарыл болгон чараларды көрсүн.

3. Кыргыз Республикасынын аба кыймылын тейлөөнүн ыйгарым укуктуу органдары төмөнкүдөй учурларда жарандык аба кемесинен алар аныктаган аэропортко конууну талап кылууга, ошондой эле бузууларды токтотууга багытталган башка көрсөтмөлөрдү берүүгө укуктуу:

1) аба кемеси Кыргыз Республикасынын аймагынын үстүнөн тиешелүү уруксатсыз учканда;

2) аба кемеси Кыргыз Республикасынын Аба кодексинин жана 1944-жылдын 7-декабрындагы Эл аралык жарандык авиация жөнүндө конвенциянын максаттарына шайкеш келбеген максаттарда пайдаланылганда, бул төмөнкү критерийлердин биринин болушу менен билинет:

– укук коргоо органдарынан же улуттук коопсуздук органдарынан аба кемесин айдап качуу (басып алуу), мыйзамсыз кийлигишүү актылары же бортто улуттук коопсуздукка коркунуч туудурган предметтерди жана буюмдарды (курал-жарак, ок-дарылар, жардыргыч заттар) мыйзамсыз ташуу жөнүндө маалымат келип түшкөндө;

– аба кемесинин бортунан мыйзамсыз кийлигишүү жөнүндө атайын сигнал келип түшкөндө;

– аба кыймылын тейлөө органдары менен эки тараптуу радио байланышы бир убакта жок болгон жана алардын командаларын аткарбаган учурда аба кемеси бекитилген учуу планынан уруксатсыз четтегенде (анын ичинде тыюу салынган зоналарга киргенде).

4. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине карштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттиги:

1) ушул токтомдун талаптарын бузуулар аныкталганда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кароо жана чараларды көрүү үчүн тиешелүү материалдарды компетенттүү укук коргоо органдарына токтоосуз жиберсин;

2) Кыргыз Республикасынын Аэронавигациялык маалымат жыйнагында (AIP) Кыргыз Республикасында жарандык аба кемелерин кармап калууга карата колдонулуучу эрежелерди жарыялоону камсыз кылсын;

3) ушул токтомдо белгиленген талаптарды Кыргыз Республикасынын авиакомпанияларына (эксплуатанттарына) билдирсин.

5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

6. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ

Бишкек ш., 2026-жылдын 6-октябры, №667

РАДИОЖЫШТЫК СПЕКТРИНИН РАДИОЖЫШТЫК НОМИНАЛДАРЫН ЖАНА (ЖЕ) ТИЛКЕЛЕРИН КОЛДОНУУ ҮЧҮН ЖЫЛ САЙЫН АКЫ ТӨЛӨӨНҮ ЭСЕПТӨӨ МЕТОДИКАСЫН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Санарип кодексинин 106-беренесин ишке ашыруу максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Радиожыштык спектринин радиожыштык номиналдарын жана (же) тилкелерин колдонуу үчүн жыл сайын акы төлөөнү эсептөө методикасы тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 7-июлундагы №460 «Радиожыштык спектринин радиожыштык номиналдарын жана (же) тилкелерин колдонгондугу үчүн жыл сайын акы төлөөнү эсептөө методикасын бекитүү жөнүндө» токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

3. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ

Бишкек ш., 2026-жылдын 5-октябры, №666

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН ТӨРАГАСЫНЫН СЫЙ КУРАЛ ФОНДУ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн, башка аскердик түзүмдөрүнүн жана мыйзамда аскердик кызмат каралган мамлекеттик органдарынын аскер кызматчыларын эрдиги жана Мекен алдындагы өзгөчө өтөгөн эмгеги, көп жылдык кынтыксыз кызматы, өзгөчө маанилүү тапшырмаларды аткарганы жана кызматтык милдеттерин үлгүлүү аткарганы үчүн, укук коргоо органдарынын кызматкерлерин жана башка адамдарды жарандардын өмүрүн жана ден соолугун, менчигин коргоо боюнча жарандык милдетин аткаргандыгы үчүн, ошондой эле чет өлкөлүк жарандарды укук коргоо системасын өнүктүрүүгө кошкон салымы жана Кыргыз Республикасынын коопсуздугун жана коргонуу жөндөмдүүлүгүн камсыздоого көмөктөшкөндүгү үчүн сый курал менен сыйлоо максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын сый курал фонду жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2005-жылдын 14-декабрындагы №585 «Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин сый курал фонду жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 26-июнундагы №441 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2005-жылдын 14-декабрындагы №585 «Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин сый курал фонду жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоо киргизүү жөнүндө» токтому.

3. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ

Бишкек ш., 2026-жылдын 6-октябры, №669

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МОНОПОЛИЯГА КАРШЫ МЫЙЗАМДАРЫН БУЗУУГА АЛЫП КЕЛҮҮЧҮ МҮМКҮН БОЛГОН ИШ-АРАКЕТТЕРДИ ЖАСООГО ЖОЛ БЕРИЛБЕСТИГИ ЖӨНҮНДӨ ЭСКЕРТМЕ БЕРҮҮНҮН ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Монополияга каршы мыйзамдарды бузуунун алдын алуу максатында, «Атаандаштык жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 28-беренесине, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын монополияга каршы мыйзамдарын бузууга алып келүүсү мүмкүн болгон иш-аракеттерди жасоого жол берилбестиги жөнүндө эскертме берүүнүн тартиби тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-июлундагы №534 «Монополияга каршы мыйзамдардын бузулушуна алып келүүчү аракеттерге жол бербөө жөнүндө эскертүү берүүнүн тартибин бекитүү тууралуу» токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

3. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ

Бишкек ш., 2026-жылдын 6-октябры, №668

2026-2028-ЖЫЛДАРГА ЖАШОО ҮЧҮН МААНИЛҮҮ ДАРЫ КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖАНА МЕДИЦИНАЛЫК БУЮМДАРДЫН УЛУТТУК ТИЗМЕЛЕРИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын калкынын медициналык жардамдын натыйжалуу түрлөрүнө жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу, мамлекеттик каражаттарды сарамжалдуу пайдалануу максатында, «Дары каражаттарын жүгүртүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесине, «Медициналык буюмдарды жүгүртүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесине, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Жашоо үчүн маанилүү дары каражаттарынын улуттук тизмеси 1-тиркемеге ылайык;

2) Жашоо үчүн маанилүү медициналык буюмдардын улуттук тизмеси 2-тиркемеге ылайык.

2. Бул токтомду ишке ашыруу Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин бекитилген штаттык санынын жана тиешелүү жылга жана кийинки жылдарга бюджетинде каралган каражаттарынын чегинде жүргүзүлөт деп белгиленсин.

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 31-июлундагы №432 «Жашоо үчүн маанилүү дары каражаттарынын жана медициналык буюмдардын улуттук тизмелерин бекитүү жөнүндө» токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ

Бишкек ш., 2026-жылдын 6-октябры, №670

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2025-ЖЫЛДЫН 31-МАЙЫНДАГЫ №302 «БИРДИКТҮҮ КАЗЫНАЛЫК ЭСЕП СИСТЕМАСЫНДАГЫ АТАЙЫН ЖАНА ДЕПОЗИТТИК ЭСЕПТЕРДЕ ТОПТОЛГОН БЮДЖЕТТИК МЕКЕМЕЛЕРДИН КАРАЖАТТАРЫ ЖӨНҮНДӨ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Бирдиктүү казыналык эсеп системасындагы атайын эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттарын пайдалануу тартибин өркүндөтүү, бюджеттик мекемелердин материалдык-техникалык базасын чыңдоо жана өнүктүрүү максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 31-майындагы №302 «Бирдиктүү казыналык эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Бирдиктүү казыналык эсеп системасындагы атайын эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө жободо:

– 16-пунктта «учурдагы чыгымдарды жабууга» деген сөздөр «чыгымдарды жабууга» деген сөздөргө алмаштырылсын,

«материалдык-техникалык базаны чыңдоого,» деген сөздөрдөн кийин «имараттарды жана курулмаларды курууга,» деген сөздөр менен толукталсын.

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ

Бишкек ш., 2026-жылдын 6-октябры, №671

2025-ЖЫЛГА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН РЕСПУБЛИКАЛЫК БЮДЖЕТИНИН АТКАРЫЛЫШЫНА АУДИТ ЖӨНҮНДӨ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭСЕПТӨӨ ПАЛАТАСЫНЫН ОТЧЕТУНДА КӨРСӨТҮЛГӨН, АНЫКТАЛГАН БУЗУУЛАРДЫ ЖАНА КЕМЧИЛИКТЕРДИ ЧЕТТЕТҮҮ БОЮНЧА ИШ-ЧАРАЛАР ПЛАНЫН БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

2025-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышына аудит жөнүндө Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын отчетунда көрсөтүлгөн бузууларды жана кемчиликтерди четтетүү максатында, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 116-беренесинин 5-бөлүгүнө, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. 2025-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышына аудит жөнүндө Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын отчету маалыматка алынсын.

2. 2025-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышына аудит жөнүндө Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын отчетунда көрсөтүлгөн, аныкталган бузууларды жана кемчиликтерди четтетүү боюнча иш-чаралар планы тиркемеге ылайык бекитилсин.

3. Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдары:

1) 2025-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышына аудиттин жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан аныкталган бузууларды жана кемчиликтерди четтетсин;

2) 2025-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетин аткарууда бузууларга жана кемчиликтерге жол берген жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйруктарын жана сунуштамаларын аткарбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилигин карасын;

3) 2025-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышына аудиттин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйруктарын жана сунуштамаларын аткаруу боюнча ведомстволук иш-чаралар планын иштеп чыксын, бекитсин;

4) квартал сайын, отчеттук мезгилден кийинки айдын 15инен кечиктирбестен, 2025-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышына аудит жөнүндө Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын отчетунда көрсөтүлгөн, аныкталган бузууларды жана кемчиликтерди четтетүү боюнча иш-чаралар планын аткаруу боюнча көрүлгөн чаралар жөнүндө маалыматты Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына берип турсун;

5) квартал сайын, отчеттук мезгилден кийинки айдын 15инен кечиктирбестен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйруктарын жана сунуштамаларын аткаруу боюнча көрүлгөн чаралар жөнүндө маалыматты Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасына берип турсун.

4. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткаруу контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

5. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ

Бишкек ш., 2026-жылдын 6-октябры, №672

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БЮДЖЕТТИК СИСТЕМАСЫНЫН БЮДЖЕТТЕРИНИН КАССАЛЫК ПЛАНЫН ТҮЗҮҮ ЖАНА ЖҮРГҮЗҮҮ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетин аткаруу процессин оптималдаштыруу, мамлекеттик акча каражаттарын натыйжалуу пайдалануу үчүн актуалдуу кассалык планды түзүү максатында, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 108-беренесине, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бюджеттеринин кассалык планын түзүү жана жүргүзүү тартиби жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 2-октябрындагы №632 «Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин кассалык планын түзүү жана жүргүзүү тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-декабрындагы №618 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 2-октябрындагы №632 «Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин кассалык планын түзүү жана жүргүзүү тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтому;

3) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-сентябрындагы №478 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 2-октябрындагы №632 «Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин кассалык планын түзүү жана жүргүзүү тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтому.

3. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ

Бишкек ш., 2026-жылдын 6-октябры, №673

БАЖЫ ОРГАНДАРЫНЫН КЫЗМАТКЕРЛЕРИНЕ ЖАНА АЛАРДЫН ҮЙ-БҮЛӨЛӨРҮНӨ ИШТЕГЕН ЖЫЛДАРЫН ЭСЕПТӨӨ, ПЕНСИЯ ЖАНА ЖӨЛӨКПУЛ ДАЙЫНДОО ЖАНА ТӨЛӨӨ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Бажы органдарынын кызматкерлерине иштеген жылдарын эсептөө тартибин белгилөө максатында, «Кыргыз Республикасынын бажы органдарында кызмат өтөө жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 27, 50-статьяларына, «Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарында кызмат өтөө жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 32-беренесине, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Бажы органдарынын кызматкерлерине жана алардын үй-бүлөлөрүнө иштеген жылдарын эсептөө, пенсия жана жөлөкпул дайындоо жана төлөө тартиби жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Бажы органдарынын кызматкерлерине, анын ичинде кызматтан бошотулган кызматкерлерге пенсия дайындоо үчүн ушул токтом күчүнө киргенге чейин эсептелген иштеген жылдары кайра каралууга жатпайт деп белгиленсин.

3. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

– Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 1-июнундагы № 313 «Бажы органдарынын кызматкерлерине жана алардын үй-бүлөлөрүнө кызмат өтөгөн жылдарын эсептөөнүн, пенсия жана пособие чектөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө

Жобону бекитүү тууралуу» токтому;

– Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 12-июнундагы № 421 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» токтомунун 4-пункту;

– Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 21-июлундагы № 531 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтомунун 2-пункту;

– Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 1-августундагы № 524 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине толуктоолорду жана өзгөртүү киргизүү жөнүндө» токтомунун 1-пункту.

4. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы өзүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин.

5. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ

Бишкек ш., 2026-жылдын 7-октябры, №674

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2024-ЖЫЛДЫН 23-ИЮЛУНДАГЫ №411 «МАМЛЕКЕТТИК ПЕНСИЯЛЫК СОЦИАЛДЫК КАМСЫЗДАНДЫРУУ ЖААТЫНДАГЫ ЧЕНЕМДИК УКУКТУК АКТЫЛАРДЫ БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

«Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-статьясынын 2-пунктуна, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 23-июлундагы №411 «Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жаатындагы ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Пенсия дайындоо жана кайра эсептөө, пенсиянын бир түрүнөн экинчи түрүнө өтүү, ошондой эле расымдык (сөөк коюуга) жөлөкпул төлөө үчүн зарыл болгон документтердин тизмеси:

– төмөнкүдөй мазмундагы 8^1-пункт менен толукталсын:

«8^1. Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо жарандын добуш берүүгө катышкан убактысын камсыздандыруу стажына киргизүү үчүн Социалдык фонддун органдары тарабынан «Түндүк» санариптик өз ара аракеттенүү системасы (мындан ары – «Түндүк» СӨС) аркылуу шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча ыйгарым укуктуу органдын санариптик технологиялык системасынан алынган добуш берүүгө катышкандыгы жөнүндө маалыматтар берилүүгө тийиш.

Көрсөтүлгөн маалыматтарды «Түндүк» СӨС аркылуу алуу мүмкүн болбогон учурда, тиешелүү маалыматтар Социалдык фонддун органдары тарабынан түздөн-түз шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча ыйгарым укуктуу органдан суралат.»;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу боюнча пенсия дайындоо үчүн камсыздандыруу стажын ырастоонун тартиби жөнүндө жобо:

– төмөнкүдөй мазмундагы 17^1-пункт менен толукталсын:

«17^1. Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо жарандын добуш берүүгө катышкан убактысы шайлоого катышкан фактысын ырастаган маалыматтардын негизинде камсыздандыруу стажына эсептелет.».

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын
Министрлер Кабинетинин Төрагасы **А.КАСЫМАЛИЕВ**

Бишкек ш., 2026-жылдын 7-октябры, №675

АТА МЕКЕНДИК ӨНДҮРҮҮЧҮЛӨРГӨ ШАЙКЕШТИКТИ БААЛОО БОЮНЧА АККРЕДИТТЕЛГЕН ОРГАНДАРДА СЕРТИФИКАТТООДОН, КАЙРА СЕРТИФИКАТТООДОН ӨТҮҮГӨ ЖАНА ПРОДУКЦИЯГА ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК ЛАБОРАТОРИЯЛАРДА СЫНОО ЖҮРГҮЗҮҮГӨ БАЙЛАНЫШТУУ ЧЫГЫМДАРДЫН БӨЛҮГҮНҮН ОРДУН ТОЛТУРУУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Ата мекендик өндүрүүчүлөрдү шайкештикти баалоо боюнча аккредиттелген органдарда сертификаттоодон, кайра сертификаттоодон өтүүгө жана продукцияга чет өлкөлүк лабораторияларда сыноо жүргүзүүгө байланыштуу чыгымдардын бөлүгүнүн ордун толтуруу аркылуу колдоо, алардын экспорттук потенциалын өнүктүрүүгө дем берүү максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 5-июнундагы №178 «2030-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасы жөнүндө» Жарлыгына, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесине, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Ата мекендик өндүрүүчүлөргө шайкештикти баалоо боюнча аккредиттелген органдарда сертификаттоодон, кайра сертификаттоодон өтүүгө жана продукцияга чет өлкөлүк лабораторияларда сыноо жүргүзүүгө байланыштуу чыгымдардын бөлүгүнүн ордун толтуруу тартиби жөнүндө жобо 1-тиркемеге ылайык;

2) Сертификаттоо жана кайра сертификаттоо чыгымдары жарым- жартылай орду толтурулууга тийиш болгон эл аралык стандарттардын, ыктыярдуу жеке стандарттардын жана сертификаттоо схемаларынын тизмеги 2-тиркемеге ылайык;

3) Ата мекендик өндүрүүчүлөргө шайкештикти баалоо боюнча аккредиттелген органдарда сертификаттоодон, кайра сертификаттоодон өтүүгө жана продукцияга чет өлкөлүк лабораторияларда сыноо жүргүзүүгө байланыштуу чыгымдардын бөлүгүнүн ордун толтуруу берүү тууралуу арыздарды кароо боюнча комиссия жөнүндө жобо 3-тиркемеге ылайык.

2. Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу «Кыргыз Экспорт» экспортту өнүктүрүү жана илгерилетүү борбору» мамлекеттик мекемеси (мындан ары – «Кыргыз Экспорт» мамлекеттик мекемеси) ата мекендик өндүрүүчүлөргө шайкештикти баалоо боюнча аккредиттелген органдарда сертификаттоодон, кайра сертификаттоодон өтүүгө жана продукцияга чет өлкөлүк лабораторияларда сыноо жүргүзүүгө байланыштуу чыгымдардын бөлүгүнүн ордун толтурууну берүү боюнча ыйгарым укуктуу орган болуп аныкталсын.

3. «Кыргыз Экспорт» мамлекеттик мекемеси 2027-жылдын 1-январынан тартып арыздарды кабыл алууну жана ата мекендик өндүрүүчүлөргө шайкештикти баалоо боюнча аккредиттелген органдарда сертификаттоодон, кайра сертификаттоодон өтүүгө жана продукцияга чет өлкөлүк лабораторияларда сыноо жүргүзүүгө байланыштуу чыгымдардын бөлүгүнүн ордун толтурууну берүүнү жүзөгө ашырсын.

4. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги белгиленген тартипте:

1) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Финансы, бюджет, ишкердик жана атаандаштыкты өнүктүрүү боюнча комитети менен макулдашуу боюнча «Кыргыз Экспорт» мамлекеттик мекемесине ата мекендик өндүрүүчүлөргө шайкештикти баалоо боюнча аккредиттелген органдарда сертификаттоодон, кайра сертификаттоодон өтүүгө жана продукцияга чет өлкөлүк лабораторияларда сыноо жүргүзүүгө байланыштуу чыгымдардын бөлүгүнүн ордун толтурууну берүү үчүн 50 000 000 (элүү миллион) сом бөлсүн;

2) «Кыргыз Республикасынын 2026-жылга жана 2027-2028-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун иштеп чыгууда ушул токтомдон келип чыгуучу өзгөртүүлөрдү карасын.

5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

6. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын
Министрлер Кабинетинин Төрагасы **А.КАСЫМАЛИЕВ**

Бишкек ш., 2026-жылдын 8-октябры, №677

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2021-ЖЫЛДЫН 1-МАРТЫНДАГЫ №66 «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНАН МУНАЙДЫ ЖАНА МУНАЙ ПРОДУКТУЛАРЫН ТАШЫП ЧЫГУУГА УБАКТЫЛУУ ТЫЮУ САЛУУ ЖӨНҮНДӨ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

2014-жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык биримдиги жөнүндө келишимдин 47-беренесине, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 1-мартындагы №66 «Кыргыз Республикасынан мунайды жана мунай продуктуларын ташып чыгууга убактылуу тыюу салуу жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– 1-пункттун 4-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«4) 2026-жылдын 31-декабрына чейин экспортко ташып чыгарылуучу, жалпы көлөмү 9 800 (тогуз миң сегиз жүз) тоннадан ашпаган меште жагылуучу отунду жана 1 500 (бир миң беш жүз) тонна мазутту (ЕАЭБ ТЭИ ТН 2710 коду менен классификацияланууч), «Чайна Петроль Компани «Джунда» жоопкерчилиги чектелген коому тарабынан өндүрүлгөн;».

2. Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги белгиленген тартипте ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн өзгөртүү киргизилгендиги жөнүндө Дүйнөлүк соода уюмуна жана Евразия экономикалык комиссиясына ушул токтом күчүнө киргенге чейин үч күндөн кечиктирбестен кабарласын.

3. Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги белгиленген тартипте ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн өзгөртүү киргизилгендиги жөнүндө Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин Аткаруу комитетине ушул токтом күчүнө киргенге чейин үч күндөн кечиктирбестен кабарласын.

4. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

5. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып үч күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын
Министрлер Кабинетинин
Төрагасы **А.КАСЫМАЛИЕВ**

Бишкек ш., 2026-жылдын 8-октябры, №676

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2023-ЖЫЛДЫН 12-ИЮЛУНДАГЫ №357 «ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ЛОТТОРДУ ТҮЗҮҮ ЖАНА БЕРҮҮ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

«Кыргыз Республикасындагы инвестициялар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренесин ишке ашыруу максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 12-июлундагы №357 «Инвестициялык лотторду түзүү жана берүү тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

– преамбулада ««Кыргыз Республикасында инвестициялар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 11^2-беренесине» деген сөздөр ««Кыргыз Республикасындагы инвестициялар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренесине» деген сөздөргө алмаштырылсын;

– жогоруда аталган токтомдун тиркемеси ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын
Министрлер Кабинетинин Төрагасы **А.КАСЫМАЛИЕВ**

Бишкек ш., 2026-жылдын 8-октябры, №678

КОЛДОНУЛГАН АВТОМОБИЛЬ ШИНАЛАРЫН ЖАНА ПНЕВМАТИКАЛЫК ПОКРЫШКАЛАРДЫ КАЙРА ИШТЕТҮҮ ЖАНА КАЙРА ИШТЕТИЛГЕН ПРОДУКЦИЯНЫ ӨНДҮРҮҮ ҮЧҮН АДИСТЕШТИРИЛГЕН ИШКАНАГА БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Өндүрүш жана керектөө калдыктары менен иштөөнү тартипке келтирүү, аларды чогултууну жана кайра иштетүүнү камсыз кылуу максатында, «Өндүрүш жана керектөө калдыктары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-беренесинин 3-бөлүгүнө, 16-беренесинин 2-бөлүгүнө, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Мамлекеттик органдар, Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (макулдашуу боюнча):

1) мурда колдонулган автомобиль шиналарын жана пневматикалык покрышкаларды «Кумтөр Голд Компаниясы» жабык акционердик коомунун «Дөңгөлөктөрдү иштетүү боюнча заводу» филиалына (мындан ары – адистештирилген ишкана) өткөрүп берсин;

2) аймактарды көрктөндүрүү боюнча мамлекеттик жана муниципалдык программаларды жана долбоорлорду, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка иш-чараларды ишке ашырууда адистештирилген ишкана тарабынан кайра иштетилген автомобиль шиналарынан жана покрышкаларынан өндүрүлгөн продукцияны пайдаланууга көмөк көрсөтсүн.

2. Төмөнкүлөр сунушталсын:

1) мамлекеттик катышуу үлүшү бар чарбакер коомдорго, алардын туунду коомдоруна жана кен казып алуучу компанияларга мурда колдонулган автомобиль шиналарын жана пневматикалык покрышкаларды кайра иштетүү үчүн адистештирилген ишканага өткөрүп берүүнү жүзөгө ашыруу;

2) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өз компетенциясынын чегинде атайын ишкана тарабынан кийин ташып кетүү менен калк, уюмдар үчүн мурда колдонулган автомобиль шиналарын жана пневматикалык покрышкаларды чогултуу жана убактылуу сактоо жайларын уюштуруу;

3) адистештирилген ишканага мурда колдонулган, берилген автомобиль шиналарын жана пневматикалык покрышкаларды чогултууну, ташууну, сактоону, кайра иштетүүнү жана эсепке алууну Кыргыз Республикасынын өндүрүш жана керектөө калдыктары менен иштөө чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык камсыз кылуу.

3. Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу «Эко Оператор» мамлекеттик ишканасы мурда колдонулган автомобиль шиналарын жана пневматикалык покрышкаларды утилдештирүү жыйымдарынын каражаттарынын эсебинен чогултуу, ташуу, сактоо жана кайра иштетүү менен байланышкан чыгымдарды каржылоону Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте камсыз кылуу боюнча чараларды көрсүн.

4. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

5. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын
Министрлер Кабинетинин
Төрагасы **А.КАСЫМАЛИЕВ**

Бишкек ш., 2026-жылдын 8-октябры, №679

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СОТ АДИЛЕТТИГИ ИШТЕРИ БОЮНЧА КЕҢЕШИ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН СУДЬЯСЫНЫН 1 БОШ КЫЗМАТ ОРДУНА КОНКУРСТУК ТАНДОО ЖАРЫЯЛАЙТ

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясынын кызмат ордуна конкурстук тандоого катышуу үчүн арыздар жана документтер «Кыргыз Республикасынын судьялык кызмат ордуна талапкерлерди электрондук тандоо» автоматташтырылган маалыматтык тутуму (АМТ) аркылуу электрондук форматта 2026-жылдын 20-октябрынан 2-ноябрына чейин (кошуп санаганда) кабыл алынат.

Арызга тиркелүүчү документтер:

1. Кеңеш тарабынан бекитилген формага ылайык толтурулган арыз;

2. Кеңеш тарабынан бекитилген формага ылайык толтурулган, талапкердин сүрөтү тиркелген анкета;

Эскертүү: *Конкурстук тандоого катышуу жөнүндө арыз жана талапкердин анкетасы АМТ электрондук платформада толтурулат.*

3. Паспорттун көчүрмөсү;

4. «Юриспруденция» адистиги боюнча жогорку юридикалык билими тууралуу дипломдун нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү же «Юриспруденция» даярдык багыты боюнча «бакалавр» академиялык даражасынын негизинде ыйгарылган «магистр» академиялык даражасы бар жогорку билими тууралуу дипломдун нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү (тиркемеси менен);

5. Орто кесиптик жана жогорку окуу жайларын аяктагандыгы жөнүндө архивдик маалымкат;

6. эмгек китепчесинин күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү, юридикалык кесиби боюнча иш стажын тастыктаган башка документтер;

7. Конкурска катышууга чейин акыркы алты айдын ичинде берилген, талапкердин судьялык кызматка дайындалышына тоскоол болгон оорулары жок экендиги көрсөтүлгөн ден соолугунун абалы жөнүндө №086-1/у үлгүсүндөгү медициналык корутунду (оорулардын тизмеси Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат). РПН мекемесинен тактамалар. №86-1/у формасындагы медициналык документ (маалымкат)

8. талапкердин, анын жубайынын ошондой эле жакын туугандарынын 2025-жылдагы кирешелери жана чыгымдары жөнүндө декларация (Салык кызматынын кабыл алгандыгы жөнүндө мөөрү менен);

9. талапкерде жана анын жакын туугандарынын мүлкүнүн бар экендиги жөнүндө маалымат;

10. акыркы иштеген жеринен мүнөздөмө;

11. мамлекеттик тилди В1 деңгээлинен төмөн эмес билгендиги жөнүндө ыйгарым укуктуу органдын сертификатынын нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;

12. талапкердин жана анын жакын туугандарынын соттуулугу жоктугу, же талапкердин жакын туугандарынын соттуулугунун мыйзамда белгиленген тартипте жоюлгандыгы жөнүндө маалымкат.

***Эскертүү*:** *жакын туугандарга: ата-энелер, балдар, асырап алуучулар, асырап алынгандар, ага-инилер жана эже-сиңдилер кирет.*

13. Арызга талапкердин акыркы беш жылдагы кесиптик сапаттарын мүнөздөгөн башка документтер (пикирлер, квалификациясын жогорулатуу жөнүндө сертификаттар, мамлекеттик сыйлыктар жана башка сыйлыктар, сот тутумун өнүктүрүүгө багытталган иштерге катышкандыгы жөнүндө маалыматтар ж.б.) тиркелиши мүмкүн;

Тизмеде көрсөтүлгөн арыз жана документтерди тапшырууда бардык талапкерлер мамлекеттик органдардан талапкер жөнүндө маалымат алууга макулдугун беришет.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьялыгына талапкерлерге коюлуучу талаптар:

1) Кыргыз Республикасынын жараны;

2) Жашы – 40 жаштан кем эмес, 70 жаштан улуу эмес;

3) «Юриспруденция» адистиги боюнча жогорку юридикалык билими же тиешелүү багыт боюнча «бакалавр» академиялык даражасы бар, «магистр» академиялык даражасын ыйгаруу менен «Юриспруденция» даярдык багыты боюнча жогорку билими;

4) юридикалык кесип боюнча - 15 жылдан кем эмес иш стажы, анын ичинде 5 жылдан кем эмес, анын 3 жылы биринчи инстанцияда жана 2 жылы экинчи инстанцияда судьялык стажы бар;

5) Мамлекеттик жана расмий тилдерди билүү;

Конкурстук тандоого талапкерлерди киргизүү жөнүндө маселе каралганга чейин, конкурска катышууга арыз берген талапкерлер Кеңеш тарабынан мамлекеттик мекемелерден сотту ратылып алынган маалыматтар менен таанышууга укуктуу.

Эскертүү: *«Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 19-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун, Жогорку соттун судьялары Сот адилеттиги иштери боюнча кеңештин сунушуна негизделген президенттин сунуштамасы боюнча, бир жыныстагы адамдардын 70 пайыздан ашпаган гендердик өкүлчүлүгүн эске алуу менен жаш курагынын чегине жеткенге чейин Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын жарымынан кем эмес бөлүгүнүн добушу менен шайланат.*

Талапкерлер кошумча маалыматты (**0558) 58-01-57 жана (0312) 31-30-22** телефондору аркылуу, ошондой эле төмөнкү сайттан алса болот: **www.otbor.sot.kg**

СОВЕТ ПО ДЕЛАМ ПРАВОСУДИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ ОБЪЯВЛЯЕТ КОНКУРСНЫЙ ОТБОР НА ОДНУ ВАКАНТНУЮ ДОЛЖНОСТЬ СУДЬИ ВЕРХОВНОГО СУДА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

Прием заявлений и документов для участия в конкурсном отборе на должность судьи Верховного суда Кыргызской Республики осуществляется в электронном формате посредством АИС «Электронный отбор кандидатов на должность судьи Кыргызской Республики» в периоде с 20 октября по 2 ноября 2026 года включительно.

К заявлению прилагаются следующие документы:

1. Заявление, заполненное по форме, установленной Советом;

2. анкета с фотографией претендента, заполненная по форме, установленной Советом.

Примечание: *заявление об участии в конкурсном отборе и анкета кандидата заполняются на электронной платформе АИС.*

3. копия паспорта;

4. нотариально заверенная копия диплома о высшем юридическом образовании по специальности «Юриспруденция» или высшее образовании по направлению подготовки «Юриспруденция» с присвоением академической степени «магистр» при наличии академической степени «бакалавр» по соответствующему направлению (с приложением);

5. архивная справка об окончании средне-специальных и высших учебных заведений;

6. заверенные копии трудовой книжки и иных документов, подтверждающих наличие у претендента стажа работы по юридической профессии;

7. медицинское заключение о состоянии здоровья, выданное в течение шести месяцев перед участием в конкурсе, с указанием отсутствия у претендента заболеваний, препятствующих назначению на должность судьи (перечень заболеваний устанавливается Кабинетом Министров КР). Справка с учреждения РЦПиН; Форма мед. документа №86-1/у

8. декларация о доходах и расходах кандидата (с отметкой органа налоговой службы о принятии) за 2025 год;

9. информация о наличии имущества у претендента и его близких родственниках;

10. характеристика с последнего места работы;

11. нотариально заверенная копия сертификата уполномоченного органа, подтверждающего о знании государственного языка не ниже уровня В1;

12. справка об отсутствии судимости у кандидата и его близких родственников или справка о погашенной судимости близких родственников кандидата в установленном законом порядке.

Примечание: *к близким родственникам относятся родители, супруг (супруга), дети, усыновители, усыновленные, братья и сестры.*

13. К заявлению могут быть приложены иные документы (отзывы, сертификаты о повышении квалификации, сведения о государственных наградах и иных наградах, об участии в работе, направленной на развитие судебной системы и т.д.) характеризующие профессиональные качества претендента за последние пять лет;

При подаче заявления и документов согласно указанному перечню, все претенденты дают согласие претендента на получение персональных данных из государственных органов.

Требования, предъявляемые к кандидатам на должность судьи Верховного суда Кыргызской Республики:

1) Гражданство Кыргызской Республики;

2) возраст – не моложе 40 лет и не старше 70 лет;

3) высшее образование по направлению подготовки «Юриспруденция» с присвоением академической степени «магистр» при наличии академической степени «бакалавр» по соответствующему направлению;

4) стаж работы по юридической профессии не менее 15 лет, в том числе судьей - не менее 5 лет, из них 3 года в первой инстанции и 2 года во второй инстанции;

5) владеющий государственным и официальным языками;

Кандидаты до рассмотрения вопроса о допуске к конкурсному отбору вправе ознакомиться с информациями, поступившими по запросу Совета из государственных органов.

Примечание: *Согласно части 3 статьи 19 конституционного Закона "О статусе судей Кыргызской Республики" судьи Конституционного суда, Верховного суда Кыргызской Республики избираются не менее половиной голосов от общего числа депутатов Жогорку Кенеша по представлению Президента Кыргызской Республики, основанному на предложении Совета по делам правосудия, с учетом гендерного представительства не более 70 процентов лиц одного пола, до достижения предельного возраста.*

Дополнительную информацию претенденты могут получить по телефонам: (**0558) 58-01-57 и (0312) 31-30-22,** а также на сайте **www.otbor.sot.kg**

ЖОГОЛДУ
УТЕРЯ

Эргашева Дилфуза Абдыкалыковнага тиешелүү диплому сериясы УВ №170220132, каттоо номери 5012, (14.07.2017-ж.б.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Д-05

«Жер участогун мөөнөтү көрсөтүлбөгөн пайдалануу укугу жөнүндө» Мамлекеттик акты, серия №006354, идентификациялык коду 1-02-06-00150355, «Жер участогун убактылуу пайдалануу укугу жөнүндө» күбөлүк, серия №0009407 идентификациялык коду 1-02-06-0014-0483 жоголду деп табылып, жараксыз деп эсептелсин.

С/О-1122

Камбаров Толкунжан Метиновичке тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мамлекеттик актысы серия Ч №875895 (30.12.2020-ж.б.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

П/П-950

Бубаева Телегейге тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мамлекеттик актысы Ч №1201156, иден. коду: №5-06-17-1003-0028.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

КИКБ

Шаршеева Акылыймага тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мамлекеттик актысы серия Ч №1236957 (04.09.2023-ж.б.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

КИКБ

Касымбеков Жургонбек Калиевичке тиешелүү жер үлүшүнөн пайдалануга укук берүүчү күбөлүгү сериясы ИК АС №206278, (06.09. 2009-ж.б.), иден. коду 2-01-17-0001-0212 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

КИКБ

В связи с утерей гос. акта о праве бессрочного пользования земельным участком серии Б №045395 (от 21.09.2023 г.) выданного ГУ Кадастр учреждению "Мэрия города Каракол" считать недействительным.

КИКБ

Сасиев Асылбек Асековичке тиешелүү жер үлүшүнөн пайдалануга укук берүүчү күбөлүгү сериясы Б №2496, №0108203 (12.10.2018-ж.б.), иден. коду 2-02-03-0005-0065 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

КИКБ

В связи с утерей гос. акты о праве частной собственности на земельные участки серии Ч №450755 (от 22.04.2013 г.), код ЕНИ 2030300030668, Ч №466330 (от 30.07.2013 г.), код ЕНИ 2030300030693, Ч №466331 (от 04.06.2015 г.), код ЕНИ 2030300030694, Ч №450753 (от 22.04.2013 г.), код ЕНИ 2030300030670, Ч №450748 (от 22.04.2013 г.), код ЕНИ 2030300030675, Ч №450744 (от 22.04.2013 г.), код ЕНИ 2030300030679, Ч №450846 (от 08.05.2013 г.), код ЕНИ 2030300030705, Ч №450848 (от 08.05.2013 г.) код ЕНИ 2030300030706, Ч №450847 (от 08.05.2013 г.), код ЕНИ 2030300030718, Ч №450851 (от 08.05.2013 г.) код ЕНИ 2030300030719, Ч №466350 (от 27.08.2013 г.), код ЕНИ 2030300030729, Ч №466139 (от 25.06.2013 г.), код ЕНИ 2030300030731, Ч №466310 (от 21.08.2013 г.), код ЕНИ 2030300030777, Ч №357686 (от 18.11.2011 г.), код ЕНИ 2030300030689 на имя ОБФ "Ихсан Хайрия" считать недействительными.

КИКБ

Орозбаков Асылбек Мурзаевичке тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мамлекеттик актысы серия Ч №1312864 (28.08.2024-ж.б.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

КИКБ

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

Филиал ОАО «Электрические станции» - «Каскад Таш-Кумырских ГЭС»

объявляет о проведении открытого аукциона по реализации списанной бывшей в употреблении оргтехники.

Место проведения аукциона: г. Таш-Кумыр, Каскад Таш-Кумырских ГЭС, здание управления, 2 этаж, актовый зал.

Место нахождение товара: Каскад Таш-Кумырских ГЭС, г. Таш-Кумыр, ул. ПСГЭС б/н, здание управления

Условие поставки: самовывоз.

Дата и время проведения аукциона: 10 ноября 2026 г. 10.00 часов.

Срок окончательно приема заявок: 4 ноября 2026 г. 15.00 часов.

Сбор за участие в аукционе: 1000 (одна тысяча) сомов.

Участник аукциона вносит гарантийный взнос – 10% от стартовой цены лота.

Наименование лотов:

Лот №1 - «Принтер МФУ - MF4010» (в количестве 1 шт), стартовая цена- 40,00 сомов без учета НДС и НсП.

Лот №2- «Принтер МФУ - MF4010» (в количестве 1 шт), стартовая цена- 40,00 сомов без учета НДС и НсП.

Лот №3- «Принтер МФУ - MF4010» (в количестве 1 шт), стартовая цена- 40,00 сомов без учета НДС и НсП.

Лот №4- «Принтер МФУ - MF4010» (в количестве 1 шт), стартовая цена- 40,00 сомов без учета НДС и НсП.

Лот №5- «Принтер МФУ - MF4010» (в количестве 1 шт), стартовая цена- 40,00 сомов без учета НДС и НсП.

Лот №6- «Принтер МФУ - MF4010» (в количестве 1 шт), стартовая цена- 40,00 сомов без учета НДС и НсП.

Лот №7- «Принтер МФУ - MF4010» (в количестве 1 шт), стартовая цена- 40,00 сомов без учета НДС и НсП.

Лот №8- «Принтер МФУ - MF4010» (в количестве 1 шт), стартовая цена- 40,00 сомов без учета НДС и НсП.

Лот №9- «Принтер МФУ - MF4430» (в количестве 1 шт), стартовая цена- 40,00 сомов без учета НДС и НсП.

Лот №10- «Принтер МФУ - MF4430» (в количестве 1 шт), стартовая цена- 40,00 сомов без учета НДС и НсП.

Лот №11- «Принтер МФУ - MF4430» (в количестве 1 шт), стартовая цена- 40,00 сомов без учета НДС и НсП.

Лот №12- «Принтер МФУ - MF4430» (в количестве 1 шт), стартовая цена- 40,00 сомов без учета НДС и НсП.

